# ТАРЫХТАН АҢГЕМЕЛЕР

***Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китеби***

***Экинчи басылышы***

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген*

***Cho'lpon атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү***
***Ташкент — 2015***

УЎК: 372.893=512.154(075)
КБК 63.3(5Кир)я72
Ж 88

**Авторлор:**
**У. Жораев, К. Усманов, А. Нуркулов, Г. Жораева**

*Окуу китебинин методикалык курулмасы* ***Г. Жораева*** *тарабынан иштелген.*

**Жооптуу редактор:**
***Ө. Мавлонов*** *– Авланий атындагы ЭБККДКАИ «Руханият негиздери» кафедрасынын мүдүрү, тарых илимдеринин доктору.*

**Рецензенттер:**
***А. Хазраткулов*** *– тарых илимдеринин доктору;*
***Ш. Эргашев*** *– тарых илимдеринин кандидаты;*
***А. Хидиров*** *– Өзбекстан Улуттук университети тарых кафедрасынын ага окутуучусу.*

**Шарттуу белгилер**

***Өзүңдү сына.***

***Текстти окуп, түшүнүп үйрөн.***

***Текстте кезиге турган тарыхый инсандар, жайлар жана терминдерди билип ал.***

***Тема боюнча алган билимиңди өзүң сынап көрүүң үчүн суроолор.***

**«Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды».**

**© У. Жораев жана б., 2015**
**© Cho'lpon атындагы БПЧҮ, 2015**

ISBN 978-9943-05-742-5



## КИРИШҮҮ: ТАРЫХЫЙ ЭСТУТУМСУЗ КЕЛЕЧЕК ЖОК

**Мекендин мүнөздөмөсү:** Мекен! Бул сөздүн түпкү тамырында аалам-аалам маани бар. Мекен – ардактуу, ыйык жана баалуу журт болуп эсептелет.

**Эсте тут**

«Мекен» сөзү Ата журт, туулган жер деген маанилерди билдирет.

Мекен – бул, сен туулган жай. Киндик каның төгүлгөн топурак. Мекен — бул, алтын бешик болуп саналат. Ата-энең, туугандарың жана досторуң менен бирге жашай турган жерге. Бабаларыңдын издери калган жер. Ата-бабаларыңдын журту, жүрөктөгү каухар.

Мекен – сенин жашап жаткан шаарың же кадырман айылың болуп саналат. Инсандын дили, үмүт-тилектери, шаттыгы жана

келечеги Ата Мекени менен тыгыз байланыштуу. Ыйык «Мекен» сөзү кадырман «эне» сөзү менен катарлаш турат. Анткени, Мекен да эне сыяктуу жалгыз болот.

Сен кинофильмдерде түрдүү себептерден улам узак мөөнөт чет элдерде болуп, өз Мекенине кайткан адамдардын самолёттон же поездден түшүп, жерге чөгөлөп, Мекенинин топурагын өпкөнүн же көзүнө сүрткөнүн көргөнсүң. Бул көрүнүш Мекенге болгон сүйүүнүн, анын сыйынуучу жайдай ыйык экендигинин белгиси.

**Өзбекстан – биздин Мекенибиз.** Өзбекстан өтмүштө Туран, Маварауннахр жана Түркстан деген аталыштар менен аталган. Миң жылдар бою мекенибиз аймагында түрдүү дин жана маданияттарга ээ болгон адамдар ынтымакта жашап келишкен. Журтубуз өзүнүн кооз табияты, өнүмдүү топурагы, түгөнгүс байлыктары менен дайыма өзгө журттардын көңүлүн тартып келген.

*O'xshashi yo'q bu go'zal bo'ston,*
*Dostonlarda bitgan guliston.*
*O'zbekiston deya atalur,*
*Uni sevib el tilga olur.*
*(Х. Алымжан)*

Жадагалса Мекенибизди басып алгандар да элибиз жараткан бай маданиятка тан беришкен. Дал ушул журтта көп кылымдар бою дүйнөлүк маданияттар бири-бирин байытышкан. Мекенибиз дээрлик үч миң жылдык тарыхка ээ. Бул доорлордо журтубуздан дүйнө илиминин өнүгүсүнө чоң салым кошкон улуу окумуштуулар, ойчулдар жетишип чыккан.

Ал эми силер Мекенибиз Өзбекстандын келечегисиңер Өзбекстан дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттеринен бири болууга умтулууда. Бул улуу максаттын ишке ашуусунда Мекенибиз сенин баары суктана тургандай болуп өсүп-улгаюуңа ишеним менен карайт.

**Тарыхый эстутумсуз келечек жок.** Дүйнөдөгү баскынчы күчтөр кайсы бир элди өзүнө багынтмакчы болсо, оболу анын улуу байлыгы

болгон улуттук баалуулуктары, тарыхы жана руханиятынан ажыратууга умтулат. Журтбашчыбыз Ислам Каримов өзүнүн «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинде: «Өз тарыхын билбей турган, кечеки күнүн унуткан улуттун келечеги жок» деп бекеринен айтпаган. Президентибиз Ислам Каримов тарабынан айтылган бул накыл сөз сени Мекенибиздин тарыхын мыкты өздөштүрүүгө чакырат.

Мекенибиздин өтмүшү улуу болгон. Анын келечеги да улуу. Бул улуулук эмнелерден тургандыгын жана келечектеги улуулук жолунда кандай жаратуучулук иштери жасалып жатканын тарых предметин баскычма-баскыч үйрөнүү аркылуу билип аласың.

**«Тарыхтан аңгемелер» окуу китеби менен иштөө.** Колундагы китеп сени тарыхтын сырлуу ааламына саякатка жетелейт. Сен темаларды үйрөнүүдөн мурда анын темасын кунт коюп оку.

*«Эсте тут»* деп туура төрт бурчтуктун ичинде бөлүп жазылгандарды эсте тутууга аракеттен.

*«Муну кунт коюп оку»* тапшырмасы сени туура төрт бурчтуктун ичиндеги текстти кунт коюп окууга үндөйт. Окуп чыккандан соң анын мазмуну жөнүндө ой жүгүрт.

Окуу китебиндеги *«Өзүңдү сынап көр»* тапшырмасы сенин сабакта алган билимдериңди бышыктоого кызмат кылат.

Өз алдынча иш – сенин тарыхтан алып жаткан билимиңдин күзгүсү экендигин унутпа.

*«Терминдердин мазмунун билип ал»* тапшырмасы бекерге киргизилбегендигин өзүнчө баса белгилемекчибиз. Терминдерди өз ордунда колдонуу үчүн алардын маанисин билип алууң керек болот. Сенин милдетиң терминдин аталышын жана мазмунун жакшылап билип алуу болуп саналат.

Окуу китебинин *«Суроо жана тапшырмалар»* бөлүгү сага келерки сабакка даярданууңа жардам берет.

Окуу китебин абайлап тут. Анткени сенден кийин бул китептен инилериң пайдаланышат. Бул сенин окуучулук бурчтарыңдан бири экендигин дайыма эсиңде сакта.

### Суроо жана тапшырмалар

*1. «Мекен» түшүнүгүнө мүнөздөмө бер. Окуу китебиңде берилген мүнөздөмөгө дагы кандай кошумча кылат элең?*
*2. «Тарыхый эстутумсуз келечек жок» деген накыл сөздүн маңызы жөнүндө эмне айта аласың?*
*3. Мекен жөнүндө кандай ырларды билесиң?*
*4. Мектеп китепканасынан Мекенибизди дүйнөгө тааныткан улуу инсандар, мекенчил каармандар жөнүндөгү китептерди оку жана айтып бер.*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

Үйдө ата-энеңден испан жазуучусу Мигель де Сервантестин төмөнкү сөздөрүнүн мазмунун түшүндүрүп берүүсүн сура: «Тарых – ишмердүүлүгүбүздүн казынасы, өтмүшүбүздүн күбөсү, бүгүнкү күн үчүн үлгү жана кеңеш, ал эми келечек үчүн болсо эскертүү болуп саналат».




## 1-§. ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАР

**Тарых илими жөнүндө.** Тарых өтмүш жөнүндөгү илим.

> **Эсте тут!**
>
> «Тарых» (tarix) арабча сөз болуп «өтмүш», «өткөн окуялар жөнүндөгү аңгеме» деген маанини билдирет.

Тарых адамдардын эң байыркы замандардан бүгүнкү күнгө чейин басып өткөн жашоо жолу, бүгүнкү турмушту кандай кургандыгы жөнүндө маалымат берет. Тарыхты үйрөнүү аркылуу ата-бабаларыбыздын алыскы жана жакынкы өтмүштө эмне менен алек болгондуктарын, кандай жашагандыктарын жана кандай тарыхый окуялар болуп өткөндүгүн билип аласың.

**Тарыхый булак.** Тарых илими тарыхый булактардын негизинде жаратылат. Анда тарыхый булактын өзү эмне?

> **Кунт коюп оку!**
>
> Тарыхый булак тарыхтан маалымат берүүчү бардык тарыхый нерселер жана жазып калтырылган ар түрдүү документтер жана китептер.

Булактаануучу окумуштуулар аларды кунт коюп үйрөнүшөт жана тарых илими үчүн зарыл маалыматтарды топтошот. Тарыхый булактар, өз кезегинде, материалдык жана жазма булактарга бөлүнөт.

**Материалдык булактар.** Байыркы адамдардын сөөк калдыктары, алар жашаган жер, турак жайлар, о.э. чеп жана шаарлардын,



Эмгек куралы.



Дубалга тартылган сүрөт.



Ташка айланган из.



Кат жазылган карапа.




Сүрөттөрдүн миххаттуу белгилерге айланышы.

сугат курулмаларынын, үй-орозгер жана зер буюмдардын калдыктары, тыйындар, гербдер, мөөрлөр жана эмгек куралдары материалдык булактарды түзөт. Аларды археологдор чогултушат. Алар өтмүштө адамдар жашаган деп болжолдонгон жерлерде казуу иштерин алып барышат. Ушул жол менен материалдык булактарды түзүүчү түрдүү буюм-предметтерди табышат. Алардын жаратылган доорун жана жашын аныкташат.

**Жазма булактар** тарыхый булактардын маанилүү жана негизги түрү болуп саналат. Мындан дээрлик беш миң жыл мурда айрым элдер жазуу үчүн өзүнчө белгилерди жаратышкан. Аскаларга жана катуу буюмдарга чегип түшүрүлгөн жазуулар, жаныбардын териси, дарактын кабыгы, кийинчерээк кагазга жазылган жазуулар, түрдүү мезгилдерде жазылган кол жазмалар, китептер, о.э. архивдерде сакталып жаткан тарыхый документтер жазма булактар болуп эсептелет.

Өзбекстандын тарыхына таандык эң байыркы жазма булак «Авесто» китеби болуп эсептелет. Анда байыркы тарыхыбызга таандык өтө баалуу маалыматтар бар. Байыркы Харезм, жана согд, бактрия жана түркий жазууларда жазылган жазма булактар да Мекенибиздин тарыхын үйрөнүүдө чоң мааниге ээ. Ошондой эле, байыркы Иран өкүмдарларынын жазуулары, байыркы Греция, Рим жана Кытай окумуштууларынын чыгармаларында да Мекенибиз тарыхына таандык баалуу маалыматтар жазып калтырылган.

**Өзүңдү сынап көр**

- Материалдык булак – бул ... .
- Жазма булак – бул ... .

**Терминдердин мазмунун билип ал!**

**Архив** – эски документтер, жазма эстеликтер сактала турган жер.[1]

**Документ (тарыхый булак)** – тарыхый окуя жана кубулуштар жөнүндө күбөлүк берүүчү, архивдерде сакталып жаткан жазуу түрүндө катталган булактар (жазуулар), сүрөттөр.[2]

**Суроо жана тапшырмалар**

*1. Тарых илими жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
*2. Тарыхый булактар деген эмне жана алар тарых илими үчүн кандай мааниге ээ?*
*3. Материалдык жана жазма булактарды салыштыр. Окшош жана айырмалуу жактарын аныкта.*
*4. Мекенибиздин байыркы тарыхы жөнүндө жазып калтырылган жазма булактар жөнүндө айтып бер.*

## 2-§. КАЛЕНДАРЛАР ТАРЫХЫНАН

**Календарь тарыхы.** «Календарь» латынча сөз. Кыргызча «карыз дептери», «ар айдын биринчи күнү» деген маанилерди билдирет. Турмушубузда болсо календарь убакыттын күндөргө, апталарга, айларга жана жылдарга бөлүп эсептелиши болуп саналат. Календарда жыл, ай жана күндөрдүн аттары жазып коюлган болот.

**Кунт коюп оку!**

Жыл – Жердин Күндүн айланасында бир жолу айланып чыгуусу үчүн кете турган убакыттын чен бирдиги. Бир жыл 365 күнгө, ар төрт жылда болсо бир жолу 366 күнгө тең болот.

Азыр дүйнөнүн көп мамлекеттеринде, о.э. Өзбекстанда да пайдаланылып жаткан календарь «Григорий календары» деп аталат.

**Календардын мекени.** Алгачкы календарь байыркы Египетте түзүлгөн. Египеттиктер өздөрү үчүн өлүм-өмүр маселеси болгон Нил дарыясы суусунун качан ташкындоосун күзөтүшкөн.

[1] Өзбек тилинин түшүндүрмө сөздүгү: (мындан ары ӨТТС). – Т.: «ӨзУЭ». 2007. 1-том. 102-бет.

[2] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2004. 5-том. 556-бет.

Египеттиктер Нил дарыясынын ташкынына чейин каналдарды тазалап, тогоондорду ондоп коюулары керек эле. Күндөлүк байкоо дарыянын келерки ташкынына чейин арадан 365 күн өтүшүн көрсөткөн. Ошондуктан Египеттиктер 365 күндү 30 күндүк кылып, 12 айга бөлүшкөн. Калган беш күндү майрам күндөрү катары жылдын аягына кошумча катары жайгаштырышкан. Мына ушундай түрдө алгачкы календарь пайда болгон. Бирок, египеттиктер жыл эсебинде 6 саатка адашышкан болчу. Бул 6 сааттык айырма ар 4 жылда бир суткалык каталыкты келтирип чыгарган.



**Юлий Цезарь.**

**Юлий календары.** Байыркы Рим мамлекетинин өкүмдары Юлий Цезарь биздин заманга чейинки (б.з.ч.) 46-жылда жаңы календарды жарыялады жана жылдын башын 1-январга көчүрдү. Жаңы календарь Юлий календары деп аталды.[1] Египеттиктердин календарында ар 4 жылда топтолуп кала турган бир күндү жоготуу үчүн февраль айы төрт жылда бир жолу 29 күн боло тургандай кылып белгиленген. Февраль айы 29 күндүк боло турган жылда бир жыл 366 күндү түзгөн. Бирок Юлий календары боюнча алып барыла турган жыл эсебинде да каталык бар болчу. Бул каталык себеп дүйнөдө жыл эсеби ар 400 жылда 3 күнгө артта кала баштаган. Календардагы бул каталык биздин замандын 1582-жылына келип 10 күндү түзгөн. Натыйжада 1583-жылда жазгы күн теңелүүнүн 21-мартка эмес, 11-мартка тура келип калуу коркунучу пайда болгон.




**Григориан календары.**

**Григориан календары.** Бул каталыкты жоюу максатында Рим папасы Григорий XIII башчылыгында жаңы календарь жарыялан-

[1] *К. Ражабов* жана б. Jahon tarixining muhim sanalari (мындан ары: ДТМК). – Т.: «Sharq» БПАК. 2011. 85-бет.

ган. Ал Григориан календары деп аталган. Бул календарды жарыялагандардын сунушу менен 1582-жылдын 4-октябрь күнү аягына чыккандан соң дароо 15-октябрга өтүлдү, б.а. ортодогу 10 күн таштап жиберилди.[1] Юлий календары боюнча жыл эсебинде келип чыккан 10 күндүк айырма ушул жол менен жоюлду. Жазгы тең күндүк дагы 21-мартка туура келе турган болду.

Мурдагы каталык дагы кайталанбастыгы үчүн февраль айынын ар 400 жылда 100 жолунун ордуна 97 жолу 29 күн, ар 400 жылда 300 жолу эмес, 303 жолу 28 күн болуп келиши белгилеп коюлду.

**Өзүңдү сынап көр**

- Календарь – бул, ... .
- Египет календарындагы каталык ... күндү түзгөн.
- Юлий календарындагы каталык ... күндү түзгөн.
- Григориан календары ... жылда кабыл алынган.

**Терминдердин мазмунун билип ал!**

**Күн теңелүүсү** – күндүз да, түн да 12 саатка тең боло турган күн.

**Суроо жана тапшырмалар**

1. *Календарь жана анын мааниси жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
2. *Эмне үчүн бир жыл 365 же 366 күндөн тураарын чечмелеп бер.*
3. *Байыркы египеттиктер календарды кандай жаратышкан болчу жана бул календардагы каталык эмне болгон?*
4. *Юлий календарын египеттиктердин календары менен салыштыр.*
5. *Григорий календарынын жарыяланышына эмне себеп болгон жана анда Юлий календарындагы каталык кандайча жоюлган?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ


**Календарларды салыштыр жана жадыбалды толтур**

| Календарлар | Календарда жыл эсебинде жол коюлган каталар | Каталарды түзөтүү үчүн эмнелер кылынды? |
|---|---|---|
| Египеттиктердин календары | | |
| Юлий календары | | |
| Григориан календары | | |

[1] *К. Ражабов* жана б. ДТМК – Т.: «Sharq» БПАК. 2011. 197-бет.

## 3-§. ТАРЫХТА ЖЫЛ ЭСЕБИ

**Биринчи жыл (Milod) жана «биздин заман» түшүнүктөрү**. Азыр дүйнөдөгү мамлекеттердин көпчүлүгүндө, о.э. Өзбекстанда да азыркы Биринчи жыл эсеби колдонулат. Сен менен биз жашап жаткан жыл да ушул жыл болуп саналат жана ага Иса пайгамбар туулган жыл негиз кылып алынган.




**Жыл эсеби.**

> **Эсте тут!**
>
> «Milod» (арабча сөз, «төрөлүү» деген маанини билдирет) – азыркы жыл эсебибиздин башы. Тарых китептеринде жыл эсебинде «эра» сөзү да иштетилет. «Эра» – сөзү «башталгыч цифра, б.а. жыл эсебинин башы деген маанини билдирет.[1]

Биринчи жыл эсебинде 1-январь жыл башы деп белгиленген. Ал азыркы жылыбыз башталган биринчи күн. Тарых китептеринде, Иса пайгамбар туулганга чейин болуп өткөн окуяларга карата «биздин заманга чейинки» (кыскача: б.з.ч.) сөзү кошуп жазылат (Мисалы, б.з.ч. IV–III кылымдарда латын алфавити жаратылган).

**Биздин заманга чейинки жыл эсеби.** Биздин заманга чейин түрдүү элдер жыл эсебин түрдүүчө алып барышкан. Мисалы, баштап жыл эсебин эгиндердин түшүмүн жыйнап алуу башталган күндөн башташкан жана аны жылдын биринчи күнү деп белгилеп коюшкан. Байыркы гректерде болсо жыл эсеби биринчи Олимпиада спорт оюндары өткөрүлгөн жылдан башталган. Ал эми Римдиктер болсо Рим шаарына негиз салынган жылдан башташкан. Сен

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 5-том. 45-бет.

тарыхты үйрөнүүдө дагы бир жагдайды эсинде тут. Тарых илиминде тарыхый окуя жана кубулуштар болуп өткөн кылым Рим цифрасында жазылат.

Мисалы, I (1), II (2), III (3), IV (4), V (5), VI (6), VII (7), VIII (8), IX (9), X (10), XI (11), XII (12), XIII (13), XIV (14), XV (15), XVI (16), XVII (17), XVIII (18), XIX (19), XX (20) кылым. XXI (21) кылым 2001-жылдын 1-январь күнүнөн башталган.

| | |
|---|---|
| I=1 | XV=15 |
| II=2 | XVII=17 |
| III=3 | XX=20 |
| IV=4 | XXV=25 |
| V=5 | XXX=30 |
| VI=6 | XL=40 |
| VII=7 | L=50 |
| VIII=8 | C=100 |
| IX=9 | D=500 |
| X=10 | M=1000 |

**Рим цифралары.**

**Өзүңдү сына**

- Биздин заман (эра) – бул, ... .
- Биринчи жыл (Milod) – бул ... .
- Биздин заманга чейинки – ... .

Журтубузда ата-бабаларыбыз согдий, харезмий, мүчөл жана хижрий сыяктуу жыл эсептеринен пайдаланышкан.

**Хижрий жыл эсеби.** Дүйнөнүн бир топ мамлекеттеринде хижрий жыл эсеби да колдонулат. Ал Аравияда жаратылган. Бул жыл эсебине пайгамбарыбыз Мухаммад (с.а.в.)дын биздин замандын 622-жылынын 16-июлунда Мекке шаарынан Медина шаарына хижрат кылган, б.а. көчкөн убакты негиз кылып алынган. Бул датадан хижрий биринчи жыл башталат.

Өзбекстан Республикасында хижрий жыл эсебинен диний иш-чаралар жана майрам күндөрүн белгилөөдө пайдаланылат.

**Хронология түшүнүгү.** Тарыхта болуп өткөн окуя жана кубулуштардын болуп өткөн датасын аныктоо өтө маанилүү. Ансыз толук тарых предметин жаратып болбойт. Тарыхта болуп өткөн окуя жана кубулуштардын датасын аныктоодо тарыхчы окумуштуулар хронология предметине кайрылат.

**Эсте тут!**

«Хронология» сөзү грекче «xronos» – убакыт жана «logos» – илим сөздөрүнүн бирикмесинен турган болуп, тарыхый окуя жана кубулуштар болгон убакытты аныктоочу илим болуп эсептелет.

Хронология илими милдетине карай тарых предметине жардамчы илим болуп эсептелет. Анын жардамында окумуштуулар кайсы тарыхый окуя жана кубулуш качан болгондугун аныкташат, алардын тизмесин түзүшөт.

### Терминдин мазмунун билип ал!

**Пайгамбар (кабар берүүчү)** – кудайдын сөздөрүн, көрсөтмөлөрүн пенделерине (адамдарга) жеткирүүчү өкүл, элчи.[1]

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Биринчи жыл жана эра түшүнүктөрүнүн мазмунуна түшүндүрмө бер.*
2. *«Биздин заманга чейинки» дегени эмнени билдирет?*
3. *Байыркы мезгилдерде жыл эсеби кандай алып барылгандыгы жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
4. *Азыркы жана хижрий жыл эсептерине кандай окуялар негиз кылып алынгандыгын салыштыр, алардын окшош жана айырмалуу жактарын аныкта.*
5. *Хронология деген эмне жана ал тарых илими үчүн кандай мааниге ээ?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

Мектебиндин 1-классына келген жылыңдан азыркы жылга чейин өткөн аралык жылдар хронологиясын түз.

Ага өзүңдүн жана мектебиңдин турмушунда болуп өткөн маанилүү өзгөрүү жана окуяларды чагылдырууну унутпа.

## КОШУМЧА МААЛЫМАТТАР

**Мүчөл жыл эсеби.** Мүчөл жыл эсеби «касиеттүү» жана «ыйык» деп эсептелген 12 жаныбардын аты (чычкан, уй, жолборс, коён, балык, жылан, жылкы, кой, маймыл, тоок, ит, доңуз) менен аталган 12 жылдык мезгилдүү жыл эсеби болуп саналат.

Бул жараяндар адамдардын турмушунда өзгөчө орун туткан. Ата-бабаларыбыз бул жыл эсебинен өз жаштарын аныктоодо да пайдаланышкан.

Мындан 2300 жылча мурда колдонула баштаган мүчөл жыл эсебинин негизинде адамдардын туулган жылдарын жаныбарлардын аты менен атоо жана алардын ар 12 жылдык жашын бир мүчөл жашы деп эсептөө белгиленген. Сен да мүчөл жашыңды белгилейсиң.

Мүчөл жыл эсеби боюнча жаңы жыл жазгы күн теңелүүдөн башталган.

---

[1] ӨзУЭ. – Т.: «ӨзУЭ». 2003. 6-том. 646-бет.

## 4-§. ДҮЙНӨ КАРТАСЫНЫН ТАРЫХЫ

**Алгачкы карталар.** Картасыз окуп үйрөнүү өтө кыйын боло турган предметтер да бар. Тарых жана география сабактары мына ушундай предметтерден болуп эсептелет.

**Эсте тут!**

Карта Жер бети, асман телолору же асман күмбөзүнүн кагазга кичирейтилип түшүрүлгөн сүрөттөлүшү.

Түрдүү элдердин ортосунда соода мамилелеринин өсүүсү, согуштук жүрүштөр жана алыс өлкөлөргө уюштурулушу керек болгон саякаттар карталардын жаратылышына себеп болгон. Б.з.ч. III кылымда байыркы грек окумуштуусу Эратосфен Жердин меридианынын узундугун эсептеп чыккан жана жер жүзүнүн картасын түзгөн.[1]

Бул картада Түштүк Европа, Түндүк Африка жана Батыш Азия сүрөттөлгөн. Байыркы грек окумуштуусу Птолемей, улуу бабаларыбыз Мухаммад ал-Харезмий, Абу Райхан Беруний жана Махмуд Кашгарийлер да өз доорлору үчүн маанилүү карталарды жаратышкан болчу.

**Глобустун жаратылышы.** Глобус – жер шаарынын кичине масштабдагы шар сымал нускасы болуп саналат. Тарых жана география предметтерин үйрөнүүдө глобус да өзгөчө мааниге ээ.

**Эсте тут!**

Глобус – латынча сөз болуп, бизче «шар» деген маанини билдирет.




**Глобус.**

Глобуста жердин бети өтө кичирейтилген абалда сүрөттөлөт. Улуу бабабыз Абу Райхан Беруний өз доору үчүн кыйла түгөл глобусту жаратууга жетишкен.

XV кылымда Самаркандда – Мырза Улукбек обсерваториясында андан да жак-

[1] ӨзУЭ. – Т.: «ӨзУЭ». 2005. 10-том. 240-бет.




**Птолемейдин картасы.**




**Абу Райхан Берунийдин картасы.**

шыраак глобус жаратылды. Өкүнүчтүүсү, бул глобус Улукбектин өлүмүнөн соң жок кылып жиберилген. XV кылымдын аягында болсо немец географы жана саякатчысы Мартин Бехайм «Жер алмасы» деп аталган глобусту жараткан. Бул глобус өзүндө Америка материгинин ачылышы алдындагы Жер жүзүн чагылдырган.


**Өзүңдү сынап көр**

- Карта – бул, ... .
- Дүйнөдө биринчи түгөл глобусту ... жараткан.

**Заманбап карталар.** Азыркы тарых жана география сабактарында заманбап карталардан пайдаланылат. Бул карталардын заманбап деп аталышына себеп – алар карта жаратуу үчүн зарыл болгон бардык талаптардын негизинде жаратылгандыгында болуп саналат. Ошондой эле, алар ар тараптуу түгөл карталар болуп


эсептелет. Тарых сабактарында негизинен «Дүйнөнүн саясий картасы»нан, тематикалык карталардан (тигил же бул тарыхый кубулушту чагылдыруучу карталар; ал же бул мамлекеттин түрдүү кылымдарга таандык жайгашуусу, дүйнөнүн белгилүү бир тарыхый доордогу саясий абалын чагылдыруучу карталар), ошондой эле, «Өзбекстан Республикасынын саясий-административдик картасы»нан пайдаланылат. Саясий карта – дүйнөдөгү мамлекеттердин материктердеги бүгүнкү жайгашуу абалын чагылдыруучу карта болуп эсептелет. Саясий картада мамлекеттердин аты, чек аралары жана мамлекеттин борбору көрсөтүлгөн болот.

«Саясий-административдик карта» дейилгенде болсо, мамлекеттин кандай курамдык бөлүктөргө (облустар, райондор жана алардын борборлору) бөлүнгөндүгүн чагылдырган карталар түшүнүлөт. Мисалы, Өзбекстан Республикасынын саясий-административдик картасында Каракалпакстан Республикасы жана 12 облус, алардын борборлору, ошондой эле райондордун борборлору ча-




**Азыркы дүйнөнүн картадагы сүрөттөлүшү.**

гылдырылган. Ошондой эле мамлекетибиздин чек арасы белгилеп коюлган.




**Өзбекстан Республикасы аймагынын картадагы сүрөттөлүшү.**

### Терминдердин мазмунун билип ал!

**Обсерватория** – атайын аспаптар жардамында асман телолорун күзөтүү менен алектенүүчү илимий мекеме.[1]

### Суроо жана тапшырмалар

*1. Карта деген эмне жана ал тарыхты үйрөнүүдө кандай мааниге ээ?*
*2. Алгачкы карталар каерлерде, кимдер тарабынан жаратылган?*
*3. Глобус деген эмне жана ал эмне үчүн керек?*
*4. Кандай карталар заманбап карталар дейилет? Мисал келтир.*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

Географиядан алып жаткан билимиңе таянып, жашаган үй-жайыңдын картасын сыз. Мында география мугалиминден кеңеш сураганды унутпа.

---

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2003. 3-том. 351-бет.



# II бөлүм. ЭҢ БАЙЫРКЫ ДООРЛОРДО ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИ

## 5-§. ЭҢ БАЙЫРКЫ АДАМДАР ЖАНА АЛАРДЫН ТУРАКТАРЫ

**Африкадагы байыркы турактар.** Адамзат бүгүнкү көрүнүшүнө, акыл-эс жана өнүгүү даражасына дароо эле жетишкен эмес. Бул бир нече миллион жылдык өнүгүүнүн натыйжасы. Археологдор адамзаттын эң байыркы ата-бабаларынын сөөк калдыктарын алгач Түштүк жана Чыгыш Африкадан табышкан. Ал эми антропологдор адамдардын сөөк калдыктарынан алардын сырткы көрүнүшүн кайра калыбына келтиришкен. Бул адамдар жашаган турактардан эң жөнөкөй эмгек куралдарынын калдыктары да табылган. Окумуштуулар жөнөкөй болсо да алгачкы эмгек куралын жасай алган адамзаттын бабаларын «ишмер (жөндөмү бар) адам» (homo sapiens) деп аташкан. Ал алгачкы эмгек куралын таш (чакмакташ) тан жасаган. Ошондуктан, адамзат тарыхынын башы таш кылымы (таш доору) деп аталат. Адамзат тарыхында таш кылымы өтө узакка созулган.

**Азиядагы байыркы турактар** Индонезия жана Кытай аймактарынан табылган. Окумуштуулар сөөк калдыктары Индонезия аймагынан табылган адамзаттын бабасына питекантроп (же Ява адамы), Кытайдан табылганын синантроп (Кытай адамы) деп аташкан. Алар бири-биринен сырткы көрүнүшү, эмгек куралдары, алардын сапаты жана эмгектенүү тажрыйбалары менен айырмаланышкан. Синантроптор табигый жалындан пайдаланууну билишкен. Алар буга чагылган себеп токойдо чыккан өрттөн пайда болгон жалынды сактап калуу менен жетишишкен. Бул адамзат жетишкен эң чоң ийгиликтерден бири болгон. Журтубузда синантропко замандаш адамдын сөөк калдыктары жана алар жа-



**Неандертал адам. (Тешикташ үңкүрү).**



**Кроманьон адам (Франция).**

раткан эмгек куралдары Фергана өрөөнүнүн Селунгур үңкүрүнөн табылган.

**Европадан табылган байыркы инсан издери.** Мезгилдер өтүшү менен адамдын сырткы көрүнүшү, акыл-эси жана эмгек куралын жасай алуу жөндөмү барган сайын жакшырып барган. Германиянын Неандертал өрөөнүнөн табылган жана тарыхка «неандертал адамы» аты менен кирген адамдардын жашоосу муну далилдейт. Анын сырткы көрүнүшү бүгүнкү адамдын көрүнүшүнө өтө жакын болгон. Алар б.з.ч. 100—40-миң жылдыктардын аралыгында жашашкан[1] жана ал доордо Европада климат сууп кеткен эле. Сууктан сактануу зарылдыгы себеп алар жаныбар терисинен кийим ордунда да пайдаланууну жана этти жалында бышырып жегенди үйрөнүп алышкан.

**Өзбекстан аймагындагы байыркы турактар.** Өзбекстанда неандертал түспөлдүү адам сөөктөрүнүн калдыктары Сурхандарыя облусу аймагындагы Тешикташ үңкүрүнөн табылган.

Б.з.ч. 40—12-миң жылдыктар аралыгында жашаган адам сөөктөрү калдыктары Франциянын Кроманьон үңкүрүнөн табылган.[2] Ага «кроманьон адамы» наамы берилген. Кроманьон адамы тышкы түспөлү боюнча бүгүнкү көрүнүштөгү адам болчу. Окумуштуулар аны «акыл-эстүү адам», «аң-сезимдүү адам» деп аташты.

**Өзүңдү сына**

- Ишмер адам ... .
- ... акыл-эстүү адам болчу.

Өзбекстанда кроманьон адамдары замандаштарынын турактары Самарканддагы Сиёбча сайынын боюнда жана Ташкент облусунун Көлбулак (Ангрен) турагында табылган.

---

[1] *А. Аскаров.* «O‘zbekiston tarixi» (Eng qadimgi davrlardan eramizning V asrigacha). — Т.: «O‘qituvchi» БПЧҮ. 1994. 25-бет.

[2] *К. Ражабов* жана б. JTMS. — Т.: «Sharq» БПАК. 2011. 8-бет.

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Антропολог** – адамдын пайда болуу жана өнүгүү баскычтарын, дене түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү, о. э. баш сөөк калдыктарынан адамдын сырткы көрүнүшүн кайра калыбына келтирип үйрөнүүчү окумуштуу[1].

**Ява** – Индонезиядагы аралдардан биринин аты.

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Адамзаттын эң байыркы ата-бабалары жөнүндөгү маалыматтар кандай топтолгон?*
2. *Адамзаттын эң байыркы ата-бабаларынын аталыштарын айтып бер.*
3. *Адамзаттын узак өнүгүү баскычынын түрдүү доорлорунда жашаган урпактары бири-биринен кайсы жактары менен айырмаланган?*
4. *Кандай фактор адамзаттын ата-бабаларынын жашап калуусунда жана бүгүнкү көрүнүштөгү адамга айлануусунда чечүүчү роль ойногон?*
5. *Өзбекстандын аймагында жашаган эң байыркы ата-бабаларыбыз жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

**Адамзаттын эң байыркы ата-бабалары жана алардын жашоосу**

*(Жадыбалды толтур)*

| Т/к | Суроолор | Синантроп адамдары | Неандертал адамдары | Кроманьон адамдары |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Сөөк калдыктары табылган жай | | | |
| 2. | Жашап өткөн доорлору | | | |
| 3. | Эмнелерди үйрөнүп алышкан | | | |

## 6-§. БАЙЫРКЫ АДАМДАРДЫН ЖАШОО МҮНӨЗҮ

**Байыркы адамдардын эмгек куралдары.** Байыркы адамдар ташка иштөө берип, аны эмгек куралына айландырышкан. Иштөө берилип бадам формасында жасалган таш куралдын узундугу 10–20 сантиметрди түзгөн. Салмагы болсо 500 г дан 1 кг га чейин болгон. Бул алгачкы эмгек куралынын эки тарабы башка таш менен кыркылган. Андан кандайдыр бир нерсени уруу, кесүү, оюу жана көздөлгөн аралыкка ыргытуу куралы катары пайдаланылган. Байыркы адамдар өз эмгектерин жеңилдетүү максатында эмгек

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2003. 1-том. 89-бет.



Таштан жана таяктан жасалган эмгек куралдары. Жыгач куралы.



Таш найзанын учу.



Аңчы.

куралдарын дагы да өнүктүрүп барышкан. Мисалы, синантроптор өткөн ата-бабаларына караганда кырлары дагы да миздүүрөөк, учтуу жана кармоо үчүн дагы да ыңгайлуураак куралдарды жарата алышкан. Бул куралдардан пайдалануу кыйла оңой болгон. Неандертал адамы таштан учтуураак эмгек куралын жараткан. Сөөктөн болсо курч миздүү күндөлүк турмуштук керектөөлөр үчүн зарыл болгон түрдүү майда эмгек куралдарын жараткан. Кроманьон адамы таштан бычак, найза, ар түрдүү кескич, кыргыч, сайгыч, сөөктөн болсо ийне, кайырмак, вилка жараткан.

Сөөктөн ийне жасап тигүүнү ойлоп тапкан. Жасалма жалын пайда кылууну үйрөнүп алган. Кийинчерээк ок-жааны жараткан. Бул адамзат тарыхындагы ири ачылыш эле. Ошол эле доордо адам итти колго үйрөткөн. Күндөлүк керектөөдөн ашыкча жаныбар кармала баштагандан соң, адамдар жапайы жаныбарларды үй жаныбарларына айландыра баштагакан. Натыйжада чарбачылык пайда болгон. Бара-бара адам карапачылыкты үйрөнгөн жана өздөрүнүн байкагычтыгы менен табиятта кезиге турган жез, калай, коргошундан эмгек куралдарын даярдай баштаган. Кийинчерээк металлдар аралашмасы бронзаны ачышкан. О.э. дөңгөлөктүү араба, өзүнө мүнөздүү кол тегирмени, чаркпалек ойлоп табылган. Убакыттын өтүшү менен инсан темир учтуу соко, темир балта жана башка маанилүү эмгек куралдарын жараткан. Бул болсо дыйканчылыктын өнүгүүсүнө жардам берген.

**Өзүңдү сынап көр**
- Ок-жаа ... ойлоп табылган.
- Адам темирден ... сыяктуу эмгек куралдарын жасаган.

**Байыркы адамдардын жумуштары.** Байыркы адамдар алгач колдорундагы жөнөкөй эмгек куралдары жардамында (таш жана таяк)

табияттагы даяр продукциялар менен тиричилик кылышкан. Учу курчутулган таш жардамында майда жаныбарларга аңчылык кылышкан, учу курчутулган таяк менен түрдүү өсүмдүктөрдүн тамырларын казып алышкан. Узун таяктар жардамында болсо дарактардын мөмөлөрүн кагып жешкен. Ушундай түрдө, терип-териштирүү менен тамак-аш табуу жана аңчылык адамдардын эң байыркы жумушу болгон.

**Эсте тут!**

Терип-териштирүү менен тамак-аш табуу жана аңчылык өздөштүрүүчү чарба деп аталат.

Өздөштүрүүчү чарба аркылуу жашоо өтө узак жылга созулган.

Аңчылык менен кармалган жаныбарлардын тиричиликтен ашыкчасын асырап үй жаныбарына айландыруу чарбачылыктын пайда болушуна негиз салган. Адамдар бара-бара отурукташып жашоого өтө башташкан. Бул болсо дыйканчылык жана чарбачылыктын андан да өнүгүшүнө алып келген. Терип-териштирүүдөн дыйканчылык, аңчылык жана жаныбарларды колго үйрөтүүдөн болсо чарбачылык, б.а. өндүрүштүк чарба келип чыккан.

**Эсте тут!**

Адамдардын бир жерде туруктуу жашашы отуракташкан жашоо деп аталат. Отурукташкан жашоонун негизин дыйканчылык түзөт.

Адамдар өз жашоолору үчүн зарыл болгон тамак-ашты өздөрү өндүрүп чыгара турган болушту. Түрдүү үй буюмдарына зарылчылык сезе башташкан. Бул болсо кол өнөрчүлүктү келтирип чыгарган.



**Кол өнөрчү.**

Мезгилдин өтүшү менен айрым уруулар негизинен дыйканчылык менен, айрымдары болсо, чарбачылык же кол өнөрчүлүк менен алектене башташкан. Бул көрүнүш адамзаттын өнүгүүсүн ого бетер тездеткен.

**Өзүңдү сынап көр**

- ... өздөштүрүүчү чарба болуп саналат.
- Дыйканчылык жана чарбачылык ... деп аталат.



**Байыркы адамдардын үй-жайлары.**

**Байыркы адамдардын жашоо жайлары.** Байыркы адамдар алгач чоң дарактардын көңдөйлөрүндө жана үңкүрлөрдө жашашкан. Үңкүрлөр адамдарды жамгыр, шамал жана сууктан сактаган. Түнү кооптуу жырткыч жаныбарлардын кол салуусунан сактануу үчүн үңкүрдүн босогосунда от жагып коюшкан.

Ал эми үңкүрлөр жок жерлерде адамдар оболу жарым жер төлө курушкан. Анын үстүн топурак менен бекитишкен. Ал кыш маалында эң жөнөкөй башпаанек милдетин аткарган. Климат ысышы менен кичи дарыя жээктери жана булактардын жанында сөөктөрдөн, мамонттордун казык тиштеринен жана жыгачтардан жөнөкөй үйлөр курушкан.

**Терминдин мазмунун билип ал**

**Бронза** – жез жана калай аралашмасынан даярдалуучу кошунду.

**Суроо жана тапшырмалар**

1. *Эмне үчүн адам эмгек куралдарын дайыма өркүндөтүп барган?*
2. *Адамдын таштан жараткан алгачкы эмгек куралына мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү санап бер.*
3. *Неандертал жана кроманьон адамдары жараткан эмгек куралдарын салыштыр. Окшош жана айырмалуу жактарын аныкта.*
4. *Ата-бабаларыбыз кандай эмгек куралдарын жаратууга жетишишкен?*
5. *«Өздөштүрүүчү чарба» кандай чарба эле?*
6. *«Өндүрүштүк чарба» деп эмнеге айтылган жана ал кандай пайда болгон?*
7. *Байыркы адамдардын жашоо жайлары жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

*(Жадыбалды толтур)*

| Т/н | Ата-бабаларыбыз тарабынан жаратылган эмгек куралдары | Т/н | Өздөштүрүүчү чарба | Т/н | Өндүрүштүк чарба |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

# 7-§. АРХЕОЛОГИЯ ТАРЫХЫНАН

**Археологдор кандай иштешет?** Археология өтмүштү тарыхый материалдык булактар – эстеликтердин негизинде үйрөнүүчү илим.

**Эсте тут!**

Археология сөзү «arxeo» жана «logos» сөздөрүнөн турган болуп, байыркыны үйрөнүү деген маанини билдирет.



**Археологдор иш жараянында.**

Археология илими менен алектенүүчү окумуштуулар *археологдор* деп аталат. Тарыхта эч нерсе изсиз жоголуп кетпейт. Мына ушул изди табуу археологиянын милдети болуп эсептелет.

Археологдор өтмүшкө таандык түрдүү табылгалардын (эмгек куралдары, үй-тиричилик буюмдары, курал-жарактар, жасалгалар, үй-жай, устаканалар, сугат курулмалары ж.б.) калдыктарын үйрөнүшөт. Ушунун негизинде өтмүш жөнүндөгү маалыматтарды чогултушат. Бардык табылгалар археологиялык эстеликтер деп аталат жана алар адамдык коомунун жазма тарыхына чейинки доорду үйрөнүүдө өзгөчө маанигe ээ.



**Табылган жазуу.**

Археологдор оболу казылма иштери өткөрүлө турган жайларды белгилеп алы-



**Темирден иштелген куралдар.**

шат. Андан соң казуу иштерин жүргүзүшөт. Табылган эстеликтердин жаратылган доору жана жашы аныкталат.

Өзбекстандык окумуштуулар археологиялык казууларда табылган эстеликтерди үйрөнүү аркылуу Самарканд шаарынын 2750, Каршы жана Шахрисабз шаарларынын 2700, Бухара жана Хива шаарларынын 2500 же Ташкент шаарынын 2200 жашта экенин аныкташты.

Өзбекстанда археология илимин өнүктүрүүдө өзбек окумуштуусу Муса Саиджанов, кийинчерээк белгилүү окумуштуу Яхйа Гуламов жетекчилигиндеги археологдордун кызматтары чоң болду.

**Эсте тут!**

«Академик Яхйа Гуламов өз доорунун берилген илимпозу болгон»[1].



**Яхйа Гуламов.**

Бүгүнкү күндө Өзбекстан Илимдер Академиясынын алдындагы Я.Гуламов атындагы археология институту да чоң иштерди ишке ашырууда.

**Суу асты археологиясы** археология илиминин жардамчы багыты болуп эсептелет.

Анын тарыхы XX кылымдын башында грек балыкчылары тарабынан байыркы айкелди алып кетип жаткан кеме чөккөн жай табылган убакыттан башталган.

Француз окумуштуусу Жак Ив Кусто тарабынан аквалангдын жаратылышы адамзаттын суу асты мурасын үйрөнүүнү андан да же-

---

[1] *Ислам Каримов.* «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch». – Т.: «O'zbekiston» БПЧҮ. 2008. 166-бет.

ңилдетти. Суу асты археологиясы деңиз же дарыялардын деңгээлинин көтөрүлүшү натыйжасында суу астында калып кеткен эстеликтердин калдыктарын издеп табуу аркылуу өтмүштөгү адамдарын жашоосу, алардын жашоо тиричилиги жана маданиятын үйрөнөт.



**Археологдор суу астында.**

### Терминдин мазмунун билип ал

**Акваланг** – адамдын суу астында кеңири дем алып сүзүүсү жана иштөөсү үчүн аба толтурулган баллондордон даярдалган атайын курулма.[1]

### Суроо жана тапшырмалар


1. *Археология эмнени үйрөтөт?*
2. *Археология тарых илимиинин түзүлүшүндө кандай орунду ээлейт?*
3. *Өзбекстандык археолог окумуштуулардын иштери жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
4. *Суу асты археологиясынын мааниси жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
5. *Сен жашап жаткан аймакта археологиялык казуу иштери жүргүзүлгөнбү? Эгерде жүргүзүлгөн болсо, ал жөнүндө кыскача маалымат чогулт.*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

Өзүңө белгилүү болгон археологиялык эстеликтер жана алардын жайгашкан аймактарын жазып, жадыбалды толтур.

| Т/н | Археологиялык эстеликтин аты | Жайгашкан аймагы |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2007. 1-том. 61-бет.



# III бөлүм. КИШИЛИК МАДАНИЯТЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

## 8-§. АСКА ТАШ СҮРӨТТӨРҮ

**Алгачкы искусство үлгүсү.** Байыркы ата-бабаларыбыз аска таштарга сызып калтырган сүрөттөр алгачкы сүрөт үлгүлөрү эле. Алар тарых үчүн өтө баалуу тарыхый эстеликтер болуп саналат. Аска таш сүрөттөрүнүн өзүнө мүнөздүү тарабы алар адамзат тарабынан али жазуу пайда болбостон мурда жаратылгандыгында.



Сүрөт тартуу.

Бул искусствонун үлгүлөрү окумуштуулардын байыркы доор тарыхын жарытуусунда маанилүү булак болуп эсептелет.

Аларда бабаларыбыздын күндөлүк турмушу, жашоо мүнөзү, диний ынанымы, жумуштары жана адаттары сүрөттөлгөн. Айрыкча, бабаларыбыздын эң байыркы жумушу – жаныбарларга аңчылык кылуу көрүнүшү көп кездешет.

Бул сүрөттөр тарых үчүн ошол доордо адамдар көбүрөк кандай жаныбарларга аңчылык кылгандыгы жана алар муну кандайча жасагандыгы жөнүндө кызыктуу маалыматтарды берет.



Алтамира үңкүрүндөгү сүрөттөр.

**Алтамира, Каповая жана Ласко үңкүрлөрү.** Аска таш сүрөттөрүн б.з.ч. 15–8-миң жылдыктарда кроманьон адамдары жаратышкан.[1] Алардын бир бөлүгү Испаниядагы дүйнөгө белгилүү болгон

[1] ӨзУЭ. – Т.: «ӨзУЭ». 2003. 5-том. 376-бет.



**Ласко үңкүрүндөгү сүрөттөр.**

Алтамира жана Франциядагы Ласко үңкүрлөрүнөн жана Башкыртстандагы Каповая үңкүрүнөн табылган. Ошол замандын көркөм сүрөт өнөрүнүн усталары жаныбарларды сүрөттөөдө түрдүү заттардын аралашмасынан даярдалган түстүү боёктордон пайдаланышкан. Боёктор таш дубалдарга таякча же жаныбардын жүнүнөн даярдалган кыл калем (кисть) жардамында сүрүлгөн.

Бул болсо сүрөттөрдүн дээрлик эч кандай өзгөрүүсүз азыркы доорго чейин сакталып калышына себеп болгон. Аларды үйрөнүү байыркы жаныбарлар дүйнөсүн андан да жакшырак элестетүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Өзбекстан аймагындагы аска таш сүрөттөрү.** Өзбекстанда ушул баалуу искусство түрү өтө байыртадан пайда болгон. Сүрөттөр негизинен эки түрдүү усулда – оюп чегүү жана табигый боёктордун жардамында иштелген. Кийинчерээк сүрөттөр учу курч, миздүү темир жана болот аспаптар менен таштарды чегип иштелген. Бул усул илимде *чекиттүү усул* деп аталат. Экинчи усулда алгачкы түстүү сүрөт усталарынын чеберчилиги көзгө көрүнөт. Алар түрдүү заттардын аралашмасынан боёк даярдоону билишкен. Сүрөттөргө чөп, камыш, сөөк жана куштардын канатынын жардамында иштөө берилген. Өзбекстанда 100 дөн ашуун мына ушундай баалуу искусство үлгүлөрү аныкталган. Атап айтсак, Наваий облусундагы Каратоо тизмесиндеги Сармышсай жылгасынан табылган арстан,

жолборс, барс сыяктуу жырткыч жаныбарлардын алышуусу, аңчынын өтө сейрек абалдарда колго үйрөтүлө турган аңчылык кабыланы – гепарддын жардамында жапайы букага аң уулоосу чагылдырылган. Алгачкы искусствонун баалуу эстелиги катары «Кызыл китеп»ке киргизилген кайталангыс аска таш сүрөттөрү бүгүн чет элдерде да тилге алынууда.

2008-жылда Зараутсай, Сармышсай өңдүү баалуу маданий эстеликтерди сактоо, алардын жоголуп кетүү коркунучунун алдын алуу боюнча өкмөттүн токтомдору кабыл алынды. Эң негизгиси, Сармышсай сүрөттөрү жалпы дүйнөлүк мурастын баалуу үлгүсү катары ЮНЕСКО тарабынан каттоого алынды жана «Ачык асман астындагы музей» деп расмий түрдө жарыяланды.

## Терминдердин мазмунун билип ал

**ЮНЕСКО** – БУУнун илим, билим жана маданият иштери менен иштөөчү уюму.

**Алтамира** – Испаниядагы үңкүр.

**Ласко** – Франциядагы үңкүр.

**Каповая** – Урал тоосунун Башкыртстанда жайгашкан үңкүр.

**Кызыл китеп** – Жоголуп кетүү коркунучу бар өсүмдүктөр жана жаныбарлардын аттары киритилүүчү китеп.

## Суроо жана тапшырмалар

***1.*** *Аска таштарга тартылган сүрөттөрдүн мааниси эмнеде?*
***2.*** *Өзбекстандын кайсы аймактарынан аска таш сүрөттөрү табылган?*
***3.*** *Европадагы Алтамира, Каповая жана Ласко үңкүрлөрүндөгү сүрөттөр эмнеси менен маанилүү?*
***4.*** *Алгачкы сүрөт өнөрүнүн үлгүлөрүн жаратууда бабаларыбыз кандай нерселерден пайдаланышкан?*
***5.*** *Сүрөттөрдө негизинен эмнелер чагылдырылган?*
***6.*** *Аска таш сүрөттөрүн сактоодо Өзбекстанда кандай иштер жасалды?*

## ТАПШЫРМА

*(Төмөнкү жадыбалга окуу китебинде берилген сүрөттөрдө эмнелер чагылдырылганын жаз)*

| Т/н | Үңкүрдүн аты | Сүрөттөрдө берилген жаныбарлардын аты |
|---|---|---|
| 1. | | |
| 2. | | |

## 9-§. ЖАЗУУ – АДАМЗАТТЫН УЛУУ АЧЫЛЫШЫ

**Алгачкы жазуунун пайда болушу.** Жер жүзүндө алгачкы жазуу белгилери оболу Азия жана Түндүк Африка (байыркы Египет) элдери тарабынан жаратылган. Өтмүш тарых, адамдар жараткан турмуштук тажрыйба жана билимдер, ачылыштар муундан-муунга жазуу аркылуу жетип келген.


**Эсте тут!**

Жазуу – адамдардын ортосундагы байланышка кызмат кыла турган жазма белгилердин системасы болуп саналат.

Жазуу бүгүнкү көлөмдөгү көрүнүшкө ээ болгонго чейин узак өнүгүү жолун басып өттү. Окумуштуулар алгачкы жазууларды узак убакытка чейин окуй алышпады. Себеби, бул жазуулар бүгүнкү жазуулардан кескин айырмаланган. Алар чындыгында тамга болбостон, кандайдыр бир маанини билдирүүчү кандайдыр белгилерден турган. Экинчиден, алар бүгүнкү күндө эч ким сүйлөшө албай турган тилдерде жазылган. Ошондой болсо да, окумуштуулар тынымсыз изденүүлөрүнүн натыйжасында кийинчерээк алардын көпчүлүгүн окууга жетишишти.



**Египет иероглифтери.**



**Байыркы египеттиктер санды мына ушундай туюнтушкан.**

**Өзүңдү сынап көр**

- Жер бетинде алгачкы жазуу белгилери ... тарабынан жаратылган.

**Байыркы жазуулар жана алардын түрлөрү.** Окумуштуулар байыркы жазууларды бир канча түрлөргө бөлүшкөн. Алардан биринчиси «эстетүүчү белгилер» деп аталган. Мындай белгилер так бир өлчөмдү белгилөөдө, кандайдыр бир кабарды алыс аралыкка жеткирүүдө колдонулган. Мисалы, кандайдыр бир өлчөмдү туюнтуу үчүн түрдүү өлчөмдөгү таштан же деңиз



Сүрөттүү жазуу.




Кытай иероглифтери.

үлүлдөрүнөн (ракушкалар) пайдаланылган. Бабаларыбыз жазуунун «Буюмдуу жазуу» деп аталуучу түрүнөн да пайдаланышкан. Мисалы, коргондун сүрөтү маркум көмүлгөн жайды, нантуз болсо достукту билдирген. Байыркы жазуунун дагы бир түрү «Сүрөттүү жазуу» эле. Байыркы бабаларыбыз түрдүү жаныбарлардын сүрөттөрүн таштарга, сөөктөргө жана үңкүрлөрдүн дубалдарына оюп түшүрүшкөн. Алар бир эле сүрөт гана болбостон, кандайдыр бир абалды билдирүүчү өзүнө мүнөздүү маалымат да болгон. Жашоо өркүндөп барган сайын сүрөттүү жазуулар адамдардын керектөөсүн кандыра албай калды. Алар кыйла өнүккөн жазууга талап сезе башташты. Натыйжада жазуунун жаңы түрү – «Сөз жазуусу» калыптанган. Байыркы Египет жана Кытай иероглифтери, Шумер миххаты жана башкалар мунун баштапкы үлгүлөрү эле. Бирок, иероглифтер менен жазуу оңой иш эмес эле. Себеби, көп сандагы иероглифтерди эсте сактап калуу оор болчу. Жашоо эми «Алфавиттүү жазуу»нун ачылышын талап кыла баштаган.

**Өзүңдү сынап көр**

- Жазуу – бул, ... .
- Төмөнкүлөр жазуунун төрт түрүн түзөт ... .

**Алиппенин пайда болушу.** Сен мектебиңдин 1-классына кабыл алынганыңда колуңа кармаган биринчи китебиң «Алиппе» болгондугун эстесең керек. Ал башталгыч сабат чыгаруу китеби эле. Алиппе арабча «алиф» жана «бе» тамгаларынын кыргыз тилинде өзгөрүп айтылышы болуп саналат.

**Эсте тут!**

Алфавит – кайсы бир тилдин жазуусу үчүн кабыл алынган жана туруктуу удаалаштыкта жайгаштырылган жазма белгилер болуп эсептелет. Бул белгилер тамга деп аталат. «Алиппе» сөзү араб алфавитинин биринчи (алиф) жана экинчи тамгасы (бе)нын кошуп айтылышынан пайда болгон.

Дүйнөдө биринчи алиппени, башкача айтканда тамгалуу жазууну б.з.ч. 2-миң жылдыктын ортолорунда байыркы финикиялыктар жаратышкан жана ал финикий жазуусу деп аталган.[1] Финикий алиппеси 22 тамгадан турган болуп, ал оңдон солго карай жазылган. Финикий тилиндеги сөздөрдү ушул 22 тамга менен жаза алуу чоң окуя эле. Финикий жазуусу башка мамлекеттерде да тез тарала баштады. Алар финикий алиппесин өз тилдерине ылайыкташтырып алышкан. Дүйнөдөгү азыркы жазуулардын бештен төрт бөлүгүнөн көбүрөөгүнүн негизинде финикий жазуусу жатат. Атүгүл азыркы күндөгү латын жана кирилл жазуулары да финикий жазууларынан келип чыккан.

| Тамганын формасы | Кайсы сөздөн | |
|---|---|---|
| 𐤂 | төө | г |
| 𐤃 | эшик | д |
| 𐤊 | алакан | к |
| 𐤌 | суу | м |
| 𐤓 | баш | р |

**Финикий алфавити**.

| Формасы | Мааниси |
|---|---|
| Γ | г |
| Δ | д |
| Κ | к |
| Μ | м |
| Ρ | р |

**Кирилл алфавити.**

**Өзүңдү сынап көр**

♦ Дүйнөдө биринчи алфавитти ... жараткан.

Б.з.ч. IV–III кылымдарында латын алфавити жаратылды.[2] Ал бир нече кылымдардан соң Батыш Европанын көптөгөн элдери жазуусуна негиз болуп кызмат кылды. Ал эми кийинчерээк араб алиппеси жаратылды. Орус алиппеси кириллица деп аталган эски славян алиппесинин негизинде пайда болгон. Эски славян алфавитин байыркы Византиялык ага-ини Кирилл жана Мефодийлер IX кылымда байыркы грек алфавитинин негизинде түзүшкөн. Жаратылган жаңы алфавит Кириллдин урматына *кириллица* деп аталган. X кылымдын аягында байыркы Киев Русу мамлекети да бул жаңы алфавитти кабыл алган жана ал орус тилине ылайыкташтырылган. Азыркы кирилл-орус алфавитинде 33 тамга жана 2 белги бар.

**Өзбекстанда жазуу.** Өзбек эли байыркы замандардан бери түрдүү жазуулардан пайдаланып келген. Булар харезм, согд, орхон-энесай[3], араб, кирилл-орус жана латын алфавиттерине негизделген жазуулар эле. Харезм жана согд жазууларынан бабаларыбыз дээр-

[1] ӨзУЭ. – Т.: «ӨзУЭ». 2002. 3-том. 469-бет.
[2] ӨзУЭ. – Т.: «ӨзУЭ». 2003. 5-том. 315-бет.
[3] ӨзУЭ. – Т.: «ӨзУЭ». 2005. 9-том. 131-бет.

лик миң жылдар бою пайдаланышкан. Согд алфавити баштапкыда 23 тамгадан турган. Бул алфавитте сөздөр ондон солго карай жазылган. Өзбекстанда бүгүнкү күндө латын жазуусуна негизделген өзбек алфавитинен пайдаланылууда.

**Өзүңдү сынап көр**

♦ Алфавит – бул, ... . ♦ Финикий алфавитинде ... тамга болгон.

**Терминдердин мазмунун билип ал**

**Иероглиф** – сүрөттүү, белгилүү жазуу.[1]

**Михкат** – мык же таякчаларга окшош белгилерди ылай тактайчаларга оюп түшүрүлгөн жазуу түрү.[2]

**Суроо жана тапшырмалар**

*1. Жазуу деген эмне? Жазуунун адамзаттын турмушунда туткан орду?*
*2. Байыркы жазуу түрлөрүнүн аталыштарын жаз жана алардын бири-биринен айырмасы жөнүндө сүйлөп бер.*
*3. Кандай факторлор алфавиттин пайда болушуна себеп болгон?*
*4. Финикий алфавити адамзаттын тарыхында кандай роль ойнойт?*
*5. Латын, араб жана кирилл-орус алфавиттери жөнүндө эмне билип алдың?*
*6. Өзбекстандын элдери байыртадан кандай жазуулардан пайдаланышкан?*

**ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ**

| Т/н | Алфавиттер | Качан жаратылган? | Тамгаларынын саны | Жазылуу тартиби |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Финикий | | | |
| 2. | Согд | | | |
| 3. | Латын | | | |
| 4. | Араб | | | |
| 5. | Кирилл-орус | | | |

## 10-§. «АВЕСТО» – АТА-БАБАЛАРЫБЫЗ ЖАРАТКАН АЛГАЧКЫ ЖАЗМА ТАРЫХЫЙ БУЛАК

**«Авесто» жөнүндө.** Б.з.ч. IX–VIII кылымдарда байыркы Харезм жергесинде изгилик дини – зардуштийлик (зороастризм) пайда болду.[3] Бул диндин аты анын негиздөөчүсү Зар-

[1] ӨзУЭ. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 175-бет.
[2] ӨзУЭ. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 603-бет.
[3] ӨТТС.– Т.: «ӨзУЭ». 2002. 3-том. 683-бет.

душттун атынан алынган. Зардуштийлик дининин ыйык китеби «Авесто» деп аталат. Китепте Ахурамазда («Даанышман», «улуу», «гениалдуу») дүйнөнү жараткан кудай деп ишенилет.

**Эсте тут!**

«Авесто» бизче которгондо «туруктуу орнотулган мыйзам-эрежелер» деген маанини билдирет. «Авесто» 2700 жыл мурда Харезмде жаратылган.

Иран ахаманийлери падышасы Дарий III нүн доорунда «Авесто» 12 миң бодо малдын терисине алтын менен жазылды жана казынада сакталды.

Кийинчерээк, македониялык Александрдын баскынчылык жортуулдары учурунда анын көп бөлүгү өрттөп жиберилген. Астрономия жана медицина илимдерине тиешелүү бөлүктөрүн болсо, грек тилине котортурган. Арадан бир нече кылымдар өтүп, журтубузда ислам дини кең таралгандан соң, «Авесто» унутулган.

«Авесто» Орто Азиянын, биринчи орунда, Өзбекстандын өтмүш тарыхы, о.э. ата-бабаларыбыздын үрп-адаттары жөнүндөгү эң байыркы жазма булак катары үйрөнүлөт.



**Зардушт.**

**Өзүңдү сынап көр**

- «Авесто» – бул, ... .

**«Авесто»нун мазмуну.** «Авесто»до айтылышынча, дүйнө изгилик (жакшылык) жана караөзгөйлүктүн (жамандык) негизине курулган.

Бардык караөзгөйлүктөрдү (өлүм, ызгаардуу кыш, зыяндуу курт-кумурскалар жана ушул сыяктуулар) анын колдоочусу Ахриман жиберет.

Ахурамазда болсо жашоо, изгилик, жарыктык жана адилеттүүлүктү коргойт. Изгилик жана караөзгөйлүктүн ортосундагы күрөштө акыр-аягы изгилик жеңет. Бирок, ал үчүн адамдар – жалган сүйлөбөшү, берген убадаларынын аткаруусу жана инсандарга жакшылык гана кылуулары керек. Адамдагы бул үч сапат

жеткилендиктин белгиси болуп эсептелеген. Бул үч сапатты өзүндө калыптандырган адамдар Ахурамазданын жактоочусуна айланышат. Кара күчтөр зыян жеткирбестиги үчүн, адамдар жер айдап дыйканчылыкка, эгин эгүүгө, чарбачылыкка үгүттөлгөн жана мындай эмгек бааланган. «Авесто»до аруу ой (айкөл ой-пикир), изги сөз жана изги иштер (куттуу иштер) зардуштийлик дининин башкы идеясын түзөт.

**Кунт коюп оку!**

«Изги ой, изги сөз, аруу иш деген принципте бүгүнкү заман үчүн да үлгү аларлык сабактар бар экендигин көрүүгө болот».[1]

Зартуштийлик дининде от-жалын, топурак, суу жана аба ыйык болуп эсептелет. Буга жалындын жарыктын, топурак(жер)тын ырыскынын, суу менен абанын жашоонун булактары экендиги негиз кылып алынган. Ошондой эле, бул төрт элемент бардык ааламдын, реалдуулуктун негизи экендиги айтылган.

**Өзүңдү сынап көр**

- Зардуштийликтин башкы идеясынын негизин ... түзөт.

**«Авесто»нун 2700 жылдыгы.** «Авесто» биздин эле эмес, дүйнө маданиятынын да баалуу мурасы болуп эсептелет. Ошондуктан да эл аралык ЮНЕСКО уюму Өзбекстан өкмөтүнүн демилгеси менен 1999-жылда «Авесто»нун 2700 жылдыгын белгилөө жөнүндө токтом кабыл алды. Ал эми 2001-жылда бул куттуу дата белгиленди.[2]

**Суроо жана тапшырмалар**

1. *Зардуштийлик дини жана «Авесто» жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
2. *Зардуштийлик дининин мазмуну жөнүндө айтып бер.*
3. *Зардуштийликте от, жер, суу жана аба эмне үчүн ыйыкташтырылган?*
4. *Зардуштийлик ахлагынын үч таянычын белгиле. Өзбекстандын Президенти Ислам Каримовдун алар жөнүндө айткан пикирин келтир.*
5. *«Авесто»нун 2700 жылдыгынын белгиленгендиги эмнелерди билдирет?*

---

[1] *Ислам Каримов*. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. – T.: «O'zbekiston» БПЧҮ. 2008. 32-бет.

[2] *К. Ражабов* жана б. O'zbekiston tarixining eng asosiy sanalari. – T.: «O'zbekiston» БПЧҮ. 2012. 389-бет.

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

*«Зардуштийлик дини жөнүндө эмнелерди билесиң?»*

| Зардуштийлик качан жана каерде пайда болгон? | Зардуштийликтин ыйык китеби | Зардуштийлик дининин негизин эмне түзөт? | Зардуштийлик ахлагынын үч таянычы | «Авесто» нун 2700 жылдыгынын белгилениши |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |


## 11-§. МУЗЕЙЛЕР

**Музейлер эмне үчүн керек?** Музейлер тарыхый, эстеликтерди асыроочу, сактоочу, үйрөнүүчү жана элге көрсөтүүчү мекеме болуп саналат. Музейлер адамдардын өздөрү үчүн кадырлуу жана эстелик болуп кала турган буюмдарды чогултуп аларды кийинки муунга калтыруу зарылдыгынын натыйжасында пайда болгон.

**Эсте тут!**

Музейлерде жыйналган эстеликтер коллекциялар дейилет.

Музейлердин түрлөрү өтө көп. Тарыхка, адабият жана искусствого, техникага, медицинага, жаныбарлар дүйнөсүнө, аскердик куралжарак сыяктууларга таандык музейлер бар. Музейлер баштап иба-



**Эрмитаж (Санкт-Петербург).**



**Лувр музейи (Париж).**

датканаларда түзүлгөн. Европада көптөгөн музейлердин түзүлүшү жана музей-таануучулук илиминин пайда болушу XIV–XVII кылымдарга туура келет. Музейлерден орун алган экспонаттар чоң тарбиялык мааниге да ээ.

**Дүйнөнүн белгилүү музейлери.** АКШ, Италия, Франция, Улуу Британия, Германия, Россия Федерациясы дүйнөнүн белгилүү музейлери жайгашкан мамлекеттер болуп эсептелишет. Россия-



**Өзбекстандын тарыхы мамлекеттик музейи (Ташкент).**

нын Санкт-Петербург шаарындагы Эрмитаж, Париждеги Лувр, Лондондогу Британия музейи, Италиядагы Уффици сыяктуу дүйнөгө даңкы кеткен музейлердин коллекцияларынын курамында тарыхый буюмдардын баалуу нускалары сакталат. Мисалы, 1546-жылда курулган жана баштапкыда королдун сарайы кызматын өтөгөн, азыр болсо дүйнөнүн эң чоң музейи эсептелген Париждеги Лувр музейинде байыркы Египет, Греция жана Римде жаратылган баалуу искусство берметтеринин түп нускалары сакталат.

**Өзбекстан Республикасынын музейлери.** Өзбекстан Республикасында да көптөгөн музейлер бар. Бул музейлердеги экспонаттар дүйнөнүн белгилүү музейлеринин экспонаттарынан калышпайт. Бүгүнкү күндө республикабызда Өзбекстандын тарыхы мамлекеттик музейи, Темурийлердин тарыхы мамлекеттик музейи, Өзбекстан искусствосу музейи, Өзбекстан элдеринин маданияты жана искусствосу тарыхы музейи, Өзбекстан саламаттыкты сактоо музейи сыяктуу музейлер иштөөдө. Бир эле «Өзбекстандын тарыхы» мамлекеттик музейинин өзүндө 250 миңден ашуун эстеликтер бар.



**Темурийлердин тарыхы мамлекеттик музейи (Ташкент).**

Алар элибизге жана чет элдиктерге Өзбекстандын тарыхын көрсөтүп турат. Темурийлердин тарыхы мамлекеттик музейи 1996-жылда курулган. Бийиктиги 31 метр болгон музей имараты үч кабаттуу. Музей көргөзмө залынын борборунда дубалга кооз живопись чыгармасы сызылган. Ага «Улуу Жаангер – улуу жаратман» деген ат берилген. Чыгарма «төрөлүү», «өнүгүү» жана «сыймыктануу» деген аттар менен аталуучу 3 бөлүктөн турат.

«Төрөлүү» бөлүгүндө Жаангердин (улуу бабабыз Амир Темурдун) төрөлүшү менен байланышкан үрп-адаттар сүрөттөлгөн.

«Өнүгүү» бөлүгүндө улуу бабабыздын жашоосунда дайыма амал кылган «Рости-расти» б.а. «Тууралык куткаруучу болот» деген урааны алтын тамгалар менен жазып коюлган. О.э., бул бөлүктө Жаангердин вазирлер, аскер кол башчылар жана окумуштуулар менен өткөрүп жаткан кеңеши чагылдырылган. «Сыймыктануу» бөлүгүндө Амир Темур жана темурийлер доору мурасынын муундан муунга өтүп келе жаткандыгы идеясы чагылдырылган. Дүйнө мамлекеттери музейлери эл аралык уюмга бириккен. Ал эл аралык ЮНЕСКО курамындагы «Музейлер эл аралык кеңеши» деп аталат.

### Терминдердин мазмунун билип ал!

**Экспонат** – музейлерде көргөзмөгө коюлган буюмдар, сүрөттөр, документтер, китептер.[1]

**Коллекция** – музейлерде сакталып жаткан буюмдардын тартипке салынган топтому.[2]

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Музейлер кандай милдеттерди аткарышы жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
2. *Алгачкы музейлер каерде түзүлгөн?*
3. *Дүйнөгө белгилүү музейлер жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
4. *Өзбекстандын музейлери жөнүндө айтып бер.*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

Өзүң көргөн же китептерде окуган музейлеринден бири жөнүндө кыскача аңгеме даярда.

---

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2008. 5-том. 28-бет.

[2] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 390-бет.



# IV бөлүм. АЛГАЧКЫ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАР, ШААРЛАР ЖАНА МАМЛЕКЕТТЕР

## 12-§. ЕВРОПА ЖАНА АМЕРИКАДАГЫ АЛГАЧКЫ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАР

**Цивилизация жөнүндө.** Цивилизация дейилгенде кайсы бир элдин маданиятынын өнүгүүсүндө жетишкен ийгиликтеринин даражасы түшүнүлөт. Ошон үчүн да цивилизация терминининин ордуна көбүнчө «маданият» сөзү да колдонулат. Эмгек куралдарынын өркүндөшү жана өндүрүш техникасынын ойлоп табылышы, шаар куруучулук, жазуунун пайда болушу, илим-билим, адабият, искусствонун өнүгүүсү жана башкалар цивилизация же маданияттын өнүгүүсүнүн белгилери болуп эсептелет. Азия жана Түндүк Африка (байыркы Египет) алгачкы цивилизация борборлору болгон.

**Крит – Европанын алгачкы маданият очогу.** Археолог окумуштуулар бүгүнкү Греция мамлекетине караштуу Крит аралында б.з.ч. 3–2 миң жылдыктарга таандык шаарлар калдыгын табышкан. Шаарда курулган сарайдын дубалдары шыбалган. Шыбак кургай элегинде ага оюп сүрөттөр сызылган. Сарайдын ылдыйкы кабатындагы көптөгөн бөлмөлөрдө устаканалар, куралканалар, кымбат баалуу буюмдар жана тамак-аш азыктары сактала турган кампалар жайгаштырылган.



**Дубалга оюп иштелген сүрөт.**

Крииттиктер кол өнөрчүлүктө чоң ийгиликтерге жетишишкен. Археологиялык табылгалар кол өнөрчүлүктүн, зергерлик, үй жана кеме куруучулук тармактары өрчүгөнүн көрсөттү. Кеме куруучулукта жетишкен ийгиликтер Криттиктерге соода жана аскердик флот жаратуу мүмкүнчүлүгүн берди. Соода флоту

Египет жана Вавилон сыяктуу мамлекеттер менен соода-сатык жүргүзүүгө кызмат кылды.

Криттиктер өз жазууларын да жаратышкан. Алар узундугу 150–200 метр, туурасы 70–150 метр кеңдиктеги абдан кооз жер асты залдарын да курушкан. Алар жараткан лабиринттер азыр да адамдарды таң калтырууда.

**Эсте тут!**

Б.з.ч. 3–2 миң жылдыктарда Критте мамлекет түзүлгөн. Бул Европадагы биринчи мамлекет болчу.

Б.з.ч. 2-миң жылдыктын ортолорунда болуп өткөн вулкан атылуусу натыйжасында Крит маданияты кырсыкка учураган. Бирок болуп өткөн бул кырсык Крит маданиятын таптакыр жок кылып жибербеген эле. Көп өтпөй Пелопоннес жарым аралында жашоочу грек уруулары Критти ээлеп алышкан.



**Микеналыктардын соода кемеси.**

**Микена маданияты.** Пелопоннес жарым аралында б.з.ч. 2-миң жылдыкта Микена шаар – мамлекети пайда болду. Бул шаар мамлекеттин маданияты криттиктер маданияты таасиринде өнүктү. Археологиялык казуулар Микенада кол өнөрчүлүк жана сооданын жакшы өнүккөндүгүн да көрсөттү. Бронзадан жасалган түрдүү курал, алтындан иштелген жасалга жана карападан даярдалган идиштердин калдыктары жакшы сакталган. Микеналыктар курган чептер жана таштан курулган үйлөр өтө бышык болчу. Шаардын жогорку бөлүгүндө падыша сарайы жана бай соодагерлердин үйлөрү жайгашкан. Сарайга жакын жерде аскага күмбөз курулган. Күмбөздөн бронза куралдар жана алтын буюмдар табылган. Шаар тегерегинде соодагерлер, кол өнөрчү жана дыйкандардын үйлөрү тыгыз жайгашкан. Микеналыктар Крит жазуусун өздөрүнө ылайыктап алышкан.



**Бронза куралдар.**



**Майя пирамидасы. Төрт тараптагы тепкичтердин саны жыл күндөрүнүн сандары – 365 ке тең болгон.**

**Майя маданияты.** Борбордук Американын Юкатан жарым аралында, калың чытырмандар арасында майялар жашашкан. Бул эл жашаган аймак табиятынан жашоо үчүн өтө ыңгайсыз болгон. Бирок алар кужурмөн эмгектери менен бул аймакты абат өлкөгө айландыра алышкан. Майя эли Америка материгинде эң өнүккөн маданият үлгүлөрүнөн бирин жараткан. Бул алар курган Тикал шаары мисалында өз тастыгын тапкан. Шаарда үч миңге жакын түрдүү имараттар (ибадаткана, обсерватория, аземдер сарайы жана үй-жайлар) курулган. Шаар борборунда курулган пирамида жана сарайлар болсо анын көркүнө көрк кошуп турган.

Б.з. 1-миң жылдыгында майяларда шаар-мамлекеттер пайда болгон. Алардын өкүмдарлары «Улуу инсан» деп аталган. Өкүмдарлык укумдан тукумга мурас болуп өткөн. Майялар 300 белгиден турган иероглифтүү жазууну жаратышкан. О.э., өз доору үчүн эң так болгон календарь түзүүгө да жетишишкен. Ибадатканаларда «кудайларга кызмат кылуучулар» – кечилдер өз доорунун эң билимдүү адамдары болгон. Алар планеталардын Күндүн айланасында айлануусу, Күн жана Айдын тутулуу маалын алдындан эсептеп чыга алышкан. Миң жылдан ашык жашаган бул маданият кийинчерээк, европалыктардын баскыны себеп жок болгон.

**Инктер маданияты.** Американын инктер деп аталган эли (баштапкыда азыркы Перу мамлекети аймагында жашаган) да өз мамлекеттерин түзүшкөн. Мамлекетти жогорку өкүмдар – Жогорку Инка башкарган. Жогорку Инканын жакын тууганы болгон эркектер өздөрүн «Күндүн уулдары» деп аташчу. Буга инктердин Күндү баш кудай деп эсептешкени себеп болгон. «Күндүн уулдары» мамлекетте жогорку мансаптарды ээлешкен.

Инктер кубаттуу сугат системасын курушкан. Аска таштардан коргонуу курулуштарын курушкан. Айрыкча, алар жараткан үч кабаттуу таш дубалдуу Күн ибадатканасы белгилүү болгон. Бул дубалдар бийиктигинин жарымына чейин алтын менен капталган.



**Инктердин жазуусу – кипу.**

Инктер Кориканча ибадатканасында «Алтын бак» курушкан. Бул бак алтын жана күмүштөн жасалган куш, түрдүү жаныбарлар жана адамдардын фигуралары менен кооздолгон. Инктер жиптерди түрдүү көрүнүштө түйүү жолу менен өзүнө мүнөздүү жазуу жаратышкан. Бул жазуу «кипу» деп аталган. Инктер мамлекетинде эки түрдүү атайын окуу мекемеси иштеген. Алардын биринчисинде ак сөөктөр тил, тарых, аскердик жана мамлекетти башкаруу өнөрү багытында билим алышкан. Экинчисинде болсо кыз балдар окушкан. Аларда ибадаткана кызматчылары жана өз жашоосун ак сөөктөр менен байлоочу үй бүлө кожойкелери тарбияланган. Бул окуу мекемесинде поэзия, музыка жана бий өнөрү окутулган.

### Терминдин мазмунун билип ал

**Лабиринт** – бир-бирине окшош бөлмөлөрү абдан көп болгон, адам жүрсө адашып кала турган чалгытуучу жолдору болгон чоң имарат.[1]

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Европадагы алгачкы маданият очогу – Крит маданияты жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
2. *Майя маданияты жөнүндө айтып бер.*
3. *Крит жана Микена маданият очокторун салыштыр. Окшош жана өзүнө мүнөздүү жактарын тап.*
4. *Инктер маданияты жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

---

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2008. 2-том. 481-бет.

# 13-§. БАЙЫРКЫ ШААРЛАРДЫН ПАЙДА БОЛУШУ

**Шаарлардын пайда болушу.** Шаар дегенде ири абат турак-жай түшүнүлөт. Шаарлардын пайда болушу кол өнөрчүлүк жана сооданын өнүгүшү менен байланыштуу. Дүйнөдө шаарлар б.з.ч. 5–3-миң жылдыктарда баштап Чыгышта – Месопотамия, Египет, Борбордук Азия, Индия жана Кытай сыяктуу мамлекеттерде пайда болгон.

Кол өнөрчү жана соодагерлер топтолуп жашап жаткан жерлер барган сайын тыгыздашып барган. Акырындык менен бул тыгыз турак-жайлар шаарларга айланган. Шаарларда чоң-чоң базарлардын саны барган сайын арткан. Убакыттын өтүшү менен шаарлар илим-билимдин борборуна да айланышкан.




Байыркы Египеттин шаарлары.

**Мемфис шаары.** Эң байыркы шаарлардан бири байыркы Египет мамлекетинин борбору Мемфис шаары эле. Шаар Египетти бирдиктүү мамлекетке бириктирген падыша Менес тарабынан курулду. Шаар ири маданий жана кол өнөрчүлүк борбору да болчу. Египет мамлекетинин өкүмдарлары фараондор деп аталган. Фараондор өздөрүнүн кудуретин көрсөтүү максатында пирамидалар түрүндөгү ири күмбөздөрдү курдура баштакан. Каза болгон фараондор ушул күмбөздөргө көмүлгөн. Күмбөздөргө жакын жерде фараондордон бири сфинкс түрүндө сүрөттөлгөн. Аска таштан иштелген сфинкстин бийиктиги 20 метрден ашкан.



Сфинкс.

Сфинкс адамдарда катуу коркууну ойготкон. Ошон үчүн ал «коркуунун атасы»

деп аталган. Пирамида жана сфинкс египеттиктерге «фараондор – кудуреттүү кудайлар», деген ойду сиңдириши керек эле. Шаарда салабаттуу ибадатканалар да курулган. Адамдарды кудай жана фараондор кудуретине ишендирүү максатында ибадаткана алдында же ичинде фараондордун адам боюнан 5–6 эсе чоң болгон айкелдери тургузулган. Ал эми дубал жана устундарга болсо алардын чоң сүрөттөрү оюп иштелген.

**Вавилон (Bobil) шаары.** Вавилон да байыркы шаарлардан бири. Ал курулган аймак азыркы Ирак мамлекетинин курамына кирет.

**Эсте тут!**

«Вавилон» сөзү «Кудайдын дарбазасы» деген маанини билдирет.

Шаар байыркы Вавилон мамлекетинин борбору болгон. Мамлекет да өз атын ушул шаардын атынан алган. Шаар айрыкча, падыша Хаммурапи доорунда Азиянын эң белгилүү шаарына айланган. Бирок, кийинчерээк шаар сырткы кол салуулар натыйжасында бир нече жолу кыйратылган. Навуходоносор II нин бийлиги доорунда Вавилон Азиянын эң күчтүү мамлекеттеринен бирине айланган. Шаардын борборунда 7 кабаттуу, бийиктиги 90 метрлүү ибадаткана мунарасы курулган. Вавилондуктардын оюнча, бул мунара жерди асман менен туташтырып турган. Шаардын кийинки кылымдардагы тагдыры аянычтуу кечкен. Ал баштап Иран, кийинчерээк македониялык Александр тарабынан басып алынган.



**Навуходоносор II.**

**Ниневия шаары.** Ниневия шаары да дүйнөнүн эң байыркы шаарларынан бири. Ага Дажла дарыясы боюнда негиз салынган. Бул шаардын да орду азыркы Ирак мамлекетинин курамында болгон. Шаардын соода жолдору кесилишкен жерде орношкондугу анын гүлдөп-өсүүсүнө шарт жараткан. Кийинчерээк шаар байыркы Оссурия мамлекетинин борборуна айландырылган. Оссурия күч-кудуретке толгон доорлордо

«Дүйнөнүн борбору» деп улууланган. Бирок, падышалардын тынымсыз алып барган согуштары Оссурияны алдан тайдырган. Акыры, б.з.ч. 612-жылда Вавилон мамлекети аны талкалаган. Ниневия болсо жексен кылынган.



**Аял кудай Афинанын айкели.**


**Афина шаары.** Грецияда курулган Афина шаары билим жана даанышмандык кудайы Афинанын атына коюлган. Шаар калкы Афинаны өздөрүнүн колдоочусу деп эсептешкен. Мезгилдер өтүп, Афина Европанын эң өнүккөн шаарына айланган. Шаарда илим-билим жогору бааланган.

Афиналыктар дүйнө элдери суктанса арзырлык маданият жаратышкан.

> **Эсте тут!**
>
> Афина шаары азыркы Греция мамлекетинин борбору болгон.

**Спарта шаары.** Байыркы Грециянын аймагында курулган Спарта шаары да өз доорунун ири шаарларынан бири эле. Спартаны аксакалдар кеңеши башкарган. Бул кеңештин мүчөлөрү спарталыктардин жыйынында шайланган. Спарта аскер кол башчылары да кеңеш мүчөлүгүнө киргизилген. Кеңеш эң маанилүү иштерди чечкен. Айыптуу кишилерди да кеңеш соттогон.

**Рим шаары.** Жазма булактарда берилишинче азыркы Италия мамлекетинин борбору Рим шаарына б.з.ч. 753-жылда негиз салынды. Кийинчерээк шаар Рим мамлекетинин борборуна айланган.



**Римде курулган театрлардан бири (Колизей).**

Мамлекет да шаардын аты менен аталган. Убакыттын өтүшү менен байыркы Рим шаары дүйнөнүн эң өнүккөн шаарларынын бирине айланган.

Жадагалса шаарга түтүктөр аркылуу тоолордон булак суулары алып келинген. Ибадатканалар, сарайлар жана айкелдер тургу-

зулган. Рим шаары азыркы күндө Италия Республикасынын борбору болуп саналат.

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Сфинкс** – денеси арстандыкына, башы адамдыкына окшотуп иштелген мифологиялык жаныбардын айкели. Ал падышанын кудуретинин символу болгон.

**Аял кудай** – кудайдын аял көрүнүшүндө элестетилген жубайы же кызы.[1]

**Фараон (Улуу үй, падыша сарайы)** – Египет падышаларынын улуулугун туюнтуучу даража.[2]

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Шаарлардын пайда болушу жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
2. *Мемфис, Вавилон жана Ниневия шаарларын бир-бири менен салыштыр. Окшош жана айырмалануучу тараптарын аныкта.*
3. *Афина жана Спарта шаарлары жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
4. *Рим шаары жөнүндөгү маалыматтарды Афина шаары жөнүндөгү маалыматтар менен салыштыр.*

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

«Байыркы дүйнө шаарлары»:

**1.** Мемфис, Вавилон, Ниневия, Афина жана Рим шаарларына мүнөздүү жалпы жактар эмне?

*а*) ... ;
*б*) ... .

## 14-§. ДҮЙНӨНҮН БАЙЫРКЫ МАМЛЕКЕТТЕРИ

**Байыркы Египет жана Вавилон мамлекеттери.** Мамлекет – белгилүү бир аймакта уюшкан адамдарды (кишилик коомду) мыйзамдын күчү менен башкара турган уюм болуп эсептелет. Мыйзам болсо мамлекет тарабынан белгилеп коюла турган жана жалпынын баш ийиши керек болгон тартип-эреже болуп саналат. Мамлекет алгач б.з.ч. 4-миң жылдыктын баштарында Африка материгиндеги Египет аймагында түзүлгөн. Алар чакан шаар-мамлекеттер болуп «ном»дор, мамлекеттин башчылары болсо «номарх»тар деп аталган. Кийинчерээк бул мамлекеттердин

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 563-бет.
[2] ӨзУЭ. – Т.: «ӨзУЭ». 2001. 9-том. 259-бет.

ордунда эки чоң мамлекет түзүлгөн. Мезгил өтүшү менен бул эки мамлекет бирдиктүү мамлекетке бириктирилген. Мемфис шаары мамлекеттин борбору кылып белгиленген. Мамлекеттин өкүмдары фараон деп аталган. Мамлекеттин ички турмушу өз ара согуштарсыз жүрбөгөн. Узакка созулган бул согуштар Египетти алсыраткан. Натыйжада, Египетти баштап Иран мамлекети, кийинчерээк македониялык Александр, андан кийин болсо Рим мамлекети басып алган. Азия материгинин Египеттен анча деле алыс болбогон бөлүгүндө Фрот жана Дажла дарыялары бар. Ушул эки дарыя аралыгы байыркы заманда Месопотамия деп аталган. Месопотамия жерлери абдан өнүмдүү болгондуктан адамдар бул жерлерди өз турак-жайларына айландырышкан. Месопотамияда б.з.ч. 2-миң жылдыкта Вавилон мамлекети түзүлгөн. Падыша Хаммурапи бийлиги доорунда Вавилон эң кудуреттүү мамлекетке айланган. Ал Месопотамиянын бардык бөлүгүн Вавилонго баш ийдирген.



**Эки дарыя аралыгындагы мамлекеттер.**

**Байыркы Кытай жана Индияда мамлекеттин пайда болушу.** Б.з.ч. II миң жылдыкта Кытайдын Хуанхэ дарыясынын этектеринде алгачкы мамлекеттер пайда болгон. Убакыт өтүшү менен алардын саны барган сайын көбөйүп барган. Алардан бири – Син мамлекети өкүмдары Син Ши Хуанди б.з.ч. III кылымда Кытайды бирдиктүү мамлекетке бириктирүүгө жетишкен.



**Байыркы Индия.**

Кытайда астрономия, дыйканчылык, медицина, география илимде-




Сандардын өнүгүүсү.

ри жана дыйканчылык өнүккөн. Жалпы сүйүп иче турган чайды кытайлыктар жетиштиришкен. Компасты да биринчи болуп кытайлыктар ойлоп тапкан. Кытай окумуштуулары өз мамлекетинин тарыхын жаратууга астейдил аракеттенген. Муну ишке ашыруу тарыхчы окумуштуу Сима Сянга насип кылган (б.з.ч. II–I кылымдын баштары). Ал өзүнүн «Тарыхый жылнаамалар» китеби менен тарыхта өчпөс из калтырган.

Индияда болсо алгачкы мамлекетер б.з.ч. 1-миң жылдыкта түзүлгөн. Б.з.ч. III кылымда падыша Ашока Индияны бирдиктүү мамлекетке бириктирүүгө жетишкен. Индиялыктар илим-билим тармагында да чоң ийгиликтерге жетишишкен. Атап айтсак, алар «0» (нөл) менен баштала турган он санды ойлоп табышкан. Натыйжада он сан аркылуу каалаган санды туюнтуу мүмкүн болгон. Бул ачылыш дүйнө элдерине азыр дагы абдан чоң деңгээлде кызмат кылып келүүдө.

## Терминдердин мазмунун билип ал

**Астрономия** – асман телолорунун түзүлүшүн жана кыймылдарын үйрөнүүчү илим.[1]

**Медицина** – адамдардын ден соолугун сактоо, оорунун алдын алуу жана ооруларды айыктыруу жөнүндөгү билимдердин системасы.

## Суроо жана тапшырмалар

1. *Мамлекет эмне экендигин чечмелеп бер.*
2. *Ой жүгүрт: Эмне үчүн коомду мыйзамсыз башкарып болбойт?*
3. *Мамлекеттин пайда болушуна себеп болгон факторлорду айт.*
4. *Байыркы Египет жана Вавилон мамлекеттери жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
5. *Байыркы Кытай жана Индияны бирдиктүү мамлекетке бириктирген тарыхый инсандарды ата.*
6. *Байыркы Кытай жана Индия маданиятта жетишкен ийгиликтерди салыштыр.*

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 1-том. 112-бет.

## 15-§. БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨНҮН ЖЕТИ УКМУШУ

**Жети укмуш жөнүндө.** Байыркы булактарда Жер ортолук деңиздин айланасындагы мамлекеттерде тургузулган жана өз салабаты, кооздугу менен ошол замандын адамдарын таң калтырган курулуштардан жетөөсү «Байыркы дүйнөнүн жети укмушу» деп жазып калтырылган.

**Египет пирамидалары.** Байыркы Египетте каза болгон фараондор үчүн баштапкыда атайын «үй» – табыт жасалган. Мындай «үй» (табыт) саркофаг деп аталган. Фараондун мумияланган денеси ага салынган. Кийин бул саркофаг туруктуу туракка – таштан курулган күмбөзгө коюлган. Бул күмбөздөр пирамидалар деп аталган. Египет фараондору тирүүлүгүндө эле өздөрүнө чоң таштардан пирамидалар курдуруп коюшкан. Китептерде жазылышынча, пирамидалардын эң чоңун фараон Хуфу (гректер аны Хеопс деп аташкан) курдурган. Хуфу пирамидасын куруу үчүн 2 миллион 500 миң даана таш сарпталган. Эң кичине таштын салмагы 2,5 тонна болгон. Пирамида таштарына биринин үстүнө экинчиси коюлганда алар өтө тыгыз жабышып тура тургандай кылып иштөө берилген.



**Египет пирамидалары.**

**Семирамида асма бактары.** Байыркы грек тарыхчысы Геродоттун жазышынча, Семирамида асма бактарын байыркы Оссурия падышасы – ханыша Семирамида (чыныгы аты Шаммурамат) б.з.ч. VIII кылымда курдурган.[1] Бак сөрүгө окшош кылып курулган, сөрүлөрдү түркүктөр көтөрүп турган. Сөрүлөрдүн үстүнө топурактар төшөлүп, ага ар түркүн гүлдөр, түрдүү көчөттөр отургузулган. Ар бир кабаттагы бакка тепкичтер аркылуу чыгылган. Ар күнү көптөгөн кулдар жогоруга суу ташышкан. Бактагы кооз дарактардын көлөкөсү, жогорудан



**Семирамида асма бактары.**

[1] *П. Захидов.* «Semiramida – Shammuramat izidan». «Tafakkur» журналы. 2-сан. – Т.: 2011. 64–69-беттер.



Олимп кудайы Зевс.



Аял кудай Артемиданын ибадатканасы.

ылдыйга чууруп аккан суунун салкыны чыныгы укмуштун өзү болгон. Кийинчерээк бул бакты Вавилон падышасы Навуходоносор II талкалап таштаган.

**Олимп кудайы Зевстин айкели.** Уламыштарга караганда, грек кудайлары Олимп тоосунда жашашкан. Зевс кудайлардын улуусу, кудайлар жана адамдардын «атасы» эсептелген. Анын аты «жарык асман» деген маанини билдирген. Кудуреттүү Зевстин урматына гректер 4 жылда бир жолу белгилүү спорт мелдештери – Олимпия оюндарын өткөрүшкөн.

Гректер Зевске атап ибадаткана жана айкел тургузушкан. Кудайлар падышасы Зевс такка отурган абалда сүрөттөлгөн. Оң колунда – кудай Никанын айкели, сол колунда – ыйык бүркүт орнотулган падышалык таягы, алтын кийимге оронгон, денеси пилдин сөөгүнөн сомдолгон, көздөрү баалуу таштардан жасалган Зевс айкелинин бийиктиги 12 метр болгон. Айкел ушунчалык чебердик менен жасалгандыктан, аны көзөткөн адамдын турмуштук түйшүктөрү, капачылыгы тарап кеткен.

**Аял кудайы Артемида ибадатканасы.** Аял кудай Артемиданын урматына Эфес шаарында (бул шаар азыр Түркиянын аймагында жайгашкан) көргөндөрдү таң калтыра турган ибадаткана курулган. Уламыштарга караганда, Артемида Зевстин кызы болгон. Ал түшүмдүүлүктүн, аңчылыктын жана Айдын кудайы эле. Ошол эле учурда жаныбарлардын демөөрчүсү жана аялдардын колдоочусу болуп да эсептелген. Артемида ибадатканасынын тамын аска

таштарынан иштелген 18 метрлүү устундар жөлөп турган. Ибадаткананын ичинде грек сүрөтчүлөрүнүн сонун чыгармалары жайгаштырылган.

**Күн кудайы Гелиостун айкели.** Б.з.ч. III кылымда Родос эли шаардын бир жылдык курчоодон кутулгандыгы урматына шаар демөөрчүсү, Күн кудайы Гелиостун айкелин жаратмакчы болушкан. Бийиктиги 35 метр болгон бул айкел жезден иштелген. Аны айкелчи Харос 12 жылдын ичинде курган. Айкелде Күн кудайы Гелиостун башы Күнгө тийип тургандай кылып сүрөттөлгөн.



**Күн кудайы Гелиостун айкели.**

**Александрия маягы.** Б.з.ч. 283-жылда ошол замандын ажайып укмушу – Александрия маягы курулган. Маяк кемелердин Александрия шаары портуна кирүү коопсуздугун камсыздоого кызмат кылган. Маяктын бийиктиги 120 метр болгон. Анын эң жогорку бөлүгү күмбөз менен капталган. Күмбөздүн үстүнө «деңиз кудайы» Посейдондун 7 метрлүү айкели орнотулган. Күмбөздү жылмаланган гранит устундар кармап турган. Анын үстүңкү бөлүгүндө маяк оту күйүп турган жана түндөсү деңизчилерге алыстан көрүнүп турган. Маяк айлананы күзөтүү жайы милдетин да аткарган.



**Александрдын маягы.**

**Галикарнас күмбөзү.** Кичи Азияда Карий вилаяты болгон. Анын борбору абдан бай жана кооз Галикарнас шаары эле.

Галикарнас күмбөзү б.з.ч. 353-жылда каза болгон өкүмдар Мавсолдун урматына курулган. Бул күмбөз ибадаткананын да милдетин аткарган. Күмбөздүн кеңдиги 66 метр, узундугу 77 метр, ал эми бийиктиги 46 метр болгон.

Биздин күндөргө чейин жети укмуштан болгону Египет пирамидалары гана сакталып калган.

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Маяк** – кемелерге жол көрсөтүү үчүн деңиз жээгине курула турган жана кемелердин багытын көрсөтүп берүүчү жабдыктарга ээ болгон мунара түрүндөгү курулма.[1]

**Күмбөз** – мүрзөнүн үстүнө курулган имарат.[2]

**Родос** – Жер ортолук деңизиндеги аралдардан биринин аты. Арал азыркы күндө Грецияга таандык.



Галикарнас күмбөзү.

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Байыркы дүйнөнүн кайсы эстеликтери «жети укмуш» деп аталган?*
2. *Египетте пирамидалар эмне үчүн курулган?*
3. *Семирамида асма бактары кимдин урматына курулган?*
4. *Зевс айкели жөнүндө айтып бер.*
5. *Аял кудай Артемидага арнап эмне үчүн ибадаткана курулган?*
6. *Галикарнас күмбөзү жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

## 16-§. ӨЗБЕКСТАНДЫН АЙМАГЫНДАГЫ БАЙЫРКЫ МАМЛЕКЕТТЕР

**Байыркы ата-бабаларыбыз.** Өзбекстан аймагында жашаган сактар, массагеттер жана согддор биздин байыркы ата-бабаларыбыз болуп саналат. Алардын жашоо мүнөздөрү жана эмгек ишмердүүлүктөрү жөнүндө байыркы Греция жана Рим окумуштууларынын чыгармаларында маалыматтар учурайт. Атап айтсак, грек тарыхчысы Геродот мындай деп жазган эле:



Геродот.

«Массагеттердин бардык буюмдары, атүгүл найза, ок-жаа жана айбалталары да алтын менен жезден жасалган. Баш кийимдери, курлары, аттарынын жүгөн жана үзөңгүлөрү алтындан болгон. Ал эми көкүрөк калкандары

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 522-бет.
[2] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 569-бет.

жезден жасалган. Алар күмүш менен темирди пайдаланышпайт анткени алардын алтын менен жез кендери көп».

Жазма булактарда айтылганыдай, сактар – азыркы Сырдарыянын жээктеринде, Ташкент облусу жана Түштүк Казакстан жерлеринде, Фергана өрөөнүндө, массагеттер – азыркы Амударыянын ылдыйкы агымдары жана ага чектеш болгон жерлерде, ал эми согддор азыркы Зарафшан жана Кашкадарыя оазисинде жашашкан. Ата-бабаларыбыз сугарма дыйканчылык, чарбачылык жана кол өнөрчүлүк менен алектенишкен.

**Харезм мамлекети.** Б.з.ч. VII кылымда азыркы Өзбекстан аймагында Харезм жана Бактрия мамлекеттери пайда болгон. Байыркы Харезм борборлорунан бири Көзаликыр шаары болгон. Ал калың жана бекем коргонуу дубалдары менен курчап алынган.


II–III кылымдарда курулган Топураккалаа Харезм мамлекетинин ири шаарларынан бири болгон. Археологдор бул шаардагы шахтардын сарайынын бөлмөлөрүнүн биринен башында таажы,




**Харезм, Бактрия жана Согдиана мамлекеттеринин картасы.**



**Харезм тыйындары.**



**Байыркы Бактрия үй коргону.**

колунда бүркүтү бар падышанын айкелин табышкан. Сарайда, о.э., «жоокерлер залы», «жеңиштер залы» сыяктуу залдардын болгондугу да аныкталган. Харезм мамлекетинде сугарма дыйканчылыкты өнүктүрүү максатында Амударыядан суу чыгаруу үчүн атайын курулмалар курулган.

Байыркы Харезмде кол өнөрчүлүк, куруучулук жана соода-сатык өтө өнүккөн. Тоолордон казып алынган кымбат баалуу зумурут таштарга иштөө берилип, түрдүү буюмдар даярдалган.

Алар Иран, Кытай, Индия, Египет сыяктуу мамлекеттерде сатылган. Кымбат баалуу металлдардан монеталар согулган. Байыркы Харезм мамлекети өзбек мамлекетчилигинин алгачкы пайдубалы болуп, 2700 жылдык тарыхка ээ.

**Муну кунт коюп оку!**

Өзбек мамлекетчилигинин пайдубалы мындан 2700 жыл илгери дал ушул Харезм оазисинде коюлган. Харезм тарыхы өзбек мамлекетчилигинин негизи, анын кудурети жана байыркылыгынын далили болуп саналат.[1]

**Бактрия мамлекети** азыркы Өзбекстандын түштүгүндө жайгашкан. Бактра жана Кызылтепа Бактриянын ири шаарлары эле. Бактра шаары Бактрия мамлекетинин борбору болгон. Ал бийик жана бекем коргонуу дубалдары менен

[1] *Ислам Каримов.* Go‘zal diyorimiz gavhari. (Ma’naviy yuksalish yo‘lida.) – Т.: «O‘zbekiston» БПЧҮ. 1999-жыл.

курчалган. Шаардын ичинде мамлекет падышасынын кооз чеби өзүнчө жайгашкан.

Бактрияда алтын, лаал (рубин) сыяктуу баалуу минералдар казып алынган. Бактрия лаалынан даярдалган продукциялар Кытай, Индия, Египет сыяктуу мамлекеттерде сатылган. Кымбат баалуу минералдардардын казып алынуусу мамлекетте зергерлик, көркөм кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө алып келген.

**Согд мамлекети.** Зарафшан жана Кашкадарыя оазиси айланасындагы жерлер Согдиана деп аталган. Кийинчерээк бул аймакта Согд мамлекети түзүлгөн. Эл негизинен дыйканчылык менен алектенген. Дыйканчылык жасалма сугарууга негизделген. Афрасияб (азыркы Самарканд шаарынын чыгыш бөлүгү) борбордук шаар болгон. Кол өнөрчүлүк жана соода да чоң орунга ээ болгон. Согд да Азиянын башка мамлекеттери менен соода мамилелерин орноткон.

### Тарыхый жайларды билип ал

**Кызылтөбө** – азыркы Сурхандарыя облусу аймагындагы байыркы шаар.

### Суроо жана тапшырмалар

*1. Байыркы ата-бабаларыбыз жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
*2. Байыркы Харезм мамлекети жөнүндө айтып бер.*
*3. Бактрия мамлекетинде кандай шаарлар болгон?*
*4. Согд мамлекети жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ТАПШЫРМА

Ата-энеңдин жардамында «Мамлекетчилик тарыхы» түшүнүгүн чечмелөөгө аракет кылып көр.



# V бөлүм. СООДА ЖАНА БАЙЛАНЫШ

## 17-§. ТЫЙЫНДАР – ТАРЫХ КҮБӨСҮ

**Алгачкы тыйындар.** Дүйнө элдеринин турмушунда акча чоң мааниге ээ. Ал миң жылдар бою адамдарга айырбаштоо каражаты болуп кызмат кылып келүүдө. Кишилик тарыхында акча болбогон доорлор да болгон. Алар алгач керектеле турган бардык нерселерди өздөрү өндүрүшкөн. Мезгилдин өтүшү менен дыйканчылыктан чарбачылык жана кол өнөрчүлүктүн өзүнчө ишмердүүлүк түрү болуп бөлүнүп чыгышы соода-сатыктын күчөшүнө алып келген. Эми алар, өндүргөн продукцияларын өз ара айырбаштоого өтүшкөн. Ушундай түрдө бири-биринин керегин камсыздашкан.

Соода байланыштарынын барган сайын өсүп барышы, ал эми шаарлардын көбөйүшү адам үчүн пайдалануу эң ыңгайлуу болгон айырбаштоо каражаты – акчанын жаратылышын зарылдыкка айландырып койгон. Металлдан (жез, күмүш жана алтын) иштелген алгачкы акча – тыйын ушундайча пайда болгон.

**Эсте тут!**

Тыйын (тенге) (түркий – тамга сөзүнөн алынган) – атайын символдор түшүрүлгөн жана белгилүү бир салмакка жана баага ээ болгон металлдан жасалган акча.

Археолог окумуштуулар тыйын алгач б.з.ч. VIII–VII кылымдарда Лидия (Азияда) мамлекетинде пайда болгондугун аныкташкан. Лидиянын аймагында алтын көп болгон. Бул мамлекетте алтындан жасалган тыйын **стартер** деп аталган. Иран падышасы Доро I нин доорунда болсо ошол мезгилдин белгилүү «дарик» деп

аталуучу тыйын акча жарыяланган. Бул тыйындын ар бири 8,4 грамм таза алтындан жасалган.

**Тыйындар тарыхтан күбөлүк берет.** Тыйындар оболу өзүнүн кандай металлдан жасалгандыгына карап ушул тыйынды жасаган мамлекеттер, алардын жер асты байлыктары жөнүндө күбөлүк берет. Экинчиден, тыйындардын салмагы жана анын жасалуу усулу, о.э. сапаты жөнүндө күбөлүк берет. Үчүнчүдөн, мамлекеттин аты, өкүмдарынын аты, анын такка отурган убагы жана бийлик жүргүзгөн жылдары жөнүндө күбөлүк берет. Төртүнчүдөн, ал же бул мамлекет тыйынынын дүйнөнүн башка мамлекет аймагынан да табылышына карап бул мамлекеттин кайсы мамлекеттер менен соода байланыштарын алып барганы, тышкы соодада кайсы мамлекеттин акчасы чоң роль ойногону жөнүндө да маалымат алуу мүмкүн.




Грек-Бактрия мамлекетинин тыйындары.

**Байыркы жана заманбап тыйындарда символдордун чагылдырылышы.** Байыркы мезгилдерде тыйындарга түрдүү символдор жана өкүмдарлардын сүрөтү түшүрүлгөн. Ошондой эле, өкүмдардын даражасы, аты жана тамгасы ошондой эле тыйынды чыгарган мамлекеттин же шаардын аты, жасалган жылы жазылган. Атап айтсак, Лидия падышалыгынын тыйын акчасы – стартердин бир жагына лидиялыктар үчүн ыйык эсептелген **түлкүнүн** сүрөтү түшүрүлгөн. Ошол эле учурда түлкү лидиялыктардын башкы кудайы – Бассарейдин символу болуп эсептелген.



Александрдын тыйыны.

Көптөгөн мамлекеттердин өкүмдарлары аттарын түбөлүктөштүрүү максатында тыйындарына өз сүрөтүн түшүрүшкөн. Мисалы, Доро I, македониялык Александр, Рим өкүмдары Юлий Цезарь, Грек-Бактрия өкүмдары Евкратид жана башкалар жасаткан тыйындар мунун айкын да-



Евкратиддин тыйыны.




**Өзбекстандын юбилей тыйындары.**




**Ташкенттин юбилей тыйыны.**

лили болушат. Заманбап тыйындарда да түрдүү символдорду берүү салты уланып келүүдө. Өзбекстан Республикасынын акча бирдиги – сум 1994-жылдын 1-июлунан мамилеге киргизилген. Убакыттын өтүшү менен 10, 25 жана 50 сумдук тыйын акчалар да жасалды. Бул тыйындардын бетине анын канча сум экендиги, ал эми арт жагына «Өзбекстан Республикасы» жазуусу жана мамлекетибиз гербинин сүрөтү түшүрүлгөн. Өзбекстанда белгилүү бабаларыбыздын юбилейлери себеп алардын сүрөтү түшүрүлгөн тыйын акчалар жасалган. Мисалы, 1996-жылда улуу бабабыз Амир Темурдун юбилейинин 660 жылдыгы себептүү, 2009-жылда болсо Ташкент шаарынын 2200 жылдыгына атап 100 сумдук тыйын акчасы жасалганы мунун далили болот.

**Терминдин мазмунун билип ал**

**Юбилей** – Тарыхый окуялар, улуу тарыхый инсандардын белгилүү бир жашын салтанаттуу түрдө атап өтүү.

**Суроо жана тапшырмалар**

1. *Акча пайда болгонго чейин соода иштери кандай ишке ашырылган?*
2. *Алгачкы пайда болгон тыйын акчалар жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
3. *Эмне үчүн тыйындар – тарых күбөсү дейилет?*
4. *Тыйындарда чагылдырылган түрдүү символдор, сүрөттөр жана даталар эмнелерди билдиришин чечмелеп бер.*
5. *Өзбекстан мамлекетинин тыйын акчалары жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

## 18-§. СООДА ЖОЛДОРУ

**Байыркы кербен соода жолдору.** Соода-сатык иштери бардык мезгилдерде адамдардын жашоосунда өзгөчө мааниге ээ болгон. Ал мамлекеттин экономикалык өнүгүшүнө да чоң

таасир көрсөткөн. Ушул себептүү да түрдүү мамлекеттер өз ара пайдалуу соодадан абдан таламдуу болушкан. Бул болсо байыркы замандарда да маанилүү соода жолдорунун ачылышына алып келген. Өз аймагынан соода кербендери өтө турган мамлекеттер жолдордун бойлоруна соодагерлер үчүн бардык зарыл шарттарды, мүмкүнчүлүктөрдү жаратып беришкен.

Алардын жана товарларынын коопсуздугун камсыздоо чараларын көрүшкөн. Байыркы кербен соода жолдорунан бири «Лаал жолу» деп аталган. Бул жол б.з.ч. 3–2-миң жылдыктарда ачылган.

**Эсте тут!**

Жолдун «Лаал жолу» деп аталышына бул жолдон баалуу лаал ташынын ташылышы себеп болгон. Ал лазурит (лазурь) деп да аталат.

«Лаал жолу» Памир тоосунан башталып Иран, Месопотамия жана Египет аркылуу өткөн. Лаал таштарынан жасалган буюмдар атүгүл Египет фараондорунун күмбөздөрү (пирамидалары)нөн да табылган.

Байыркы белгилүү соода жолдорунан дагы бири «Падыша жолу» деп аталган. Ага Иран шахы Доро I негиз салган. Аны Иран шахтары көзөмөлгө алышкан. «Падыша жолу» эки багыттуу болуп, биринчиси Жер ортолук деңизи жээгиндеги түрдүү шаарларды Иран менен байланыштырган болсо, экинчиси Иран жана Бактрия аркылуу өтүп Алтай жана Индияга чейин барган.

**Улуу Жибек жолунун** узундугу 12000 км болгон жана ал б.з.ч. II кылымда ачылган. Бул жол бир гана соода жолу эмес эле. Ал, о.э., дүйнө элдеринин ортосунда маданий жана мамлекеттер аралык байланыштар жолу катары да кызмат кылган. Жол Кытайдын Хуанхэ дарыясынын боюнда жайгашкан Циан шаарынан башталып, эки багыттуу болгон.

Биринчи багыт Кытайдан Самаркандга чейинки болуп, Самаркандда ал дагы экиге бөлүнгөн. Бири Иран аркылуу Жер ортолук деңизине чейин, экинчиси Түндүк Кавказ аркылуу Кара деңизге чейин жетип барган.

Экинчи багыт Кытайдан башталып, Памир – Тянь-Шань тоо кыркаларынан өтүп, Ооганстанга, андан Индияга алып чыккан.




**Улуу Жибек жолу.**

**Эсте тут!**

«Улуу» сөзү жолдун абдан узун жана өтө көп элдердин тагдырына таандык болгонун билдирет. Ал эми «жибек» сөзү болсо жолдун негизинен жибек соодасына кызмат кылгандыгын билдирет.

Жибек продукциялары Европа элдерин абдан суктанткан. Ал кездерде Европа жибек эмнелигин билбеген. Биздин бабаларыбыз жана кытайлыктар жибектен ажайып маталар, кездемелер токушкан. Бул кездемелер европалыктарды таң калтырган. Кээ бир жазма булактарда жазылышынча, атүгүл бир мезгилдерде жибек кездемесинин орому акча ордунда да иштетилген экен. Улуу Жибек жолу кайсы мамлекеттин аймагынан өткөн болсо, ошол мамлекеттин өкүмдарлары жолдун боюнда бекеттер, кербенсарайлар курдурушкан. Жолдун коопсуз болуу чараларын көрүшкөн. Анткени, бул жол себеп ушул мамлекеттин да соода-сатык иште-



**Улуу Жибек жолундагы базар.**

ри өнүккөн. Жадагалса, соода кербендеринин ээлери бажы да төлөшкөн. Бул болсо мамлекет казынасына чоң киреше келтирген. Улуу Жибек жолу журтубуздун тарыхында да чоң из калтырган. Ал дүйнө элдерине он жети кылым бою кызмат кылган.

**Байыркы деңиз соода жолу.** Байыркы мезгилдерде деңиз соода жолдору да болгон. Ушулардын бири Жер ортолук деңизинин чыгыш жээгинде жашаган байыркы финикиялыктар ачкан деңиз соода жолу эле. Финикиялыктар өз доорунун эр жүрөктүү деңизчилери болушкан. Финикиялыктар биринчи болуп Жер ортолук деңизге жол ачышкан. Алар түндүктө Гибралтар кысыгы аркылуу Британия аралына чейин, Кызыл деңиз аркылуу Инд океанына сүзүп барышкан. Финикиялыктар ошол доор үчүн бышык жана сапаттуу соода кемелерин жасашкан. Алар парустардын жардамында жүргөн жана көп жүктөрдү ташый алган. Финикиялыктар түндөсү жолдон адашып кетпестик үчүн жылдыздарга карап сүзүүнү билишкен.

**Терминдин мазмунун билип ал**

**Финикия** – Азыркы Ливан жана Сирия мамлекеттери аймагынын бир бөлүгүндө болгон байыркы мамлекет.[1]

[1] ӨзУЭ. – Т.: «ӨзУЭ». 2008. 9-том. 252-бет.

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Эмне үчүн байыркы доорлордо да соода жолдору ачылган?*
2. *«Лаал жолу» жана «Падыша жолу» жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
3. *Улуу Жибек жолунун ачылышы жана анын дүйнө элдеринин турмушунда туткан орду жөнүндө айтып бер.*
4. *Байыркы финикиялыктар ачкан деңиз соода жолдору жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

### ӨЗ АЛДЫНЧА ТАПШЫРМА

Өзбекстан бүгүнкү күндө Кытай мамлекети менен жүргүзүп жаткан тышкы соодасында кандай жолдордон пайдаланып жаткандыгын аныктап кел.

## 19-§. ЖАҢЫ ДЕҢИЗ СООДА ЖОЛДОРУНУН АЧЫЛЫШЫ

**Деңиз соода жолдоруна болгон талаптардын өсүшү.** XV кылымдын аягы жана XVI кылымдын башында Европа континентиндеги мамлекеттерде жаңы деңиз соода жолдоруна болгон талап андан да күчөгөн. Буга эмнелер себеп болгон эле?

Биринчиден, XV кылымдын аягы – XVI кылымдын башында Европада товар өндүрүү жогорку темпте өсө баштаган. Бул болсо түрдүү чийки заттарга болгон талапты арттырып жиберген. Бирок, Европа континентинин өзүндө чийки зат аз эле. Ошол себептүү анын өлчөмү талапты кандыра албаган.

Мындан сырткары, Европада соода-сатыктын өнүгүшү акчага болгон талапты да арттырып жиберген. Көп өлчөмдө акча согуп чыгаруу үчүн болсо көптөгөн алтын жана күмүш керек болчу. Ал эми Европада мындай баалуу металлдар аз эле. Ошондуктан европалыктар аларды башка континент мамлекеттеринен алып келүүнү ойлой баштaшкан. Алардын ой-пикирин башка өлкөлөрдүн элдеринин алтын-күмүштөрүн жана башка байлыктарын ээлөө чулгап алган. Бирок, европалыктар Улуу Жибек жолунан жана Жер ортолук деңизи аркылуу өтө турган деңиз соода жолунан пайдалана алышчу эмес. Анткени, бул жолдор европалыктардын ошол мезгилдеги негизги душманы Осмонийлер мамлекети (Түркия) колунда эле. Ошондуктан, бул жолдор Европалыктар үчүн кооптуу

болуп калган. Мындай шартта жаңы деңиз соода жолдорун ачуу зарылдыкка айланды. Бул мезгилде европалыктарда жаңы деңиз соода жолдорун ачууга мүмкүнчүлүк берүүчү кудуреттүү кемелер жана аскердик куралдар бар болчу.

Ошондой эле, алар деңизде **компас** жана а**стролябия**дан пайдаланууну билишкен.

**Жаңы деңиз соода жолдорунун ачылышы.** Португалия жана Испания деңизчилери жаңы деңиз жолдорунун ачылышынын демилгечилери болушту. Жаңы деңиз жолдорун ачуу деңизчилерден чоң эрдикти да талап кылган.


**Христофор Колумб.**

Жаңы деңиз соода жолун ачууга биринчи болуп Испания королдугуна кызмат кылган, деңиз саякатчысы адмирал Христофор Колумб жетекчилик кылган. Ал өз алдына Европадан Атлантика океаны аркылуу Индияга бара турган деңиз жолун ачууну максат кылып койгон.

1492-жылдын жайында Х. Колумб башчылыгындагы 3 кеме Атлантика океаны аркылуу жолго түштү. Ушул жылдын октябрь айында саякатчылар кургактыкка келип түшүштү. Х.Колумб Индияга жетип келдим деп ойлоду. Бирок, ал Индияга эмес, жаңы материк – Америкага келип калган эле. Ошентип, Америка материги ачылды.

**Эсте тут!**

1492-жылдын 12-октябры Америка материги ачылган күн болуп тарыхка кирген.

Х. Колумб ачкан өлкөлөр Испания королдугунун мүлкүнө айланган.

**Кийинки ачылыштар.** 1498-жылда Атлантика океаны аркылуу Индияга барыла турган деңиз жолун португалиялык саякатчы Васко да Гама ачууга жетишкен.

Кийинчерээк европалык башка саякатчылар Австралия (Түштүк жер) материгин да ачышты.

**Эсте тут!**

Адамдар үчүн өздөрү жашаган мезгилге чейин белгисиз болгон жаңы жерлердин издеп табылгандыгы улуу географиялык ачылыштар деп аталат.

**Дүйнөлүк соода байланыштары.** Улуу географиялык ачылыштар себеп жаңы соода жолдору ачылган. Бул жолдордун ачылышы өз кезегинде дүйнөлүк сооданы келтирип чыгарган. Натыйжада кишилик коомунун өнүгүүсү андан да ылдамдаган. Улуу географиялык ачылыштардан кийин Англия мамлекети эң маанилүү деңиз соода жолдорунун үстүндөгү мамлекетке айланды. Бул болсо ага дүйнөлүк соодада биринчиликти колго киритүүгө мүмкүнчүлүк жаратты. Мамлекеттин борбор шаары Лондон соода кемелери токтой турган ири порт шаарына айланды.




**XV кылымдагы Американын картасы.**

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Адмирал (деңиз өкүмдары)** – аскердик деңиз флоту кол башчыларына бериле турган жогорку аскердик наам.[1]

**Астролябия** – XVIII кылымга чейин кандайдыр бир жердин географиялык жайгашуу абалын, убагын, жылдыздардын чыгуу жана батуу убактысын аныктоодо колдонулуп келген аспап.[2]

**Компас** – дүйнөнүн жактарын аныктай турган, жебеси дайыма түндүктү көрсөтүп туруучу аспап.[3]

**Порт** – деңиз же дарыя жээгинде кемелер туруучу жана ондолуучу, жүк жүктөө жана түшүрүүгө ылайыкташкан, о.э. жолоочуларга кызмат кылуучу атайын жабдылган жай.[4]

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Кандай факторлор европалыктардын алдына жаңы деңиз жолдорун ачуу маселесин капталынан койду?*
2. *Жаңы деңиз жолдорунун ачылышында Х. Колумб кандай роль ойноду?*
3. *Португалиялык деңиз саякатчылары жаңы деңиз жолдорун ачууга кандай салым кошушкан?*
4. *Улуу географиялык ачылыштар деп эмнеге айтылган жана анын тарыхый мааниси эмнелерден турат?*

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

Эгемендүү Өзбекстан мамлекетинин деңиз соода флотуна ээ эместиги кандай факторлор менен түшүндүрүлөт? Бул жөнүндө жооп таап кел.

## 20-§. ӨНДҮРҮШТҮК ТЕХНИКАНЫН ПАЙДА БОЛУШУ

**Өндүрүштүк техника деген эмне?** Өндүрүштүк техникасы – инсандын эмгегин жеңилдетүүчү жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн көп эсе ашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү эмгек куралдары.


**Эсте тут!**

Өндүрүштүк техника деген сөздүн ордуна машина сөзү да иштетилет.

Техниканын мурдагы эмгек куралдарынан негизги айырмасы – өндүрүштө адамдын кол эмгегин абдан азайтуусунда же ага тапта-

[1] ӨзУЭ. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 1-том. 40-бет.
[2] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 1-том. 111-бет.
[3] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 396-бет.
[4] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2007. 3-том. 298-бет.

кыр орун калтырбоосунда. Мындай мисалдарды көп келтирүү мүмкүн. Мотыга, соко, плуг, чаркпалек, ийик, чарк, токуучулук станоктору, шамал тегирмени жана башкалар адамдын кол эмгегин эң көп даражада жеңилдетүүгө мүмкүнчүлүк бере турган техниканы жаратуу жолундагы алгачкы ойлоп табуулар болду.


«Женни» механикалык жип ийрүүчү машина.

**Өнөр-жайда өндүрүштүк техниканын пайда болуу себептери.** Өнөр-жай чарбанын техниканын жардамында чийки заттан даяр продукция өндүрө турган тармагы саналат. Өнөр-жайда өндүрүштүк техниканын колдонулушу XVIII кылымга келип эң алды менен Англияда башталган.

Бул мезгилде Англияда өндүрүш дүркүрөп өнүгүүдө эле. Ал ири аскердик деңиз жана соода флотуна ээ болгон. Бул абал ага чет элдерге чоң көлөмдө товарлар чыгарып сатуу мүмкүнчүлүгүн берген. Англиялык ишкерлер чет элдерге андан да көбүрөк, биринчи кезекте эң өтүмдүү токумачылык өнөр-жай продукцияларын алып чыгып сатуу жана андан чоң байлык арттырууга умтулушкан. Ошол эле учурда, Англия өзү басып алган өлкөлөрдүн эсебинен чоң чийки зат булактарына да ээ болуп алды. Мунун натыйжасында англиялык ишкерлердин байлыктары барган сайын артып барган. Бара-бара алардын колунда кең пайдалануудагы товарларды өндүрүү мүмкүн болгон фабрикалар куруу жана анда техниканын алдыңкы ийгиликтеринен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн бере турган даражада акча каражаттары чогула баштаган. Ошентип, Англияда өндүрүштүк техникаларды (машиналарды) ойлоп табуу мезгил талабына айланды.

**Улуу ачылыштардын башталышы.** Англияда өндүрүштүк техникадагы ачылыштар баштап токуучулук тармагында башталган. Буга сапаттуу кездемелерге талаптын артып барышы себеп болду. Бул талапты бир гана өндүрүштүк техника (машиналар) жардамында кандыруу мүмкүн эле. Алгачкы ачылыш XVIII кылымда жасалды 1733-жылда механик жана токуучу Жон Кей токуу станогун ойлоп тапты. Буга чейин токуучу өрмөктү түрмөк жиптеринин арасынан өзү өткөрүп турууга мажбур болуп жаткан эле. Ачылыштан соң болсо токуучу бул ишти бут курулмасын басып туруу аркылуу

аткара турган болду. Ушундай түрдө, Жон Кейдин ачылышы эмгек өндүрүмдүүлүгүн эки эсе жогорулатууга мүмкүнчүлүк берген. Бул мезгилде Англияда ийрилген жипке да талап артып барган. Бул болсо өз кезегинде Жеймс Харгривс тарабынан бир эле маалда 15–18 ийиргич иштей турган механикалык ийиктин ойлоп табылышына алып келген. Ал өз ачылышын кызынын аты менен «Женни» деп атаган. Эми фабрика ээлери үчүн ийрилген жиптерден көп өлчөмдө кездеме токуй турган токуу техникасы да керек эле. Бул көйгөйдү Эдвард Картрайт чечкен. Ал механикалык токуу техникасын ойлоп тапкан. Бул техника токуучунун эмгек өндүрүмдүүлүгүн 40 эсе арттырган.

**Буу машинасынын ойлоп табылышы.** Фабрикалык өндүрүштүн андан да жогору болушу үчүн суу бар жайда гана эмес, каалаган жерде иштетүү мүмкүн болгон техника керек эле. Тез арада мындай техниканы англиялык Уатт Жеймс ойлоп тапты. Бул биринчи кыймылдаткыч (мотор), б. а. – аракетке келтирүүчү техника болчу. Азыркы заман жеңил автомобили моторун көз алдыңа келтир. Кыймылдаткыч ишке түшүрүлгөндөн соң, бензин же газ менен аракетке келет. Уатт Жеймс жашаган мезгилде бензин же газдан пайдалануу али ойлоп табылбаган эле. Ошондуктан алгачкы кыймылдаткыч буу (пар) менен аракетке келтирилген жана ал буу машинасы деп аталган. Буу сууну кайнатуу жолу менен алынган.

Жип ийрүүчү жана ийрилген жиптерден кездеме токуучу техникалар ушул буу машинасы менен аракетке келтирилген. Бул кубулуш ошол мезгил үчүн өтө чоң ийгилик эле. Буу машинасынын ойлоп табылышы кийинчерээк транспорт техникалары үчүн да кыймылдаткычтын жаратылышына алып келди. XVIII кылымда ишке ашырылган бул сыяктуу ачылыштар Англиянын дүйнөнүн эң өнүккөн мамлекетине айлануусуна алып келген.

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Механик** – техника жаратуучу, техниканы көзөмөлдөөчү жана ишке түшүрүүчү адам.[1]

**Фабрика (устакана)** – техникалык курулмалардын жардамында чийки заттан даяр продукция өндүрө турган өнөр-жай ишканасы.[2]

---

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 584-бет.

[2] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2008. 4-том. 317-бет.

**Транспорт** – жүк жана адам ташуучу каражаттар (мисалы, автомобиль, автобус, поезд, самолёт ж. б.).

### Суроо жана тапшырмалар

1. *«Өндүрүштүк техника» түшүнүгүнүн мазмунун чечмелеп бер.*
2. *XVIII кылымда Англияда кандай факторлор техника тармагында улуу ачылыштардын ишке ашырылышына себеп болду?*
3. *Жон Кей жана Жеймс Харгривстин ачылыштарынын окшош жана айырмалуу жактарын аныкта.*
4. *Э. Картрайттын ачылышы жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
5. *Буу машинасынын ойлоп табылышына эмнелер себеп болду жана бул ойлоп табуу эмне үчүн буу машинасы деп аталган?*

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

Бүгүн күйүүчү отундун кандай түрлөрү менен иштей турган кыймылдаткыч (мотор)тардан пайдаланылып жаткандыгын жана алар эмнелерде колдонулуп жаткандыгын аныктап кел.

## 21-§. ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ОЙЛОП ТАБЫЛЫШЫ

**Буу машинасынан пайдалануу тармагынын кеңейиши.** Убакыттын өтүшү менен конструктор жана ойлоп табуучулар буу машинасынан башка тармактарда да пайдаланууга аракет кылышкан.



**Биринчи пароход.**

1807-жылда америкалык механик Роберт Фултон буу менен аракеттене турган эшкектүү чарктары болгон биринчи пароходду жасады. Узундугу 40,5 метр, эни 5,5 метрге жакын болгон бул пароход «Клермонт» деп аталган.

Пароход сыноодон өткөрүлө турган күнү өтө көп адам чогулган. Алар көрүүгө келишкен эле. Ушул убакытка чейин пайдаланып келинген парустуу кемелер шамал болсо гана сүзчү. Р.Фултон жараткан кеме болсо шамалга каршы да сүзө алгандыгын көргөн көрүүчүлөр таң калышкан. Сыноо учурунда пароход саатына 8 км ылдамдык менен сүзө алган. Ушундай түрдө деңиз кеме куруучулугу акырындык менен шамалга көз каранды-

лыктан арыла барган. Пароходдор барган сайын өркүндөтүлүп барылган. Тез арада өтө чоң окуя болуп өттү. Биринчи жолу пароход Атлантика океанынан сүзүп өтүп 26 күндө Америкага жетип барды. Өз мезгилинде Христофор Колумб бул жерге парустуу кемелеринде 70 күндө жетип барган эле. Буу машинадан пайдалануу кеме курууучулук менен чектелип калбаган. 1814-жылда англиялык конструктор жана ойлоп табуучу Жорж Стефенсон буу менен жүрө турган биринчи паровозду жаратты. Паровоз темир изинде сынап көрүлгөндө 8 вагонду сүйрөгөн абалда саатына 10 км ылдамдык менен жүргөн.

**Кошумча маалымат**

Ж. Стефенсон жараткан биринчи транспорт – паровозду «Блюхер», кийинчерээк өркүндөтүлгөн түрүн болсо «Ракета» деп атаган.




**Биринчи паровоз.**

**Дүйнөдө темир жолдор курулушунун башталышы.** Темир жолдор куруу эмне үчүн зарыл эле? Англия портторунда көз каранды өлкөлөрдөн өтө чоң өлчөмдө чийки зат алып келинген. Аларды мамлекеттин түрдүү шаарларында курулган токуучулук фабрикаларына кыска убакыттарда жана арзан бааларда ташып берүү, фабрикаларда өндүрүлгөн даяр продукцияларды болсо, мамлекеттин портторуна кудум ушундай түрдө жеткирип берүү зарылдыкка айланган. Бул зарылдык темир жолдун курулушуна алып келген.

1825-жылда Ж. Стефенсон эки шаардын ортосунда алгачкы темир жолду курууга жетишти. Арадан төрт жыл өткөндөн соң, ал Англиянын эки белгилүү шаарлары – Манчестер менен Ливерпулдун арасында кезектеги темир жолду да курду. Кийинчерээк, алгачкы эл аралык темир жол да курулду. Бул жол Лондон шаарын Түркиянын Стамбул шаары менен байланыштырган. Темир жолдор кийинчерээк дүйнөнүн башка мамлекеттеринде да курула баштады.



**Можайскийдин самолёту.**



**Ага-ини Райттардын самолёту.**




**Заманбап самолёттор.**

**Самолёттун жаратылышы**. Адамзат тээ байыркы мезгилдерден эле асманга учууну эңсеген. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баштарына келип адамдын бул тилеги орундалды. Орус окумуштуусу Александр Фёдорович Можайский 1885-жылда эки буу двигатели орнотулган биринчи самолётту жаратты.

> **Эсте тут!**
>
> Самолёт (орусча сөз, сам – өзүм, летать – учуу) – өзү уча турган, абадан оор, учуучу машина.

Окумуштуулар жана конструкторлор кыймылдаткычы күйүүчү отун (бензин, керосин) менен иштей турган самолётту жаратуунун үстүндө баш катырышкан. 1902-жылда Америкалык ага-ини Уилбер жана Орвилл Райттар дүйнөдө биринчи ушундай самолётту жаратышкан. 1903-жылда болсо 3 метр бийиктикте биринчи учууну ишке ашырышкан. Учуу болгону 12 секундга созулган. Ушул убакыттын ичинде 30 метр аралык басып өтүлгөн. Учуу өтө кыска убакытка созулган болсо да, бул чоң тарыхый окуя эле. Анткени, бул учкан да, конгон да биринчи чыныгы учуу болгон. Кийинки жылдарда ага-инилер самолётту өркүндөтүүнү улантышты жана саатына 60 км ылдамдык менен уча турган самолётту жаратышты.

1913-жылда болсо россиялык конструктор И. Сикорский «Русский Витязь» (орус балбаны) деп аталган өзгөчө самолёт жаратты. Ал дүйнөдөгү биринчи 4 кыймыл-

даткычтуу самолёт болчу. Бүгүнкү күндө самолёт миллиондогон адамдардын алысын жакындатууда. Миндеген тонна жүктөр ташылууда. Алардын катарында «Өзбекстан аба жолдору» авиакомпаниясынын самолёттору да бар.

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Вагон** – темир жолдордо жүргүнчү жана жүктөрдү ташууга ылайыкташтырылган дөңгөлөктүү атайын курулма.[1]

**Конструктор** – машина жана имараттардын планын түзүүчү адис.[2]

**Пароход** – буу менен иштей турган кыймылдаткыч орнотулган кеме.[3]

**Паровоз** – буу менен иштей турган кыймылдаткыч орнотулган жана вагондорду тартуучу машина.[4]

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Америкалык Р. Фултон жана англиялык Ж. Стефенсондордун ойлоп табуулары жөнүндө айтып бер.*
2. *Кандай факторлор Англияда алгачкы темир жолдордун курулуусуна себеп болгон?*
3. *Негизги транспорт каражаттарынын бири болгон самолёттун жаратылуу тарыхы жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

«Өзбекстан аба жолдору» жөнүндө ата-энең менен маектеш. Маек учурунда Өзбекстанда кайсы маркадагы самолёттордон пайдаланылып жаткандыгын да аныкта.

## 22-§. БАЙЛАНЫШ КАРАЖАТТАРЫНЫН ОЙЛОП ТАБЫЛЫШЫ

**Телеграфтын ойлоп табылышы.** Телеграф түрдүү кабарларды алыс аралыктарга жазуу түрүндө, тез узатууга ылайыкташтырылган курулма. Мындай курулманы биринчи болуп 1832-жылда орус окумуштуусу Павел Шиллинг ойлоп тапкан. Ал кабарларды чекит жана тирелер (сызык) түрүндө узаткан.

---

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 1-том. 430-бет.
[2] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 401-бет.
[3] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2007. 3-том. 227-бет.
[4] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2007. 3-том. 226-бет.

1837-жылда америкалык окумуштуу С.Морзе да ушундай курулма жана анда пайдаланыла турган атайын алиппе жараткан. Бул алиппе тарыхка «Морзе алиппеси» аты менен кирген. Бул алиппеде тамгалардын ордуна чекит жана тирелер (сызык) иштетилет. Мисалы, чекит жана бир эле тире А тамгасын; тире жана үч чекит «Б» тамгасын; чекит, тире, дагы эки чекит «В» тамгасын билдирген.

Бул алиппе дүйнө элдери үчүн көп жылдар бою кызмат кылды. Азыркы күндө болсо, андан алиге чейин деңиз кырсыгы болгондугу жөнүндөгү кабарды берүү учурунда пайдаланылууда. Сен деңиз кырсыгы болгондугун билдирүүчү белги «SOS» экендигин балким билерсиң.

Деңиздерде кырсыкка кабылган кемелер «SOS» кабарын жиберүү үчүн «Морзе алиппе»синдеги «үч чекит, үч тире, дагы үч чекит» белгисин – (сигналын) жиберишет. Бул белгилерди кабыл алган башка кеме же жээк куткаруу группасы тезинен жардамга жетип баруунун чараларын көрөт. Эл аралык эреженин талаптары мына ушундай.

**Эсте тут!**

Деңизде узатылган кырсык кабарларын кабыл кылып алуу үчүн ар 5 минутада «радиосүкүт» убактысы жарыяланган.

Морзе курулмасында чекит жана тирелер телеграф ачкычтары жардамында узатылат. Кабар берүүчү ачкычты басканда курулмадагы батарея курулманын тармагына ток берет.

Электр тогу суюк боёктун ичине матырып коюлган дөңгөлөкчөнү (тамга басуучуну) кыймылга келтирет. Ал эми дөңгөлөкчө болсо тасмага окшош даярдалган кагазга тамгалардын белгисин түшүрөт. Ачкыч басылгандан соң тез эле коюп жиберилсе «чекит», ал эми узагыраак басып турулса «тире» белгисин түшүрөт.

Ар бир белгинин кайсы тамганы билдиришин билип алган киши «Морзе алиппеси»нде жазылган жазууну оңой эле окуй алат.

Бүгүнкү күндө Морзе алиппесине ылайыкташтырылган телеграф курулмасынын ордуна телетайп курулмасынан пайдаланылып



**Телетайп курулмасы.**

жатат. Телетайпта ачкыч жок, бирок жазуу машинасындагы же компьютердегиге окшош тамга баскычтары бар. Кабар жөнөтүүчү узатуучу курулмага кабардын текстин жазат. Ал эми кабыл алуучу курулма болсо, кабарды кагаз тасмасына (лентасына) жазып алат. Окумуштуулардын изденүүлөрү натыйжасында бул курулма өркүндөтүлдү.

**Кунт коюп оку!**

Телетайп – жазуу машинкасына окшош клавиатуралуу, алыстан жиберилген маалыматтарды кагаз тасмасына автоматтык түрдө жазып алуучу механизмдүү телеграф аппараты.

Бүгүнкү күндө ыңгайлуу байланыш каражаттарынан дагы бири факс. Ал тексттүү, жадыбалдуу, сүрөттүү ж.б.у.с. кабарларды кандай болсо ошондоюнча белгиленген жайга жеткире алат. Азыркы күндө байланыштын бул каражаты дээрлик бардык ири ишкана жана мекемелерде бар. Факс курулмасы дагы көп нерселерге жөндөмдүү.

Мисалы, ал каалаган сүрөт жана документтен ксеронуска да алышы мүмкүн. Мындан сырткары, каалаган тилде жазылган кабарды да кабыл кыла алат.



**Заманбап телефон аппараттары.**

**Телефондун жаратылышы.** Бүгүнкү күндө дээрлик бардык үйдө жок дегенде бир уюлдук телефон аппараты бар.

Ал кабар узатуу жана кабыл алуу үчүн өтө ыңгайлуу. Бир сөз менен айтканда адамдардын алысын жакындата турган «жардамчы». Анда, бул жардамчынын өтмүштөгү түрү болгон зымдуу телефон аппараты качан жаратылган?

Алгачкы телефон аппаратын 1876-жылда Англияда төрөлүп Америкада жашаган А. Белл жараткан. Кийинчерээк дүйнөнүн башка мамлекеттеринин ойлоп табуучулары аны өркүндөтүшкөн. Бүгүнкү күндө адамдар дүйнөнүн каалаган бөлүгү менен телефондо байланыш түзө алат.



**Александр Степанович Попов.**

**Радионун тарыхы.** Радио эмне экендигин баарыбыз жакшы билебиз. Ал түрдүү кабарларды таратууда чоң мааниге ээ. Дүйнөдө биринчи радиону орус окумуштуусу А.С. Попов 1895-жылда ойлоп тапты. Ушул жылдын 7-май күнү Россиянын борбору Петербург шаарында ал ойлоп тапкан радио көргөзмө кылынды.

Александр Степанович Попов кийинчерээк дүйнөдө биринчи болуп кабарды баштапкыда 250 метрге, кийинчерээк 45 км ге, андан соң 150 км ге радио аркылуу жеткирүүгө жетишкен. Радио үчүн зымдардын кереги жок. Радиотолкундарга эч кандай аралык тоскоол боло албайт.

**Эсте тут!**

Радиотолкундар секундасына 300 миң км ылдамдыкта таралат.

Телевизордогу көрсөтүүлөр да радиотолкундары аркылуу экраныбызга жетип келет. Азыркы күндө радионун мааниси чексиз. Самолёттор радиобайланыш бар экендиги себеп коркпостон учушат. Космоско учкан космостук ракеталар менен да радиотолкундар аркылуу үзгүлтүксүз байланыш түзүп турулат. Ооба, радионун кызматы теңдешсиз. Ошондуктан да адамдар орус окумуштуусу А.С. Поповдун атын урмат менен тилге алышат.

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Факс** (аткар) – текст, жадыбал, сүрөт ж. б. сүрөттөлүштөрдү телефон тармагы аркылуу узатуу.[1]

**Радио** (таратамын) – кабарларды радиотолкундар аркылуу зымсыз узатуучу жана кабыл алуучу курулма.[2]

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Телеграфтын ойлоп табылышы адамдар үчүн кандай мааниге ээ болду?*
2. *«SOS» кабарын жиберүү үчүн Морзе алиппесинен териле турган белгилерди жаз.*
3. *Телефондун жаратылышы жана анын адамдардын жашоосунда туткан орду жөнүндө айтып бер.*
4. *Телетайп жана факс курулмаларын салыштырып, окшош жана айырмалуу жактарын аныкта.*
5. *Радионун жаратылышы кандай мааниге ээ болду?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

Окуучулардын мектепте кол телефондорунан пайдалануу тартиби жөнүндө эмнелерди билээриңди дептериңе жазып кел.

---

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2008. 4-том. 59-бет.
[2] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2007. 3-том. 337-бет.



# VI бөлүм. МЕКЕНИБИЗДЕ ЖАНА ЕВРОПАДА ИЛИМ-БИЛИМДИН ӨНҮГҮШҮ

## 23-§. МЕКТЕП – БИЛИМ ОЧОГУ

**Адамзаттын жашоосунда мектептин орду.** Мына, беш жылдан бери сен мектептин мектептештериң жана өзүндүн жеке турмушунда кандай орун тутуп келе жаткандыгын билип жатасың.

**Эсте тут!**

«Мектеп» арабча сөз болуп бизче которгондо «окуу жайы» деген маанини билдирет.[1]

Адамдар мектептерде кат-сабатка үйрөнүшөт. Түрдүү предметтерге тиешелүү билимдерди ээлешет. Мектепте бардык предметтерден эң жакшы баага окуган окуучулардын турмушта кандай ийгиликтерге жетишип жаткандыгына өзүң күбөсүң. «Умид нихоллари» спорттук мелдештерде, «Келажак овози», «Зулфияхоним кизлари» кароо-сынактарында же предметтер боюнча өткөрүлүп жаткан эл аралык предметтик олимпиадаларда жеңип жаткан мекендештеринди бир көз алдына келтирчи. Алардын бардыгы мектептерде эң жакшы бааларга окушкан.



**Мектеп. (XX кылымдын башы).**

Өтмүштө дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүшүнө чоң салым кошкон улуу бабаларыбыз да мектептерде эң жакшы

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 532-бет.

бааларга окушкан. Андыктан, сенин келечекте кандай адам болуп жетишүүң бүгүнкү күндө мектепте кандай окушуңа да байланыштуу. Мектеп, ошол эле учурда, тарбия бере турган жай да болуп эсептелет. Бардык замандарда ушундай болгон, азыр да ушундай. Сен мектептерде таалим-тарбия берип жаткан адамдарды мугалим, устат же тарбиячы сыяктуу сөздөр менен аталаарын да билесиң. Алар бир сөз менен педагог деп да аталышат.

**Эсте тут!**

«Педагог» – грекче сөз болуп, «бала жетелеп жүрүүчү адам» деген маанини билдирет.[1]



Ян Амос Коменский.

Байыркы Грецияда бай үй-бүлөлөрдүн балдарын мектепке жетелеп бара турган адамдарды педагог деп аташкан. Алгачкы мектептер Египет, Вавилон, Кытай жана Индияда, ал эми Европада Греция жана Рим мамлекеттеринде пайда болгон. Мектептер баштап ибадатканаларда иш алып барган. Албетте, алгачкы мектептер азыркы заманбап мектеп көрүнүшүндө болбогон. Аларга кабыл алууда балдардын жашы эсепке алынбаган. Балдар бүгүнкүдөй класстарга бөлүп окутулбаган. Аларды жашына карай класстарга бөлүп окутуу жана сабак өтүүнү жадыбалдын негизинде уюштуруу XVII кылымда алгач Европада жасалган. Бул жаңылыктын негиздөөчүсү чехиялык атактуу окумуштуу Ян Амос Коменский болгон.

**Орто Азияда билим берүү.** Орто Азияда, о.э. биздин журтубузда бардык замандарда балдардын таалим-тарбиясына чоң көңүл бурулуп келген. Мектепте балдардын кат-сабат үйрөнүүлөрү менен бирге ахлактык жана дене тарбиясына да өзүнчө көңүл бурушкан. Муну харезмдик бабабыз Зардушттун «Тарбия – жашоонун эң маанилүү түркүгү» деген накыл сөзү да далилдейт.

VIII кылымда арабдар журтубузду ээлеп алгандан соң, араб алфавити колдонула баштады. Мечиттердин жанында мектептер

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзМЭ». 2007. 3-том. 245-бет.

ачылды. Мектептерде окуу араб жазуусу негизинде алып барылган. Уул жана кыз балдар үчүн өз-өзүнчө башталгыч билим берүүчү мектептер ачылган. Алар *мектепкана* деп аталган. Уул балдардын мектептеринин көпчүлүгү мечиттердин алдында, ал эми кыз балдардыкы мугалим аялдардын үйлөрүндө ачылган. Эркек окутуучу мугалим, агай деп, ал эми кыз балдарды окутуучу аял мугалим болсо атынбиби, бибиатын, бибихалифа деп аталган. Балдар мектепканаларга 5–6, кээде 6–8 жашынан кабыл алынган. Окуу 5–8 жылга созулуп, балдар окуу-жазууга үйрөтүлгөн жана медреселерге окууга кирүүгө даярдалган.

**Карыкана.**[1] Окуу-жазуу тажрыйбасы бар, жаттоо жөндөмү күчтүү, үнү абдан таасирлүү уул балдар 10 жашынан карыканаларга кабыл алынган. Карыкана окуучулары негизинен Кураны каримди жатташкан жана аны кыраат менен окууга үйрөнүшкөн. Аларга кыраты күчтүү болгон карылар сабак беришкен. Кыраатканада окуу 3–4 жылга созулган. Кийин болочок карылар сыноодон өтүшкөн. Эң таланттуу окуучуга «карылар карысы» даражасы берилген. Ошондон соң алар эл жана дин жолунда кызмат кылышкан. Каалагандары медреседе окууну улантышкан. Медреселерде негизинен мамлекеттик башкаруу кызматчылары жана диний уламалар (кадрлар) даярдалган. Журтубузда алгачкы медресе X кылымда Бухарада ачылган. Медреселерде окуу окуучулардын жөндөмүнө карай 7–12 жылга созулган. Медресе мугалимдери мударристер деп аталган. Анда окуучуларга диний билимдерден сырткары астрономия, математика, медицина, химия, география, тарых, адабият, каллиграфия (сулуу жазуу), музыка, этика жана чечендик өнөрү, соода сыяктуу предметтерден сабак берилген.

**Өзүңдү сынап көр**

- Мектеп – ... .
- Педагог – ... .

**Харезм Маамун академиясы.** Ал же бул мамлекеттеги илим-билимдин өнүгүшү мамлекет өкүмдарынын илим-билим тармагында туткан жолуна байланыштуу болгон. Тактап айтканда, жогорку өкүмдар илим-билимге демөөрчүлүк кылган болсо илим-

[1] *Корыкана* – мындагы кары сөзү кыргызча «карыя» деген сөз эмес (котормочу).

билим өнүккөн. Окумуштууларга камкордук кылган болсо, алар илим-билим тармагында чоң ачылыштарды жасашкан. Тарыхыбызда Харезмшахтар мамлекетин төрт династия башкарды. Алардан экинчиси – маамунийлер династиясы бийлиги доорунда (995–1017-ж.ж.) илим-билимдин өнүгүүсүнө чоң көңүл бурулду. Династиянын соңку өкүмдары Маамун ибн Маамун (999–1017-ж.ж.) айрыкча, бул маселеде тарыхта өчпөс из калтырды. Ал өз мезгилинин илимдерин терең өздөштүргөн өкүмдар эле. Ал илим-билим жана маданияттын өнүгүүсүнө демөөрчүлүк да кылган. Анын колдоосу жана жетекчилигинде 1004-жылда мамлекеттин борбор шаарында «Дорул хикма ва маориф» – илим-билим борбору түзүлгөн. Кийинчерээк окумуштуулар аны «Харезм Маамун академиясы» деп аташкан. Бул илим-билимдин борборунда Абу Наср ибн Ирак, Абу Райхан Беруний, Абу Али ибн Сина, Абулхайр ибн Хаммар өңдүү ошол доордун ондогон улуу окумуштуулары иш жүргүзүшкөн.



**Маамун академиясы.**

**Эсте тут!**

«Илим – адамдарга жардам берүү үчүн кызмат кылсын», – деген чакырык академия окумуштууларынын урааны эле.

Академиянын окумуштуулары математика, астрономия, топурак изилдөө, география, медицина жана мыйзамчылык сыяктуу илимдер менен алектенишкен жана дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүүсүнө чоң салым кошушкан. Бакытка каршы, академия болгону 14 жыл гана иш жүргүзгөн. 1017-жылда Харезмшахтар мамлекети өз көз карандысыздыгын жоготкондон соң академиянын иши токтоп калган.

**Өзүңдү сынап көр**

- Маамун ибн Маамун – ... .
- 1004-жылда – ... .

1997-жылда Өзбекстандын Президенти Ислам Каримовдун Харезм Маамун академиясын кайра калыбына келтирүү жөнүндөгү указы жарыяланды. Ооба, арадан дээрлик миң жыл өтүп ушундай

кылынды. Албетте, академияны кайра калыбына келтирүүдөн бир топ илимий жана практикалык максаттар көздөлгөн эле. Бирок, алардын арасында сен өндүү жаш муундун дилинде сыймык жана мактаныч, өтмүш тарыхыбызга терең урмат сезимин өстүрүү өзгөчө орун тутат. Кайра калыбына келтирилген академия Өзбекстан Илимдер Академиясынын бөлүмү катары иш жүргүзүүдө. Анын курамында археология, тарых, тил жана адабият, биология сыяктуу бөлүмдөр түзүлгөн. 2006-жылда журтубузда Харезм Маамун академиясынын 1000 жылдыгы атап өтүлдү.[1]

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Академия** – белгилүү окумуштуулар чогулган илим-билимдин борбору.[2]

**Аллома** – илм фаннинг бир неча сохасини тула эгаллаган шахс.[3]

**Мечит** – ислам динине ынануучулар чогулуп намаз окуй турган жай.[4]

**Илим** – дүйнө жөнүндөгү билимдердин жыйындысы.[5]

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Эмне үчүн сен мектепте эң жакшы бааларга окушуң жана үлгүлүү кулк-мүнөздүн ээси болууң зарыл?*
2. *Алгачкы мектептер жөнүндө эмнелерди билип алдың? 78-беттеги сүрөткө карап азыркы мектептер менен эски мектепти салыштыр.*
3. *Медреселер кандай максатта ачылган эле?*
4. *Харезм Маамун академиясынын түзүлүшү жана анда иштеген улуу окумуштуулар жөнүндө айтып бер.*
5. *Өзбекстандын көз карандысыздык жылдарында Харезм Маамун академиясынын кайра калыбына келтирилиши жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

## 24-§. ЖУРТУБУЗДУН ОКУМУШТУУЛАРЫ

**Так жана табигый илимдердин өнүгүшү.** IX–XII кылымдарда журтубузда илим-билим жогорку ийгиликтерге жетишкен. Бул доордо жашап чыгармачылык кылган улуу бабаларыбыз дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүүсүнө чоң салым кошуш-

---

[1] *К. Ражабов* ва б. O'zbekiston tarixining eng asosiy sanalari. – Т.: 2012. «O'zbekiston» БПЧҮ. 410-бет.

[2] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 1-том. 61-бет.

[3] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 1-том. 72-бет.

[4] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 550-бет.

[5] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2008. 34-том. 24-бет.

кан. Айрыкча, так жана табигый илимдердин өнүгүүсүнө кошкон кайталангыс салымдары менен өз аттарын түбөлүктүүлүккө мөөрлөп коюшкан. Алардын тизмеси улуу бабабыз **Мухаммад Муса ал-Харезмийдин** аты менен башталат. Ал-Харезмий 783-жылда Харезмдин Хива шаарында төрөлгөн. Алгач Хива шаарында илим алып, билимдүү окумуштуу болуп жетишет. Андан соң Орто Азиянын ошол мезгилдеги ири илим-билим борбору болгон Марв шаарында (азыркы Түркмөнстан Республикасындагы шаар) чыгармачылыгын уланткан. Кийинчерээк Багдад шаарындагы (азыркы Ирак мамлекетинин борбору) илим-билимдин борбору – «Байт ул-хикмат»та ишин уланткан. Анын эң чоң иштеринен бири индилер ойлоп тапкан «0» дөн «9» га чейинки болгон он цифра менен ар кандай санды жазуу мүмкүндүгүн, анын татаал Рим цифраларынан артыкчылыктарын далилдеп берди. Төрт амал – кошуу, кемитүү, көбөйтүү жана бөлүүнүн эрежелерин жаратты.



**Ал-Харезмий.**




**Рим цифрасында кошуу.**

Ал-Харезмий сен 7-класстан баштап окуп үйрөнө турган алгебра предметинин негиздөөчүсү да болуп саналат. Анын бул предметке арнап жазган китеби кыскача «Ал-жабр» деп аталат. Ал-Харезмийдин бул чыгармасы XII кылымдан баштап Европада тарала баштаган. Европанын кээ бир элдери «ал-жабр»дын ордуна «алгебра» деген терминди колдонушкан. Ошентип, бүгүнкү алгебра предмети өз атын Ал-Харезмийдин чыгармасынын аталышынан алган. Окумуштуунун өзүнүн аты болсо математика илиминде көп иштетиле турган (бул тууралуу жогорку класстарда билип аласың) «алгоритм» termининде жашап келүүдө. Дүйнөдө өз аты же чыгармасынын аты илимдин, предметтин аталышына айланып кеткен окумуштуулар абдан аз. Сен бул окуя менен ар канча сыймыктансаң, мактансаң арзыйт. Ал-Харезмий 850-жылда Багдад шаарында каза болгон.

**Ахмад ал-Ферганий.** Дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүүсүнө чоң салым кошкон дагы бир улуу бабабыз. Ахмад ал-Ферганий 797-



Ахмад ал-Ферганий.

жылда Ферангананын Кува шаарында төрөлгөн. Ал жаштайынан илим-билимдин негиздерин терең үйрөнгөн. Өз илимин дагы да терендетүү максатында Марв шаарына келет. Андан соң Багдад шаарындагы «Байт ул-хикмат»та астрономия, математика жана география сыяктуу илимдер боюнча изилдөөлөр алып барган. Анын атагын жайылтып жиберген «Астрономиянын негиздери жөнүндөгү китеп» аттуу чыгарма XII кылымда Европада латын тилине которулган. Бул чыгарма Ахмад ал-Ферганийди Европада «Алфраганус» деген ат менен белгилүү кылып жиберген. Ошону менен бирге, чыгарманын өзү Европа мамлекеттеринин университеттеринде бир нече кылымдар бою окуу китеби катары окутулган. Дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүшүнө чоң салым кошкон улуу бабабыз 865-жылда Египетте каза болгон.

Президентибиз Ислам Каримовдун демилгеси менен 1998-жылда улуу бабабыздын туулганынын 1200 жылдыгы Өзбекстанда гана эмес, ошондой эле дүйнөлүк деңгээлде да белгиленди.

**Өзүңдү сынап көр**

- Ал-Харезмийдин белгилүү чыгармасы – ... .
- Алфраганус – ... .



Абу Райхан Беруний.

**Абу Райхан Беруний (973–1048).** Абу Райхан Беруний бабабыз да дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүүсүнө чоң салым кошкон улуу окумуштуулардан. Ал Харезмдин Кат шаарында төрөлгөн. Акылы өтө курч болгон Беруний Харезм Маамун академиясында иштеген. Ал айнықса астрономия, математика, физика, минералогия, география, тил, тарых сыяктуу илимдерди терең өздөштүргөн. Ошону менен бирге өзү да бул илимдердин өнүгүүсүнө чоң салым кошкон.

Бизге Берунийден көптөгөн чыгармалар мурас болуп калган. Алардын ичинде астрономияга таандык чыгармасы абдан чоң мааниге ээ

болгон. Анын «Байыркы элдерден калган эстеликтер» жана «Индия» сыяктуу чыгармалары тарых илими үчүн баалуу булак болуп эсептелет. «Индия» аттуу чыгармада океан артында материк бар экендиги жөнүндөгү божомолун да илгери сүргөн эле. Европалык саякатчы окумуштуулар болсо Берунийден дээрлик 500 жылдан соң бул материктин бар экендигин иш жүзүндө далилдешкен.

**Муну окуп ал!**

«XI кылым Берунийдин кылымы болуп саналат», – деп жазган эле АКШ нын илимдер тарыхы менен алектенүүчү окумуштуусу Жорж Сартон.

**Абу Али ибн Сина.** Өз заманасында «окумуштуулардын раиси (улугу)», деп даңкталган улуу окумуштуу Абу Али ибн Сина 980-жылда Бухара шаарына жакын жердеги Афшана кыштагында төрөлгөн. Ибн Сина дүйнөгө алгач улуу медицина окумуштуусу болуп таанылды. Анын медицинага тиешелүү белгилүү чыгармасы «Tib qonunlari» (Медицина канондору) деп аталат. Чыгарма XII кылымда Европада латын тилинде басылды жана Ибн Сина Европада «Авицена» аты менен белгилүү болду.



**Абу Али ибн Сина.**

Бул чыгарма XVII кылымга чейин Европа мамлекеттери университеттеринде окуу китеби катары кызмат кылган. Ибн Синанын аты жер жүзүндө дагы эле белгилүү бойдон калууда. 2000-жылда Европанын Бельгия мамлекетинде аны эске алып, урматына айкел орнотулганы мунун дагы бир далили болуп саналат.

**Өзүңдү сынап көр**

- Берунийден тарыхка тиешелүү ... китептери калган.
- Ибн Сина – ... деген аттар менен даңкталган.

**Суроо жана тапшырмалар**

*1. IX–XII кылымдар журтубуздун илим-билиминин өнүгүүсүндө кандай орун тутат?*

*2. Ал-Харезмийдин математика илиминин өнүгүүсүндө туткан орду эмнелер менен белгиленет?*
*3. Ахмад ал-Ферганийдин дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүүсүнө кошкон салымдары жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
*4. Америкалык окумуштуу Ж. Сартон «XI кылым Берунийдин кылымы болуп саналат», деп жазганда эмнелерге негизделген?*
*5. Ибн Синанын дүйнөлүк медицина илиминин өнүгүүсүнө кошкон салымы?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ТАПШЫРМА

(*Жадыбалды толтур*)

| Т/н | Улуу окумуштуулар | Туулган жерлери жана жылы | Иштеген жерлери | Жазып калтырган белгилүү чыгармалары | Каза болгон жылы жана жайы | Юбилейлери белгиленген жылдар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ал-Харезмий | | | | | |
| 2. | Ахмад ал-Ферганий | | | | | |
| 3. | Беруний | | | | | |
| 4. | Ибн Сина | | | | | |

## 25-§. МЫРЗА УЛУКБЕК ЖАНА АНЫН АКАДЕМИЯСЫ

**Мырза Улукбектин жаштыгы.** XIV–XV кылымдар Мекенибиздин илим-билими жана маданиятынын өнүгүшүндө алтын кылым болуп эсептелет. Бул доордо жашап иштеген улуу окумуштуу бабаларыбыз илим-билим жана маданияттын өнүгүшүн андан да бийик чокуларга көтөрүшкөн. Бул жогорулоо өз кезегинде Европада да илим-билим жана маданияттын жогорулашына чоң таасир көрсөткөн. Бул окуя улуу бабаларыбыз Амир Темур жана анын небереси Мырза Улукбектин илим-билим жана маданияттын өнүгүшүнө көрсөткөн тендешсиз көңүл буруусу жана демөөрчүлүктөрүнүн натыйжасы эле. Мырза Улукбектин атасы Амир Темурдун төртүнчү уулу Шахрух Мырза



**Мирза Улугбек.**

болгон. Улукбек 1394-жылда төрөлгөн. Амир Темур бул кубанычтуу кабарды уккандан соң, небересине Мухаммад Тарагай деп өзүнүн атасынын атын койгон. Астрологдор анын келечекте чоң окумуштуу жана улуу өкүмдар болушун алдын ала айтышкан. Ошондуктан Амир Темур таалайы жогору небересин Улукбек деп да атай баштайт. Өз мезгилинин илим-билиминин сырларын үйрөнүүдө белгилүү математик жана астроном окумуштуулар Мавлана Ахмад жана Казызада Румий ага устаттык кылышкан. Бул болсо Улукбектин келечекте улуу астроном жана математик болуп жетишишин камсыздаган.



**Улукбектин обсерваториясы.**

**Улукбек улуу окумуштуу.** Улукбек илим-билимдин көп тармактары менен алектенген окумуштуу. Аларга тиешелүү бир топ чыгармаларды да жазып калтырган. Бирок, илим-билимде ал оболу улуу астроном катары белгилүү болгон. Улукбек асман телолорун күзөтүү максатында обсерватория курдурган. Анын ичине орнотулган өтө чоң аспаптын жардамында Күн, Ай, планеталар жана жылдыздардын абалы үйрөнүлгөн. Обсерваторияда алып барылган күзөтүүлөр натыйжасында кыскача «Улукбектин зижи» деп атала турган дүйнөгө белгилүү чыгарманы жазган. Чыгармада 1018 жылдыздын орду жана абалы чечмелеп берилген. Улукбек тарыхка таандык «Төрт улус тарыхы» чыгармасын да жазып калтырган.

**Улукбек академиясы.** Улукбек Самаркандда курдурган медресе обсерватория менен бирге «Улукбек академиясы» деген ат менен да тарыхка кирген. Бул Харезм Маамун академиясы түзүлгөндөн кийин арадан төрт кылымдан көбүрөөк убакыт өтүп журтубузда түзүлгөн экинчи академия болду.

**Муну оку!**

...Амир Темурдун ордуна тактыга чыккан белгилүү Улукбек Самаркандда ... академияга негиз салды.

*Вольтер,* XVIII кылымда жашап чыгармачылык кылган Франция окумуштуусу.

Улукбек ошол мезгилдин көптөгөн таланттуу окумуштууларын академияга топтогон. Алардын чыгармачылык иштери үчүн бардык шарттар жаратып берилген.

Улукбектин устаты Казызада Румий, Гыясиддин Жамшид Каший жана шакирти Али Кушчулар академиянын эң белгилүү окумуштуулары эле.

**Муну кунт коюп оку!**

«Улукбек дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүшүнө кошкон теңдешсиз салымы менен тирүү убагында эле өзүнө айкел орнотуп кеткен улуу окумуштуу болуп саналат».

*Б. Ахмедов*, өзбек тарыхчы окумуштуусу.

**Өзүңдү сынап көр**

- ..., ... Улукбекке устаттык кылышкан.
- Улукбектен тарыхка тиешелүү ... аттуу чыгарма калган.

**Улукбек илим-билимдин демөөрчүсү.** Улукбек жалаң гана мамлекеттик иштер жана чыгармачылык менен эле алектенип калбаган. Ал ошол эле учурда илим-билимдин өнүгүшүнө демөөрчүлүк да кылган. Бухара, Самарканд жана Гиждуван шаарларында 3 медресе курдурганы мунун айкын далили болот. Самарканд медресесинде окуучуларга негизинен докладдарды Казызада Румий, Улукбек, Каший жана Али Кушчулар окушкан. Бухарада курулган медресенин эшигинин канаттарына «Билим алуу ар бир мусулман эркек жана аял үчүн парыз болуп саналат» деген сөз оюп жазылган эле. Улукбек бул медресеге келген учурунда окуучуларга белектер тартуу кылган.

**Улукбектин юбилейинин белгилениши.** 1994-жылда журтубузда жана эл аралык деңгээлде улуу окумуштуу Мырза Улукбектин юбилейинин 600 жылдыгы белгиленди. Самарканддагы майрамдарда Өзбекстандын Президенти Ислам Каримов да катышты жана доклад окуду. Президентибиз өз докладында Улукбекти «Чыгыштын жаркын жылдызы» деп атады. Ал эми Бириккен Улуттар Уюму 2009-жылды Улукбектин урматына эл аралык астрономия жылы деп жарыялоосу, Улукбектин улуу кызматтарынын дагы бир далили болду.

**Көңүл буруп оку!**

Атактуу астроном Ян Гевелий тарабынан 1647-жылда басылган «Селенография» китебинде Айдагы кратерлерден экөөсү эки улуу мекендешибиз – Ахмад Ферганий жана Мырза Улукбектин аттары менен аталган.[1]

**Өзүңдү сынап көр**

- Мекенибизде түзүлгөн биринчи академия – ... .
- Мекенибизде түзүлгөн экинчи академия – ... .

**Суроо жана тапшырмалар**

1. *Мырза Улукбектин жаштыгы жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
2. *Улукбек тарабынан жазылган белгилүү чыгармалардын атын жаз.*
3. *Улукбек академиясы менен Харезм Маамун академиясынын ишин салыштыр. Окшош жана айырмалуу жактарын аныкта.*
4. *Улукбектин илим-билимдин демөөрчүсү болгондугун далилдер менен негиздеп бер.*
5. *Улукбектин юбилейинин 600 жылдыгынын журтубузда жана дүйнөлүк деңгээлде белгиленишин жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

## 26-§. ЖУРТТУН АБАТТЫГЫ, АДАБИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО

**Шаарлардын көрктөндүрүлүшү жана архитектура.** Амир Темур мамлекетинин, атап айтсак, борбор Самарканддын көрктөндүрүлүшүнө өзгөчө көңүл бурган жана аны дүйнөнүн кооз шаарына айландырууну чечкен. Ал кең куруучулук ишин Самарканддын коргонуу дубалдарын тургузуудан баштаткан. Шаарга бул дубалдарга орнотулган алты дарбаза аркылуу кириле турган болду. Самаркандга Зарафшан дарыясынан суу келтирилди.

Темурийлер доору архитектурасынын ажайып үлгүсү Амир Темурдун резиденциясы – Көксарай шаардын көркүнө көрк кошо турган даражада салабаттуу кылып курулду. Ал өз аты менен атала турган Жамааттык мечитин курдурду. Бул архитектуралык имарат ошол доордун эң чоң жана көркөм мечити болду. Амир Темур ошол эле учурда аялы Бибиханым (Сараймүлкханым)дын аты менен аталуучу Жамааттык мечит да курдурган. Ал 1403-жылда жаш

[1] *Ислам Каримов.* «Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch». «O‘zbekiston» БПЧҮ. – Т.: 2008. 42-бет.



**Гөри Амир күмбөзү.**

каза болгон сүйүктүү небереси Мухаммад Султан үчүн күмбөз курдурган.

1405-жылда Амир Темур каза болгондон соң анын өзү да ушул жерге коюлду жана күмбөз «Гөри Амир күмбөзү» деп атала баштады. Бул күмбөз – дүйнөдө белгилүү архитектуралык курулма. Ал Темурийлердин династиялык көрүстөнүнө айланган. Кийинчерээк, бул күмбөзгө Амир Темурдун уулдары Умар Шайх, Мираншах жана Шахрух, небереси Мырза Улукбек жана Амир Темурдун пири Сайийд Бараканын мазар таштары да коюлду. Күмбөз жасалгалары көздүн жоосун алып, ар кандай кишини таң калтырат. Амир Темур борбор шаар Самарканддын айланасында ондон ашуун бири-биринен кооз бактар курдурган. Алардын эң белгилүүсү «Багы Дилкуша» деп аталган. 1404-жылда Самаркандга келген Испания элчиси Гонзалес де Клавихо өз эстеликтеринде бул бакта фонтандан суу оргуп турганын, бакка алып кире турган дарбаза өтө кең жана алтын, о.э. башка кымбат баалуу таштар менен кооздолгондугун, үстүнө так орнотулган алты пил да бар экенин жазып калтырган. Бир сөз менен айтканда, Амир Темурдун доорунда Самарканддын даңкы тилдерде дастан болгон.

**Муну кунт коюп оку!**

Амир Темур руханий мурасынын өзөгү – Самарканд. Самарканд – дүйнө архитектурасынын бермети.

*Ислам Каримов*

**Өзүңдү сынап көр**

- Гөрү Амир – бул, ... .

Амир Темур Мавараунназрдын башка шаарларында, алсак, Шахрисабз шаарында да кооз архитектуралык жайлар курдурган. Алардан бири атасы жана уулу Жахангирдин мүрзөсү үстүнө курдурган күмбөз болчу. Түркстан шаарында улуу ойчул Ахмад Ясса-

вийдин мүрзөсүнүн үстүнө курулган күмбөз, Ташкент облусундагы Зангиата архитектуралык комплекси да жогорку үлгүдөгү архитектуралык курулуштардан.



Алишер Наваий.

**Алишер Наваий (1441–1501).** Өзбек элинин улуу ойчул акыны, мамлекеттик ишмер, илим-билим жана маданият демөөрчүсү, өзбек адабий тилинин негиздөөчүсү Алишер Наваий 1441-жылдын 9-февралында Хират шаарында төрөлгөн. Атасы Гыясиддин Бахадыр Темурийлер кызматында болгон. Ошол себептүү Алишер темурийзаада, кийинчерээк өкүмдар болуп жетишкен Хусайн Байкара менен бирге тарбияланган.

Алишер Наваий 4 жашында мектепте илим үйрөнгөн. Түркий жана фарсий тилдердеги ырларды жаттаган. 10–12 жашынан баштап өзү да ыр жаза баштаган. Анын поэзияга болгон ыкласы жана таланты, жадагалса, өз доорунун белгилүү акыны Лутфийди да таң калтырган. Алишер Наваий 15 жашында акын катары элге таанылган. Түркий (өзбек) тилиндеги ырларын «Наваий» жана фарсий тилиндеги ырларын «Фааний» псевдоними менен жазган. Түркий тилде биринчи беш чоң китебин – эң мыкты чыгармасын «Хамсаны» жаратты. Бул чыгарма өзбек адабиятынын даңкын ааламга жайган. Дүйнө адабиятынын берметтеринен бирине айланган. Мындан сырткары, өзбек тилиндеги ырларын чогултуп төрт бөлүктөн турган «Маанилер казынасы» жыйнагын түзгөн. Кийинчерээк болсо фарсий тилде жазган ырларын чогултуп «Девани Фаанийни» жараткан. Муну менен фарсий поэзиянын өнүгүүсүнө да татыктуу салым кошту.

**Муну кунт коюп оку!**

Дүйнөдө Наваийди билбеген, Наваийди сүйбөгөн, Наваийге туруктуулук жана ынаным менен карабаган түркий жана фарсий тилде сүйлөөчү бир да инсан болбосо керек.[1]

[1] *Ислам Каримов.* «Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch». – Т.: «O‘zbekiston» БПЧУ. 2008. 47-бет.

**Өзүңдү сынап көр**

- 1441-жыл – ... .
- «Наваий» – ... .
- «Фааний» – ... .

**Камалиддин Бекзат (1455–1536).**[1] Өз доорунун улуу сүрөтчүсү Камалиддин Бекзат Алишер Наваийдин замандашы эле. Ал Алишер Наваийдин колдоосу менен улуу миниатюрачы сүрөтчү болуп жетишкен. Баалуу жөндөм ээси болгон Бекзат Хусайн Байкаранын мамлекеттик китепканасына башчы кылып дайындалган. Бул китепкана өз мезгилинин көркөм академиясына айланган. Академияга кийинчерээк «Бекзат академиясы» деп ат берилген.

Бекзат Шарафиддин Али Яздийдин «Зафарнаама», Жаамийдин «Саломон жана Абсол», Саадийдин «Бостан», Хатифийдин «Темурнаама» чыгармаларына, о.э., Алишер Наваийдин китептерине кайталангыс миниатюралар сызган. Султан Хусайн Байкаранын жыйындары сүрөттөлгөн миниатюраларды жараткан. Султан Хусайн, Алишер Наваий, Шайбанийхан ж.б. мамлекеттик ишмерлер жана улуу инсандардын сүрөттөрүн да сызып калтырган. Камалиддин Бекзаттын чыгармалары сулуулукка суктангандарды дагы деле таң калтырып келүүдө.

Эгемендүүлүк жылдарында Бекзаттын атын түбөлүктөштүрүү жаатында чоң иштер жасалды. Алсак, Ташкенттеги Улуттук сүрөтчүлүк жана дизайн институтуна Камалиддин Бекзаттын аты берилген. 2000-жылда журтубузда ЮНЕСКО демөөрчүлүгүндө Бекзаттын юбилейинин 545 жылдыгы белгиленди.[2]

**Өзүңдү сынап көр**

- Бекзат сүрөт өнөрүнүн негизинен ... алектенген.

**Терминдердин мазмунун билип ал**

**Миниатюра** – өтө назик кылып иштелген чакан өлчөмдөгү көркөм сүрөт өнөрү.

**Мазар ташы (Sag‘ana)** – мүрзөнүн үстүнө орнотулган эстелик түрү.

---

[1] *Q. Rajabov* va boshq. O‘zbekiston tarixining eng asosiy sanalari. – T.: «O‘zbekiston» NMIU. 2012. 102-bet.

[2] *Q. Rajabov* va boshq. O‘zbekiston tarixining eng asosiy sanalari. – T.: «O‘zbekiston» NMIU. 2012. 383-bet.

**Династиялык көрүстөн (Xilxona)** – бир династияга таандык маркумдар көмүлө турган жай.

**Хират** – азыркы Ооганстан мамлекетинин аймагындагы шаар.

### Суроо жана тапшырмалар

*1. Амир Темур мамлекет борбору Самаркандды көрктөндүрүү боюнча кандай куруучулук иштерин жасаган?*

*2. Амир Темур кандай архитектуралык жайларды курдурган эле?*

*3. Алишер Наваий өзбек адабиятында кандай орун тутат?*

*4. Алишер Наваийнин өздүгү жана жараткан чыгармалары жөнүндө айтып бер.*

*5. Камалиддин Бекзаттын чыгармачылыгы жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

## 27-§. ЕВРОПАДА ИЛИМ-БИЛИМ АЧЫЛЫШТАРЫ

**Николай Коперник.** XVI кылымдан баштап Европада да илим-билим өнүгө баштады. Айрыкча табигый илимдер тармагында улуу ачылыштар жасалды. Бул ачылыштар польшалык Николай Коперник, италиялык окумуштуулар Жордано Бруно жана Галилео Галилейлердин аты менен байланыштуу.



**Николай Коперник.**

Астроном Николай Коперник өзүнө чейин астрономия илиминде өкүм сүрүп келген эреже жана элестетүүлөрдүн туура эмес экендигин далилдеп берди. Б.з. II кылымында грек окумуштуусу Птолемей Жер – ааламдын борбору болуп саналат, деген эрежени илимге киргизген. Буга ылайык Күн, Ай жана жылдыздар Жердин тегерегинде айланат. Жердин өзү кыймылсыз. Птолемейдин эрежесинин ката экендигин биринчи болуп Николай Коперник далилдеди. Ал 30 жылдык күзөтүүлөрдүн натыйжасында Птолемейдин эрежесин четке какты.

Коперник Жер бир суткада өз огунун айланасында бир жолу, ал эми бир жылда болсо Күндүн айланасында бир жолу айланып чыгышын далилдеп берди. Демек, Күн Жердин айланасында эмес, Жер Күндүн айланасында айланат экен. Ааламдын борбору Жер эмес, Күн болуп саналат. Бул чындык илимдеги улуу ачылыш эле.

**Эсте тут!**

Николай Коперник ааламдын борбору Күн экендигин далилдеп берген.




**Күн – ааламдын борбору.**

Бул ачылыш ошол учурда диний догмаларга да сокку берген. Коперник «Асман телолорунун айланышы жөнүндө» аттуу китебинде өз ачылышынын мазмунун баяндайт. Ал китеп тез эле белгилүү болуп кеткен. Бирок, китеп дин кызматчыларынын каарына учурайт жана тыюу салып коюлат.

**Жордано Бруно** жаш кезинен эле астрономияга чоң кызыгуу менен карады. Ушул тармак окумуштууларынын чыгармаларын кунт коюп үйрөндү. Коперниктин эрежесин жактап чыкты. Анын оюнча, аалам чексиз жана сансыз жылдыздардан турат. Алардын ар бири Жерден бир кыйла алыста жайгашкан Күн болуп саналат. Жордано Бруно мындай пикирлери үчүн динчилдер тарабынан зынданга ташталат. Бирок, зындан азабы да аны өз пикиринен кайтара албайт. Брунонун душманы болгон динчилдер аны 1600-жылда отто күйдүрүп өлтүрүшөт.



**Джордано Бруно.**

**Галилео Галилей** дүйнөдө биринчи болуп Коперник жана Бруно айткан пикирлердин тууралыгын асман телолорун өзү жараткан телескоптун жардамында күзөтүү аркылуу далилдеп берди.

Бул иши үчүн 1633-жылда динчилдер аны катуу кысымга алышкан. Өлүм менен коркутуп, катуу азап-тозокторго дуушар кылышкан. Натыйжада, Галилей өз пикиринен баш тартууга аргасыз болгон. Бирок, ал чын жүрөктөн Коперниктин окуусунун жактоочусу болуп кала берген.



**Галилео Галилей.**

**Өзүңдү сынап көр**

- Николай Коперниктен ...
  ... чыгармасы мурас болуп калган.

**Терминдин мазмунун билип ал**

**Телескоп** – асман телолорун күзөтүү, сүрөткө алуу жана үйрөнүү үчүн ылайыкташтырылган аспап.

**Суроо жана тапшырмалар**

1. *Европа окумуштуулары астрономия илиминин өнүгүшүнө кандай салым кошушту?*
2. *Эмне үчүн динчилдер астроном окумуштууларды кысымга алышкан?*



Телескоп.

## 28-§. ТҮРКСТАН АГАРТУУНУ ЖАКТООЧУЛАРЫ

**Агартуу жана агартууну жактоочулук жөнүндө.** Агартуу – таалим – тарбия аркылуу адамдардын билими жана аң-сезимин арттыруу жолунда кылынуучу иш-аракет. Ал эми өз ишмердүүлүгүн бул ишке арнаган адамдар агартууну жактоочулар деп аталган. Журтубузда агартууну жактоочулук аракети XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында пайда болгон жана ал жадидчилик кыймылы аты менен маалым болгон. Жадидчилик кыймылынын өкүлдөрү болсо жадиддер деп аталышкан. Жадиддерди Россия колониясына айланып калган журтубуздун өнүгүүдө артта калып кеткендиги кайгыга салган. Алар журтубузду азат жана абат көрүүнү каалашкан эле.

**Эсте тут!**

Жадид (арабча – жаңы) – жаңылыкты жактоочу, жаңылык үчүн күрөшүүчү.[1]

Жадиддер Түркстандын алдыңкы мамлекеттердин катарына көтөрүлүшү, оболу, заманбап билимдерди ээлеген адамдардын канчалык көп болушуна байланыштуу экендигин жакшы түшүнүшкөн. Бар болгон мектепкана жана медреселер менен бул ишти чечип болбойт эле. Ошондуктан алар журтубуз мектептеринде өкүм

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 64-бет.

сүрүп жаткан эски тартип жана эски окутуу усулдарын жаңылоону максат кылышкан. Эски мектептерде негизинен диний билимдер окутулган. Табигый илимдер (физика, астрономия, химия, биология, заманбап медицина) болсо дээрлик окутулбаган. Мындай илимдерди жаш муунга үйрөтпөстөн журттун өнүгүүсүнө жетишип болбойт эле. Жадидчилик кыймылына журтубуздун өнүгүүнү жактоочу билимдүүлөрү жетекчилик кылышкан. Алар ишти баштап жаңы усул (усули жадид) мектептерин ачуудан башташкан. Бул мектептерде диний таалим менен бирге табигый илимдерден да сабак берилген. Жадиддер таланттуу балдарды чет элдерге окууга жиберүүнү да уюштурушкан. Элдин аң-сезимин өзгөртүү үчүн түрдүү газета жана журналдар басып чыгарышкан. Театрлар түзүп, аларда адамдарды ойго салуучу чыгармаларды сахналаштырышкан. Махмудкожо Бехбудий, Абдулла Авланий, Мунавваркары Абдурашидханов жана башкалар Түркстан жадидчилик кыймылынын ири өкүлдөрүнөн болушкан.



Махмудкожо Бехбудий.

**Махмудкожо Бехбудий.** Түркстан жадидчилик кыймылынын негиздөөчүсү. Бехбудий 1875-жылда Самаркандда төрөлгөн. Өз доорунун диний жана табигый илимдерин терең өздөштүрдү. Ал баштап Самарканд шаарына жакын бир айылда дүйнөлүк илимдердин соңку жетишкендиктерин үйрөтө турган жаңы усулдагы мектебин ачкан. Бул мектеп үчүн бир топ окуу китептерин жараткан. Мисалы, «Сабат чыгаруу китеби», «Кыскача жалпы география», «Калк географиясына киришүү» жана «Ислам тарыхы» окуу китептери.

Бехбудий сахналык чыгармаларды да жазган. Анын «Padarkush» аттуу сахналык чыгармасы тез эле ийгиликке жетишкен. Бул чыгармада окубаган, түркөй жана акмак уулдун кантип өз атасын өлтүргөндүгү жөнүндө баяндалат. Бехбудий «Самарканд» деп аталган газета жана «Ойна» деп аталган журнал да басып чыгартырган. Анда жаш муунду Мекенди сүйгөн патриот болууга, дүйнөлүк илим-билимдин ийгиликтерин терең ээлөөгө үгүттөлгөн.

**Кунт коюп оку**

«Замандын илим жана билиминен куржалак калган эл башкаларга тебеленди болот».

*Бехбудий*

Ал жаш муунду Мекендин өнүгүшү жолунда бир канча чет тилди үйрөнүүгө да чакырган.

**Абдулла Авланий.** Өз доорунун атактуу агартууну жактоочусу, акыны, журналист, мамлекет ишмери болгон. Авланий 1878-жылда Ташкент шаарында төрөлгөн. Мектепкана жана медреседе билим алган. Араб, фарс жана орус тилдерин жакшы билген. Жаңы усулдагы мектептердин маанисин жакшы түшүнгөн жана Ташкентте ушундай мектеп ачкан. Өзү эне тили жана адабияттан сабак берген. Окуучулар үчүн «Биринчи мугалим», «Экинчи мугалим», «Туркий гулистон ёхуд ахлок» сыяктуу окуу китептерин жараткан. Авланий «Туран» деп аталган театр группасын түзгөн. Бир канча сахна чыгармаларын, Бехбудийдин «Padarkush» чыгармасын да сахналаштырган.



**Абдулла Авланий.**

**Мунаввар кары Абдурашидханов.** Ал 1878-жылда Ташкентте интеллигенттин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1901-жылда Ташкентте биринчи жаңы усулдагы мектеп ачкан. Бул мектептер үчүн «Үн чыгарып окуу усулу», «Окуу китеби», «Жер бети» (География) сыяктуу окуу китептерин жазган. Ал бара-бара Түркстан жадиддер кыймылынын жолбашчысына айланган. Билимсиздикти, сабатсыздыкты каралап, жаштарды Европа илим-билимин үйрөнүүгө чакырган. Түркстандын колониалдык абалына катуу кайгырган. Бул болсо колониалисттерге жакпаган. Ошондуктан да алар түрдүү жалаалар менен аны 1931-жылда атып ташташкан.



**Мунавваркары Абдурашидханов.**

**Азаттык үчүн күрөшкөндөрдүн аты жана элеси түбөлүк.** Мекендин азаттыгы жолунда курман болгондордун аты эч качан унутулбайт. Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишкенден соң алардын куттуу аттары, ар-намысы толук кайра калыбына келтирилди. Бул ишке Журтбашчыбыз Ислам Каримов өзү башчылык кылды. Ал инсандын демилгеси менен 2000-жылда Ташкентте «Шейиттерди эскерүү» эстелик комплекси курулду. 2002-жылда болсо, ушул комплекстин курамдык бөлүгү түрүндө, «Репрессия курмандарын эскерүү» музейи курулду. Ошентип, Мекендин азаттыгы жолунда курман болгондордун элеси түбөлүктөштүрүлдү.

**Өзүңдү сынап көр**

- Жадидчилик – бул ... .
- Жадиддер ... ... үчүн күрөшкөндөр.

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Интеллигент** – агартуучу, илим таратуучу.[1]
**Колония** – күчтүү мамлекет тарабынан басып алынган мамлекет.
**Репрессия** – эркин пикирлөөчү адамдарды куугунтуктоо, өлтүрүү.[2]

### Суроо жана тапшырмалар

*1. Түркстанда агартууну жактоочулук аракетин пайда кылган себептер?*
*2. Жадиддер неге өз ишин жаңы усулдагы мектеп түзүүдөн баштаашкан?*
*3. Бехбудийдин өмүр баяны жана ишмердүүлүгү жөнүндө айт.*
*4. Авланий кандай окуу китептерин жараткан эле?*
*5. Мунаввар карынын өмүр жолу жана ишмердүүлүгү жөнүндө айт.*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

**Түркстандын агартууну жактоочулары (жадиддер)**

*(Жадыбалды толтур)*

| Т/н | Түркстандын агартууну жактоочулары | Качан жана каерде төрөлгөн | Максаттары | Качан жана каерде жаңы усулдагы мектептерди ачкан | Жазган окуу китептери | Жазган сахналык чыгармалары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Бехбудий | | | | | |
| 2. | Авланий | | | | | |
| 3. | Мунаввар кары | | | | | |

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 147-бет.
[2] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2008. 5-том. 259-бет.




## 29-§. ТУМАРИС ЖАНА ШИРАКТЫН ЭРДИГИ

**Ахаманийлердин Орто Азияга кирип келиши.** Б.з.ч. VI кылымдын ортолорунда байыркы Иран аймагында ахаманийлер династиясы негиз салган Фарс падышалыгы өкүмдарлары өз алдыларына журтубуз Туранды баш ийдирүү максатын коюшкан. Ушул династиянын өкүлү шах Кир II бул максатын ишке ашыруу үчүн оболу ата-бабаларыбыз массагеттердин журтун басып алмакчы болду. Кир II нин кол салуусу учурунда массагеттердин журтунда ханыша Тумарис бийлик жүргүзчү. Акылман жана эр жүрөк өкүмдар Тумарис жөнүндө көп аңгеме жана рабаяттар сакталып калган. Ошолордон бири Геродоттун «Тарых» китебинде келтирилген.



**Кир II кошуундары менен.**

Кара мүртөз Кир II массагеттердин журтун баш ийдирүү үчүн б.з.ч. 530-жылда Амударыяны кечип өтөт. Чечүүчү согуш алдынан Кир II айла-амал жолу менен Тумаристин уулу Спарганисти туткунга алат.

Кир II туткун Спарганиске карата деди:

– Апаңа айт, мага турмушка чыксын. Ошондо силерди коюп жиберем.



**Тумарис.**

Спарганис андан колун чечүүнү суранды. Колдору кишенден бошогон жигит намыстын күчтүүлүгүнөн жанында турган сакчынын канжарын тартып алып өзүнө урду. Таң кала түшкөн фарстар Спарганисти урмат менен көмүштү. Уулунун өлүмүнөн кайгыга түшкөн Тумарис Кир II ге төмөнкү катты жөнөтөт: «О, канкор Кир! Мактанба, аскерлерим жана уулумду ачык согушта жеңип эмес, айла-амал жолу менен туткунга алдың. Жакшылык менен аны кайтарып бер жана журтуңа кайт! Антпесең теңиримдин аты менен ант ичип айтам, сени өз каныңа тойдурам».

Кир II анын сөзүнө кулак салбайт. Тумарис бардык аскерин чогултуп, Кир II нин үстүнө жүрүш кылат. Ортодо айыгышкан согуш болот жана Кир II өлөт. Массагеттерден бир жигит Кир II нин кесилген башын Тумаристин буту астына таштайт. Ханыша Кир II нин башын кан толтурулган мешке салууну буюрат жана бийик үн менен: «Уулумду өлтүрдүң, журтумдун канын ичмекчи болдуң. Тирүүлүгүңдө инсандын канына тойбогон элең. Мына, эми той-




**Тумарис согушка аттанууда.**

гунунча ич, канкор!», деп айтат. Массагеттер менен Кир II нин ортосундагы бул кармашуу тилдерде дастан болгон. «Менин билгениме караганда, согуштардын ичинде мындай согушту али эч ким көрбөгөн», деп жазган эле Геродот аңгемесинин аягында.

**Өзүңдү сынап көр**

- Кир II – ... .
- Тумарис – ... .

**Шрактын эрдиги.** Кир II кырсыкка учураган болсо да, ахаманийлер Туранды басып алуу максатынан кайтышпаган. Ушул династиянын өкүлү Доро I б.з.ч. 519-жылда сактар жашап жаткан аймактарды басып алуу үчүн кошуун менен келди. Сактар душманга катуу каршылык көрсөтүшкөн. Муну сак уруусуна таандык Турандын эр жүрөк уулу Шрактын эрдиги мисалында көрүү мүмкүн.



Доро I.

Шрак уруулаштарына баскынчыларды жок кылуу планын айтат жана өзүнүн кулак-мурдун кесүүлөрүн талап кылат. Андан соң ал Иран шахы Доро I дин алдына барып, мекендештерине кеги бар экенин, алардан өч алуу үчүн ирандыктарга жардам берээрин, аларды сак жоокерлери жайгашып алган жерге жакын жолдон баштап бараарын айтат. Доро I кулак – муруну кесилген Шрактын сөздөрүнө ишенет. Шрак аларды чөлдүн ичкерисине баштайт. Алар канча жүрүшсө да айткан жерге жетишпейт. Бул арада Иран аскерлеринин тамак-аштары да түгөнөт. Каарданган ирандыктар алданганын түшүнүп жетишти. Ошондо Шрак аларга карап:



Шрак душмандар арасында.

– Мен бир өзүм Доро I дин аскерлерин кырсыкка учураттым. Мекендештеримди болсо өлүм жана таланып-тоно-

луудан сактап калдым. Душман аскерлери кырсыка кабылды, – деп каткырып күлөт. Турандын март уулу Ширак душмандын колунда курман болгон. Бирок элин, Мекенин баскынчылардан сактап калган. Доронун аскерлери чөлдө калып, кырсыкка учурашат. Бирок, ахаманийлер бул жеңилүүдөн соң да Туранды баш ийдирүү максатынан кайтышкан эмес. Душман аскер жактан баары бир күчтүү эле. Акыр аягы Иран журтубузду баш ийдирген жана ар жылы чоң өлчөмдө олпоң төлөп турууга мажбур кылган.

**Өзүңдү сынап көр**

- Доро I – ... .
- Ширак – ... .

**Терминдердин мазмунун билип ал**

**Ахаманийлер** – байыркы Иранда б.з.ч. 558–330-жылдарда бийлик жүргүзгөн династия.[1]

**Олпоң** – салык.

**Суроо жана тапшырмалар**

1. *Ахаманийлер кимдер эле жана алар качан Туранга бастырып келишкен?*
2. *Тумаристин эрдиги жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
3. *Шириктын эрдиги жөнүндө айтып бер.*

## 30-§. СПИТАМЕНДИН ЭРДИГИ

**Македониялык Александрдын Орто Азияга жүрүшү.** Б.з.ч. IV кылымдын ортолорунда Европада Македония мамлекети түзүлгөн. Анын падышасы Филипп II баскынчылык согуштарын алып баруу үчүн чоң аскер чогулткан. Бирок ал өлтүрүлгөндөн соң, тактыны 20 жаштагы уулу Александр (б.з.ч. 356–323-жылдар) ээлейт. Ал өтө көп мамлекеттерди басып алат. Башка баскынчылар катары Александрды да Мекенибиздин бүтпөс байлыктары өзүнө тарткан эле. Ошондуктан да ал Мекенибизди басып алууга умтула баштаган. Б.з.ч. 329-жылда баштап Бактрияны басып алган. Андан соң, Согдианага каршы жүрүш баштаган

[1] *К. Ражабов* жана б. O‘zbekiston tarixining eng asosiy sanalari. – T.: «O‘zbekiston» БПЧҮ. 2012. 26-бет.

жана Мароканда (азыркы Самарканд) шаарын ээлеп, аны өзүнүн резиденциясына айландыргандан соң, Сырдарыя жакка жүрүшүн улантккан.



Македониялык Александр.

**Өзүңдү сынап көр**

- Македониялык Александр – ... .
- Б.з.ч. 329-жылда – ... .

**Спитамендин каармандыгы.** Баскынчылар журтубузду эч качан оңоюменен басып алышпаган. Турандын эр жүрөк уулдары бул жолу да Мекендин азаттыгы жолунда баатырларча күрөшүшкөн.

Бул азаттык кыймылы үч жыл созулган. Ага согдианалык тажрыйбалуу кол башчы Спитамен башчылык кылган. Согдианалыктар төмөнкү ырды жапырт ырдашчу:

*Сулуу Согдиана гүлдөп өскүнүң,*
*Биз ушул Мекендин уулдарыбыз.*
*Сен үчүн калканбыз, туубуз өзүбүз,*
*Сага курман болсун миң*
*бир жаныбыз.*



Спитамен.

Спитамен башчылыгындагы козголоңчулар баштап Мароканда шаарында калтырылган Александрдын аскерлерин жеңип, шаарды ээлешкен.

Муну уккан Александр Спитамен козголоңун бастыруу үчүн чоң кошуун жөнөткөн. Бирок, Спитамен аларды да жеңет. Эми Александрдын өзү чоң кошуун менен келип, Мароканданы катуу курчоого алат. Оор салгылашуулардын биринде Александр өзү да жарадар бо-

лот. Ушундай болсо да, жакшы аскердик таалим алган Александрдын кошуунунун колу бийик келет.

Натыйжада Спитамен чегинүүгө мажбур болот. Баскынчылык согуштары учурунда Александр журтубузду баш ийдирүү оңой эместигин түшүнүп жеткен жана башка усулду колдонгон.

Ал баштап Спитаменге эгерде козголоңду токтотсо, ага Согдиана акимдигин тартууламакчы экендиги жөнүндөгү кабарды жиберет. Бирок, Спитамен Мекенин саткандан көрө өлүмдү абзел көрүп, макул эместигин билдирет.

Эми, Александр айла-амал иштетүүнүн жолун издейт: «Спитамен жок кылынышы керек! – деп, ойлойт эле Александр. – Мүмкүн болушунча батыраак! Бүткүл Азияны мага каршы көтөрө электе жок кылынышы керек. Бирок кантип? Анткени бул «кутурган Кабыланды» миндеген аскерлер изме-из кууп жаткан болсо да, эч кандай күч аны жеңе албай жатат го. Күч тең келе албаган болсо, демек айла-амал колдонуу керек! Кантип эле «кутурган Кабыландын» аскерлеринин арасында бир да «чөө бөрү» жок болсун?!».

Мекендештери Спитаменди Кабылан деп аташчу. Ага мындай ат берилишине бир гана анын кабыландын терисин үстүнө жамынып жүрүшү гана эмес, анын кабыландай эр жүрөк жана эпчилдиги да себеп болгон.

Ошентип, Александр Мекен саткындарынан пайдаланмакчы болгон жана буга жетишкен. Александр Спитаменди чыккынчылардын жардамында жеңди. Бул окуя б.з.ч 328-жылда болуп өткөн.[1]

Согдианалыктар Спитаменди чоң урмат-сый менен көмүшкөн.

Спитамен курман болсо да, баскынчыларга каршы элдик күрөш дагы бир жылга созулган. Боштондук козголоңу жеңилген болсо да, ал улуу бабаларыбыздын эрдигин, батырдыгын көрсөткөн.

Александр журтубузду өзүнө баш ийдирүүгө жетишти. Бирок бул ага абдан кымбатка түштү.

Ал жаңы согуштарга даярдык көрүү учурунда безгек оорусуна чалдыгып, 33 жашында өлдү. Александрдын өлүмүнөн соң ал негиз салган мамлекет да майдаланып кетти.

---

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 8-том. 43-бет.

**Өзүңдү сынап көр**

- Спитамен – ... болгон эле.
- Спитамен – ...  жолу менен жеңилди.

**Суроо жана тапшырмалар**

*1. Македония мамлекети качан жана ким тарабынан түзүлгөн?*
*2. Македониялык Александр Мекенибизди басып алуудан кандай максатты көздөгөн эле?*
*3. Спитамен башчылыгында Мекенибиздин азаттыгы үчүн алып барылган козголоң жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
*4. Александр Спитаменди кандай жол менен жеңген эле?*

## 31-§. АРАБДАРГА КАРШЫ ЭЛДИН БОШТОНДУК КҮРӨШҮ

**Муканна козголоңунун себептери.** Мекенибиздин ыңгайлуу жана кооз табигый климаттык шарты, эсеп жеткис байлыктары арабдардын да көңүлүн өзүнө тарткан. Ошол себептен да алар VIII кылымда Мекенибизди басып алууга киришишти. Бул баскынчылык жортуулуна тажрыйбалуу араб кол башчысы Кутайба ибн Муслим жетекчилик кылган. Баскынчылык жортуулунун башталышы алдынан Мекенибизде бирдиктүү кудуреттүү мамлекет жок эле.

Бул болсо араб баскынчылары үчүн абдан жардам берген. Ошентсе да, ата-бабаларыбыз баскынчыларга катуу каршылык көрсөтүшкөн. Бирок, кудуреттүү аскерлерге ээ болгон арабдар 715-жылда  журтубузда өз бийлигин орнотушкан.

**Эсте тут!**

Арабдар журтубузду Маварауннахр (дарыянын аркы жагы) деп атай башташкан.

Арабдар Маварауннахр элине зулум өткөрө башташкан. Атап айтсак, алар жергиликтүү элден алына турган салыктардын өлчөмүн ашырышкан. Бул да жетпегендей, эң жакшы жерлер көчүрүп келинген арабдарга алып берилген. Журтубуздун байлыктары таланган.


Кутайбанын аскердик жүрүшү.

Ошол эле учурда өнүгүүдө алардан жогору турган жергиликтүү элден өздөрүн устун коюшкан. Аларды көзгө илбеген, менсинбеген. Бул адилетсиздиктер жана көрсөткөн зулумдары жергиликтүү элде кескин нааразылык ойготкон. Булар акыр аягы 769-жылда Муканна башчылыгындагы козголоңдун башталышына алып келген.

**Козголоңдун натыйжасы.** Муканнанын чыныгы аты Хашым ибн Хаким эле. Ал дайыма жүзүн беткап менен бекитип жүргөн. Козголоңчулар арабдардан айырмаланып туруу үчүн ак кийим кийип алышкан. Ошондуктан бул козголоң тарыхта «Ак кийимдүүлөр козголоңу» деп да аталат.

783-жылга чейин созулган бул козголоң араб баскынчыларын шаштырып койгон. Алар козголоңду бастыруу үчүн бардык чараларды көрүштү.

Ошого карабай козголоңчулар өтө катуу каршылык көрсөтүшкөн. Бирок, күчтөр тең эмес эле. Бул болсо арабдарга козголоңчуларды бир-бирден жеңүү мүмкүнчүлүгүн берген. Арабдар Кашкадарыя оазисине бастырып киришкен.

Бул жерде козголоңчулардын негизги таянычы болгон Сом чебин курчоого алышкан жана аны ээлешкен. Ошентип Муканна козголоңу бастырылган. Аргасыз калган Муканна өзүн күйүп турган дандырдагы отко таштап каармандарча курман болгон.

Араб баскынчылары жакшы аскердик таалим алган туруктуу аскерге ээ болгондугу үчүн жеңишке жетишкен. Кошуун мамлекет тарабынан бардык зарыл нерселер менен өз учурунда камсыздап турулган.

Муканнанын кошууну мамлекеттик кошуун эмес эле. Башкача айтканда, анын аскерлери атайын аскердик таалим көрбөгөн болчу. Муканна козголоңу бастырылган болсо да, ал араб баскын-



**Муканна козголоңу.**

чылыгынын тамырларына балта чапкан. Ошол учурда, бул козголоң элдин күч-кудурети анын бирдиктүүлүгүндө экендигин да көрсөткөн.



**Муканна.**

**Өзүңдү сынап көр**

- Арабдарга каршы ... жылда ... .
- Ак кийимчендер – ... .

**Суроо жана тапшырмалар**

1. *Мекенибиз кайсы жактары менен арабдардын көңүлүн өзүнө тарткан эле?*
2. *Муканна козголоңунун себептери жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
3. *Ал эмне үчүн бастырылган болчу?*
4. *Бул козголоңдун мааниси эмнелерден турган?*

# 32-§. ЖАЛАЛИДДИН МАНГУБЕРДИ – ЭЛИБИЗДИН УЛУТТУК КААРМАНЫ

**Моңолдорго каршы баатырларча күрөш.** 1206-жылда Монголияда «Бирдиктүү моңол улусу» деп аталган мамлекет түзүлдү. Бул мамлекетти өз доорунун белгилүү кол башчысы Темучин түзгөн эле. Мамлекеттин өкүмдары Темучин – Чыңгызхан аты менен атала баштаган. Чыңгызхан өз мезгили үчүн кудуреттүү армия түзө алган. Эми, ал дүйнөнүн өкүмдары болууга умтулган. Кыска убакыттын ичинде өтө чоң аймактарды басып алып, өзүнүн мамлекетин чоң мамлекетке айландырган. Анын мамлекеттик чек аралары дагы бир чоң мамлекет – Харезмшахтар мамлекетинин чек араларына чейин жетип келген.



Чыңгызхан.

Бул мезгилде Харезм-шахтар мамлекетинин өкүмдары Алауддин Мухаммад эле. Чыңгызхандын максаты – Харезмшахтар мамлекетин кулатуу жана Азияда жалгыз өкүмдар болуп алуу эле.

1219-жылда Чыңгызхан Харезмшахтар мамлекетине каршы аскердик аракеттерди баштап жиберген. Харезмшах султан Алауддин Мухаммад мамлекеттин коргонуусун уюштурууда катага жол коёт. Аскердик күчтөрүн бириктирүүдүн ордуна, ар бир шаар-коргон өз коргонуу чептерин уюштурушу керектиги туралуу көрсөтмө-буйрук берди. Харезмшахтардын ар бир чеби душманга каршы баатырларча күрөшүшөт. Бирок, кудуреттүү Чыңгызхан Мавараунnахр шаарларын биринин артынан экинчисин урандыга айландырып барган. Тез арада мамлекеттин борбору Үргөнч шаарына чабуул баштаган. Үргөнчтүктөр заманасынын улуу окумуштуусу Нажмид-



Харезмшах султан Алауддин Мухаммад.

---

[1] *К. Ражабов* ва б. JTMS. – Т.: «Sharq» БПАК. 2011. 150-бет.

дин Кубра башчылыгында душманга катуу каршылык көрсөтүшкөн. Нажмиддин Кубра коргоочуларга карата «Же Мекен, же сыймыктуу өлүм» деп кайрылган. Шаар көчөлөрүндө салгылашуулар жети айга созулган. Натыйжада, колуна курал кармаганга күчү калбаган шаар коргоочулары аргасыздыктан багынышкан. Үргөнч коргонуусунда Нажмиддин Кубра да баатырларча курман болгон. Үргөнчтү ээлеген моңолдор шаарды урандыга айландырышты. Натыйжада, узак жылдар бою курулган бул көркөм шаарда жашоо токтогон.



**Алауддин Мухаммад уулу Жалалиддин Мангубердиге алмаз кылычты карматууда.**

**Жалалиддин Мангуберди (1198–1231) эр жүрөк жана тажрыйбалуу кол башчы.** Оор дартка чалдыккан Алауддин Мухаммад өлүмү алдынан чоң уулу Жалалиддин Мангубердини тактынын ээси кылып дайындаган. Бирок, буга чейин бардык мүмкүнчүлүктөр колдон кеткен эле. Мамлекет үчүн ушундай оор шартта Жалалиддин баскынчыларга каршы согуш баштаган.

1221-жылда Валион шаарын курчап турган моңолдорго чабуул жасап, аларды кыйратат. Бул моңолдордун үстүнөн жетишилген биринчи ири жеңиш болчу. Мындан кабар тапкан Чыңгызхан Жалалиддинге каршы 45 миң кишилик жоокер жиберет. Жалалиддин аны Газнанын жанындагы Парванда тосуп алган жана согушта жеңген.



**Жалалиддин Мангуберди.**

**Эсте тут!**

Тарыхка «Парван салгылашуусу» деген ат менен кирген бул согушта Жалалиддин моңолдорго каршы бардык жоокерлерди аттарынан түшүрүп душманды жаадан окко тутуу жана андан кийин жалпы чабуулга өтүү усулун колдогон.

Эми Чыңгызхандын өзү чоң кошуунга баш болуп Жалалиддинге каршы согушка аттанган.

**Чечүүчү салгылашуу.** Эки жактын ортосунда чечүүчү салгылашуу Синд дарыясы жанында 1221-жылдын 24–26-ноябрь күндөрү болуп өтөт жана тарыхка «Синд салгылашуусу» аты менен кирген.

**Өзүңдү сынап көр**

- Жалалиддин Парван салгылашуусунда ... колдогон.
- Синд салгылашуусу ... жылда болуп өттү.

Жалалиддин кошууну азчылык болушуна карабастан, кудуреттүү душман менен жан алып, жан берип күрөшүшкөн. Согуштун тагдырын Чыңгызхандын буктурмага койгон тандалган жоокерлери чечип койгон. Жеңилүүгө туш болгон Жалалиддин аз сандуу жоокерлери менен дарыянын аркы өйүзүнө сүзүп өтүп, чөлдүн ичкерисине кирип кеткен. Чыңгызхан душманы болсо да, Жалалиддиндин эрдигине таң калып: «Атага ушундай эр жүрөк уулдар керек. Ал эки куюндун – от жана суу куюунунан эркиндик майданына чыга алды», деген. Султан Жалалиддин Мангуберди жеңилген болсо да 1231-жылга чейин моңолдорго каршы тыным билбей күрөшкөн. Ал бирде жеңсе, бирде жеңилүү даамын таткан, бирок чегинген жок. Жалалиддин Мангуберди 1231-жылдын август айында азыркы Түркия аймагында курман болгон.

**Элибиздин улуттук каармандары түбөлүк тирүү.** Мамлекетибиз тарабынан эгемендүүлүк жылдарында Султан Жалалиддин Мангубердинин моңол баскынчыларына каршы көрсөткөн тендешсиз эрдиги, Мекенине жана элине туруктуулугу, чексиз сүйүүсү жогору бааланды.

**Кунт коюп оку!**

«Жалалиддин Мангуберди – ата Мекен коргоочусу, эр жүрөк кол башчы..., элибиздин тарыхында ...өчпөс из калтырган улуттук каарман».

*Ислам Каримов.*

---

[1] *К. Ражабов* жана б. JTMS. – Т.: «Sharq» БПАК. 2011. 83-бет.

Президент Ислам Каримовдун демилгеси менен 1999-жылда Жалалиддин Мангубердинин юбилейинин 800 жылдыгы кеңири белгиленди.

Ага Харезмде айкел орнотулду. Көчө жана аянттарга анын аты берилди. 2000-жылда мамлекетибиздин жогорку аскердик сыйлыктарынан бири – «Жалалиддин Мангуберди» ордени уюштурулду.




**«Жалалиддин Мангуберди» ордени.**

### Терминдин мазмунун билип ал

**Валион** – Азыркы Ооганстан аймагындагы байыркы шаар.

**Парван** – Ооганстандагы шаарча.

**Синд** – азыркы Пакистандын түндүгүнөн агып өтүүчү чоң дарыя.

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Чыңгызхан түзгөн моңолдор мамлекети жөнүндө эмне билип алдың?*
2. *Эмне үчүн Алауддин Мухаммад Харезмшах мамлекеттин коргонуусун түзө албаган?*
3. *Жалалиддин кайсы шаарларда моңолдордун үстүнөн жеңишке жетишкен?*
4. *Синд дарыясынын жээгиндеги салгылашуу жөнүндө айтып бер.*
5. *Мекенибиздин эгемендүүлүк жылдарында Жалалиддин Мангубердинин элесин түбөлүктөштүрүү жаатында кандай иш-аракеттер жасалган?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

**«Мекендин азаттыгы үчүн күрөшкөн баатырлар»**

*(жоопторуң)*

| Т/н | Каармандар | Каармандар качан жана каерде күрөшкөн? | Каармандардын тагдыры |
|---|---|---|---|
| 1. | Тумарис | | |
| 2. | Ширак | | |
| 3. | Спитамен | | |
| 4. | Муканна | | |
| 5. | Жалалиддин Мангуберди | | |

# 33-§. ЖААНГЕР АМИР ТЕМУР

**Амир Темурдун өмүрү жана ишмердүүлүгү.** Амир Темур 1336-жыл 9-апрелде азыркы Яккабак районундагы Хожа Илгар айылында төрөлгөн. Анын атасы Амир Тарагай Бахадыр өзбектердин барлас уруусу жана Кеш (Кашкадарыя) вилаятынын беделдүү бектеринен бири болгон.



Амир Темур.

Апасы Такина Махбегим Бухаранын жеткилең илимдүү үй-бүлөлөрүнөн биринин кызы болгон. Амир Темурдун жаштыгы Кеште (Шахрисабзда) өттү. Жети жашка толгондон соң, атасы аны окууга берген. Амир Темур жаш кезинде эле устаттардын көзөмөлүндө чабандоздук, мергенчилик, жаадан бутага ок атуу, аскердик оюндар менен алек болду. Ал өз мезгилинин илимдерин терең ээледи. Атасынын пири шайх Шамсиддин Кулалдан сабак алды. Терең пикирдүү, жакшы сапаттуу, зейрек жана эр жүрөк баатыр болуп өсүп-чоңойду. 17 жашында атасынын бүткүл мүлкүн өзү өз алдынча башкара баштады. Амир Темур төрөлгөн мезгилде Мекенибиздин аймагы Чыңгызхандын уулдарынан бири Чыгатай аты менен аталуучу улус (мамлекет) курамында эле.

XIV кылымдын ортолорунда Чыгатай улусунда бийлик үчүн күрөш абдан курчуган. Натыйжада улус бөлүнүп кеткен. Амир Темур мына ушундай оор кырдаалда тарых сахнасына чыккан. Ал өзүнүн алгачкы аскердик ишин кол астындагы жоокерлери менен түрдүү вилаят амирлерине кызмат кылуудан баштаган. Алардын өз ара күрөштөрүндө катышып, эрдик көрсөткөн. Бул болсо анын атын Кашкадарыя вилаятында белгилүү кылып жиберген. Күрөштөрдө чыңдалып барган Амир Темур эми өз алдына Мекенин моңолдордон куткаруудай ыйык милдетти койгон.



Амир Темур мамлекетинин желеги.

**Амир Темур – кудуреттүү мамлекеттин негиз салуучусу.** Тез арада Амир Темур моңолдорго каршы боштондук күрөшүн баштап жиберген. Бул күрөш сегиз жылга созулган. Аягында, боштондук күрөшчүлөрү моңол жоокерлерин Маварауннахр аймагынан кууп чыгарышкан. Ал эми 1370-жылдын 9-апрель күнү болсо Амир Темур Маварауннахрдын өкүмдары деп жарыяланды. Бул мезгилде ал 34 жашка толгон эле.

Амир Темурга пири шайх Саййид Барака жогорку бийликтин символу болгон чоң добулбас жана желекти карматкан. Самарканд мамлекеттин борбору кылып белгиленген.

**Эсте тут!**

1370-жылда улуу Темурийлер мамлекетине негиз салынды.

**Амир Темур Европа элдеринин куткаруучусу**. Бул мезгилде Амир Темур мамлекетине моңолдор курган Алтын Ордо мамлекети коош сала баштаган. Бул мамлекеттин тактысында Токтомушхан отурчу. Амир Темур Алтын Ордонун коош салууларын жоюуга киришти. 1395-жылда Амир Темур Токтомушхандын жоокерлерин жеңген.

Бул жеңиш Алтын Ордону өтө алсыратып койгон. Жеңиш Алтын Ордого көз каранды болгон Рустун (Россиянын) моңолдордун зулумунан кутулуусун ылдамдаткан.


**Муну көңүл буруп оку**

«Амир Темур Россияны Алтын Ордо зулумунан кутулуусун жана бул мамлекеттин өнүгүүсүн тездеткен».

М. Иванин (Орус тарыхчы окумуштуусу) «Эки улуу кол башчы» китеби.

Амир Темур Батыш Европа элдерине чоң коош салып жаткан Осмондор империясы (Түркия)нын султаны Баязиддин кошуунун 1402-жылы Анкарага жакын жерде болгон салгылашууда талкаланган.

Усманийлердин бул жеңилүүсү анын Европа мамлекеттерине салып жаткан коопту жокко чыгарды. Баязиддин кол салуусунан




**Амир Темурдун айкели.**

кутулган Европа мамлекеттери Амир Темурга ыраазычылык каттарын жөнөтүшкөн. Франция жана Испания королдору болсо элчилер да жиберишкен. Жаангерге Батыш Европада XV кылымда эле эстелик орнотулуп, ага – «Европанын куткаруучусуна» деген терең маанилүү сөздөр жазылып коюлду. Ооба, Амир Темур журтту кудуреттүү борборлошкон мамлекетке айландыра алды, о.э., Европанын куткаруучусуна да айланды. Амур Темурдун дүйнө тарыхында туткан орду чоң. Ошондуктан ЮНЕСКО уюмунун токтому менен 1996-жылда Амир Темурдун юбилейинин 660 жылдыгы эл аралык деңгээлде кеңири белгиленди.

**Кунт коюп оку!**

«Амир Темур биздин ар-намысыбыз, сыймыгыбыз жана даңкыбыз!»

*Ислам Каримов.*

Ташкент, Самарканд жана Шахрисабз шаарларында Амир Темурдун айкелдери орнотулду. Ташкентте Темурийлер тарыхы мамлекеттик музейи курулду. Мекенибиздин жогорку сыйлыктарынан бири – «Амир Темур» ордени жарыяланды.

**Өзүңдү сынап көр**

- 1395-жылда – ... .
- М. Иванин – ... .
- Анкара салгылашуусу – ... .

**Терминдин мазмунун билип ал**

**Анкара** – азыркы Түркия Республикасынын борбору.

**Суроо жана тапшырмалар**

1. *Амир Темур күрөш майданына чыккан мезгилде Мекенибизде абал кандай эле?*
2. *Амир Темурдун Мекендин көз карандысыздыгы жолунда алып барган күрөшү жана улуу мамлекет кургандыгы жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
3. *Эмне үчүн Амир Темур Европанын куткаруучусу деп аталат?*
4. *Эгемендүүлүк жылдарында Амир Темурдун улуу жана ыйык атын кайра калыбына келтирүү жаатында кандай иш чаралар жасалды?*

## КОШУМЧА МААЛЫМАТ

**Улуу бабабыз Амир Темурдун «Темур түзүктөрү» (мыйзамдары) чыгармасында жазып калтырган үгүттөрүнөн**

- Улуттун дартына дарман бол.
- Күч адилеттүүлүктө.
- Жакшы адам журт түзөт, жаман адам журт бузат.
- Иштин көзүн билген, эр жүрөк жана кайраттуу, чечкиндүү, ишкер жана сергек бир адам миндеген колунан иш келбеген, кайдыгер адамдардан жакшыраак.

# 34–35-§. РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫ ЖАНА СОВЕТ БАСКЫНЧЫЛЫГЫ

**Падышалык Россиясынын максаты.** Мекенибиздин мол табигый байлыктары Россия падышасы Пётр I ди да суктанткан. Ошондуктан өз алдына журтубуздун бул байлыктарын колго киритүү максатын койгон. Өз максатын ишке ашыруудан мурда, Орто Азия хандыктарындагы (Хива, Бухара жана Кокон хандыктары) ички кырдаалды үйрөнүү жана алтын корлору бар болгон жайларды аныктамакчы болгон.

Ушул максатта 1717-жылда Хива хандыгына 10 минден ашуун аскер жана түрдүү адистерден турган экспедиция жиберген. Бирок экспедиция кырсыкка учураган.



Пётр I.

Пётр I мындан кабар тапса да, Хива хандыгынан өч алуу үчүн кошуун жибере албады. Анткени, Россия башка согуш менен алек эле. Пётр I нин мүдөөлөрүн XIX кылымда анын кийинки урпактары ишке ашырган. Журтубузду басып алууда Орто Азия хандыктарынын экономикалык жактан жардылыгы, заманбап куралдандырылган жана таалим берилген кошуундун жоктугу о.э., алардын ортосундагы өз

ара тирешүүнүн күчтүүлүгү Россия империясына (Россия падышалыгы) оң келген.

**Баскындын башталышы.** 1864-жылда Россиянын императору Александр II Орто Азия хандыктарына каршы аскердик аракет баштоого буйрук берди. Оболу, Кокон хандыгына караштуу бир нече чеп жана шаарлар басып алынды.

1865-жылда генерал М. Черняев кол башчылыгындагы кошуун Ташкент шаарына кол салды. Кокон хандыгы кошуундары амирбашчысы (башкы командачысы) Молдо Алымкул башчылыгында шаар эрдик менен корголду.

Бирок аскердик күчтөр тең эмес эле. Молдо Алымкул марттык менен каза болду. М. Черняев шаарга суунун кирүүсүн токтотуп койду. Акыр-аягында шаар басып алынды. Басып алган аймактарда Түркстан облусу түзүлдү. М. Черняев облус аскердик губернатору (акими) кылып дайындалды.

Ал эми 1867-жылда Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлдү. 1868-жылда Бухара амирлиги, 1873-жылда болсо Хива хандыгы Россияга көз каранды мамлекеттерге айландырылды. Алардан тартып алынган аймактар Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына кошуп алынды.

**Кокон хандыгынын жоюлушу.** Түркстан генерал-губернатору Кауфман Кокон хандыгын толук жоюуга киришти. Ал үчүн Кокон хандыгында ыңгайлуу шарт пайда болду. Анткени, Кудаярхан убактысын оюн-зоок, күлкү-тамаша, мергенчилик менен өткөрдү. Окумуштуу жана уламалардын кеңештерине кулак салбады. Тескерисинче зулум-кысым жолуна түшүп алды. Натыйжада эл Кудаяархандын зулумуна каршы козголоң көтөрдү. Хан козголоңду бастыруу үчүн миңбашы Абдурахман афтабачы башчылыгында кошуун жөнөттү. Бирок Абдурахман афтабачы козголоңчулар жакка өтүп кетти. Бул болсо Россия баскынчыларына оңтойлуу болгон. Кауфман Фергана өрөөнүн көздөй чоң кошуун жөнөткөн. Теңдешсиз согуштарда Кокон коргоочулары талкаланган.

1876-жылда Россия императору Александр II нин указына ылайык Кокон хандыгы жоюлган. Анын ордуна Фергана облусу түзүлүп, Түркстан генерал-губернаторлугу курамына киргизилген.

**Улуттук боштондук күрөшү.** Россия падышачылыгы журтубузду басып алгандан соң баскынчылык тартиптерин жарыялаган. Байлыктарыбыз талап-тоноолгон. Оор салыктар жана милдеттемелер орнотулган. Эң өнүмдүү жерлер Россиядан көчүрүп келингендерге бөлүп берилген.

Улуттук баалуулуктарыбыз, үрп-адаттарыбыз тепселген. Бул факторлор Түркстан калкынын баскынчыларга каршы боштондук козголоңун көтөрүүсүнө себеп болду. Айрыкча,1898-жылда Андижанда Мухаммадали эшен башчылыгында көтөрүлгөн козголоң кескин түс алды. Козголондун максаты Кокон хандыгын кайра орнотуу эле. Бирок күчтөр тең болбогондугу жана жакшы даярдык көрүлбөгөндүгү үчүн козголоң жеңилүүгө учураган. Баскынчылар козголонду ырайымсыздык менен бастырган. Мухаммадали жана анын жакын катарлаштары асып өлтүрүлдү. Жүздөгөн катышуучулар каторгага жиберилди. Бирок бул ырайымсыздыктар элибиздин эркин бүгө албады.

**Совет баскынчылыгынын орнотулушу.** 1917-жылдын февралында Россияда 300 жылдан ашуун бийликте отурган Романовдор династиясынын бийлиги жоюлду. Мамлекет башынан оор кыйынчылыктуу күндөрдү өткөрө баштады. Бирок жаңы өкмөт бул кризисти жоё албады. Натыйжада бийликти коммунисттер партиясы (менчик мүлк болбой турган коом үчүн күрөшүүчү) ээлеп алды.

Бирок коммунисттер партиясы Россия падышачылыгы доорунда басып алынган өлкө элдерине эгемендүүлүк бербеди. Ушундай түрдө биздин журтубуз да Советтик Россиянын колониясы болуп кала берген. Советтик империя (Совет Россиясы) 1917-жылда баштап Кокон шаарында түзүлгөн улуттук өкмөтүбүздү кулатып таштаган. Шаарда кыргын уюштурулган. Бул кан төгүү бүткүл Түркстанды солкулдаткан. Большевиктер элдердин улуттук баалуулугун, маданиятын жана үрп-адаттарын менсинбеген. Баскынчыларга көз карандылык ого бетер күчөтүлгөн. Бул болсо улуттук-боштондук күрөшүнүн башталышына себеп болгон. Бул күрөшкө Мадаминбек жана Шермухаммадбек сыяктуу корбашы (командачы) бабаларыбыз башчылык кылышкан. Күрөш бир нече жылга созулган.

Бирок аскердик күчтөр тең эмес эле. Мындан сырткары, улуттук-боштондук күрөшү жолбашчылары өз ара толук биримдикке жетише алышпаган. Натыйжада Түркстандын эркиндиги үчүн алып барылган күрөш жеңилүүгө учураган. Коммунисттер Түркстан эркиндиги үчүн күрөшкөндөрдү кордоп, «басмачылар» деп аташкан.

Жаңы өкүмөт айрыкча жергиликтүү билимдүүлөрдү аёосуз куугунтукка алышкан. Анткени, алар Мекенибиздин боштондугунун эң активдүү күрөшчүлөрү эле. Алардын арасында сен 30-темада билип алган эгемендүүлүгүбүз үчүн өмүрлөрүн арнаган Махмудкожо Бехбудий, Мунавваркары Абдурашидханов, Абдурауф Фитрат, Чолпон жана Абдулла Кадырийлер, белгилүү акын Усман Насыр сыяктуу жүздөгөн бабаларыбыз бар эле. Совет баскынчылыгы жылдарында Ф. Хожаев, А. Икрамов сыяктуу көптөгөн мам-



**«Шейиттерди эскерүү» эстелик комплекси.**

лекет жетекчилери да куугунтук курманы болушкан. Россия падышачылыгы жана совет империясына көз карандылык дээрлик 130 жылга созулган.

**Эркиндик үчүн күрөшчүлөр унутулбайт.** 1991-жылда Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишкенден соң, Мекенибиз эркиндиги жолунда курман болгондордун аты, урматы өз ордун тапты.

Президент Ислам Каримовдун демилгеси менен 2000-жылда Ташкентте «Шейиттерди эскерүү» эстелик комплекси курулду. Ал эми 2002-жылда бул комплексте «Репрессия курмандарын эскерүү» музейи ачылды. Ушундай түрдө баскынчылык доору курмандары элеси түбөлүктөштүрүлдү.

### Терминдин мазмунун билип ал

**Россия падышачылыгы (Chor Rossiyasi)** – орус тилинде падыша «царь» деп аталат. Түркстан эли аны «chor» деп айткан. Китептерде Россия падышачылыгы ордуна Россия империясы термини да колдонулат.

**Совет империясы** – мурдагы Россия империясынын 1922-жылдан баштап атала баштаган аты. «Совет» (Кеңеш) сөзү совет империясында мамлекетти жумушчулар, дыйкандар жана солдттар тарабынан шайланган өкүлдөрдүн (депутаттардын) өз ара кеңешип башкаруусу тартиби жарыяланганын билдирет.

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Россия империясы неге журтубузду басып алууну пландаштырган?*
2. *Эмне себептен Россия империясы өзбек мамлекеттерин баш ийдирүүгө жетише алган?*
3. *Бухара амирлиги жана Хива хандыгынын көз каранды мамлекеттерге айландырылышы жөнүндө айтып бер.*
4. *Эмне үчүн Кокон хандыгы жоюп жиберилген?*
5. *Түркстан калкынын улуттук-боштондук күрөшү жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
6. *Журтубузда совет баскынчылыгы кандайча орнотулду?*
7. *Журтубузда улуттук эркиндик жолунда курман болгондордун элесин түбөлүктөштүрүү жолунда кандай иштер жасалды?*



# VIII бөлүм. ӨЗБЕКСТАНДЫН ЭҢ БАЙЫРКЫ ШААРЛАРЫ, ТАРЫХЫЙ ЭСТЕЛИКТЕРИ

## 36-§. ӨЗБЕКСТАНДЫН ТАРЫХЫЙ ШААРЛАРЫ

**Самарканд шаары.** Самарканд Өзбекстандын эң байыркы шаары болуп саналат.

> **Эсте тут!**
>
> 2007-жылда Самарканддын 2750 жылдыгы эл аралык деңгээлде белгиленди. Самарканд шаары Мекенибиздин жогорку сыйлыгы – Амир Темур ордени менен сыйланды.[1]




**«Амир Темур» ордени.**

Согд жазма булактарында шаар Самарканд аты менен жазылган. Байыркы Греция тарыхчылары болсо Самаркандды Мараканда деген ат менен жазып калтырышкан. Мараканда баштап айланасы коргонуу дубалы менен курчалган чепкоргон болгон. Самарканд б.з.ч. IV кылымдан – Согд мамлекетинин борбору болгон. Кийинчерээк шаар чет элдик баскынчылардын чабуулу натыйжасында бир нече жолу кыйратылган. Шаардын гүлдөп-өсүшү, дүйнөнүн эң белгилүү жана кооз шаарларынан бирине айланышы улуу бабабыз Амир Темурдун аты менен байланыштуу. Самарканд Амир Темур мамлекетинин борбору катары дүйнөгө таанымал болду жана «Түбөлүктүү шаарлар«дын катары-

[1] *К. Ражабов* жана б. JTMS. – Т.: «Sharq» БПАК. 2011. 412-бет.

нан жай алды. Шаар Амир Темур салтанатынын борбору катары дүйнөгө белгилүү болду.

**Эсте тут!**

Самарканд абдан кооз шаарга айлангандыгы үчүн «Дүйнөнүн чырайы» деп да даңазаланган.

Самаркандда 70 тен ашуун ири тарыхый архитектуралык эстеликтер бар. Бул эстеликтер 2001-жылда эл аралык ЮНЕСКО уюмунун токтому менен «Дүйнөлүк маданий мурастардын» тизмесине киргизилген. Мамлекетибиздин эгемендүүлүгү жылдарында Өзбекстандын эң байыркы шаары болгон Самарканддын көркү андан да көркөмдөштү.

**Өзүңдү сынап көр**

- «Түбөлүктүү шаарлар», – ... .
- «Дүйнөнүн чырайы», – ... .

**Бухара шаары** да Өзбекстандын эң байыркы жана дайыма жаш, атактуу шаарларынын катарында турат. 1997-жылда Бухаранын 2500 жылдыгы белгиленди. Кээ бир тарыхчы окумуштуулардын болжолу боюнча шаардын аты «Теңирдин жамалы» деген маанини билдирет. Бухараны бабаларыбыз «Изгиликтин шаары», деп да аташкан. Бухара алгач IX–X кылымдарда, кийин XVI кылымдан баштап мамлекеттин борбору даражасына ээ болгон.



**Бухара аркасы.**

Бүгүнкү күндө Бухара шаарында жүздөн ашуун ири тарыхый архитектуралык эстеликтер сакталып калган. Бухара аркы (өкүмдарлардын турар жайы), Ысмайыл Саманийдин күмбөзү, Минараи Калан, Мир Араб жана Улукбек медреселери сыяктуулар алардын эң белгилүүлөрү болуп саналат. Байыркы Бухара азыркы учурда ар дайымкыдай жаш шаар. Эгемендүүлүк жылдарында шаардын көрүнүшү таанып болбос даражада өзгөрдү. Шаар дагы да көркөм болду. Айныкса, 107 гектардан турган «Бухара маданий борбору» Өзбекстандын ар бир жаранында Мекени менен сыймыктануу сезимин андан да күчөшүнө кызмат кылат. 2010-жылда бул борбордо «Көөнө жана түбөлүктүү Бухара» монументи тургузулду.

**Хива шаары.** Хива азыркы Харезм облусундагы шаар. Ал жаш жагынан Бухара менен теңдеш. 1997-жылда Хиванын да 2500 жылдыгы белгиленди. Шаар Чыгыштын бермети болуп эсептелет. Ага карата «Миң күмбөз шаары» термини да иштетилет. Хива Ичан калаасы (чеби) мурдагы абалы бүтүндүгүнчө сакталып калган жалгыз шаар болгондуктан 1967-жылда эле корук-шаар деп жарыяланган. 1990-жылда болсо «Дүйнөлүк маданий мурастын» тизмесине киргизилди.

Кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча шаардын аты «кумдуу жай», «чеп» маанилерин билдирет. Хива XVII кылымдын баштарында Хива хандыгынын борборуна айланган. Шаардын бул даражасы 1920-жылга чейин сакталган. Хиванын бүткүл тегереги суулуу аң менен курчап алынган эле. Шаарга атайын курулган көпүрө аркылуу кирилген. Бул көпүрө кечеси көтөрүп коюлган.

**Шахрисабз шаары.** Шахрисабз азыркы күндө Кашкадарыя облусундагы Шахрисабз районунун борбору болуп саналат. Шаар өтмүштө Кеш аты менен аталган. Жапжашыл бактар жана көздү куунаткан гүлзарлары менен адамдарды суктанткандыктан Шахрисабз аты берилген. Бул шаарга жакын Хожа Илгар кыштагында улуу бабабыз Амир Темур төрөлгөн. Амир Темур мамлекетине келген Испания королдугунун элчиси Клавихо өз эстеликтеринде шаарда көптөгөн салабаттуу имараттар жана мечиттер курулгандыгын, алардын эң белгилүүсү Аксарай экендигин жазган.

Өкүнүчтүүсү бул салабаттуу жана кооз Аксарай эстелиги толук сакталып калбаган. Ошондой болсо да — Эгемендүүлүк жылда-




**Аксарайдын бүгүнкү абалы.**

рында сарайда чоң ремонттоо иштери жүргүзүлдү. 1996-жылда Шахрисабз Амир Темур бабабыздын юбилейинин 660 жылдыгы себеп «Амир Темур» ордени менен сыйланды. Шаарда улуу бабабыздын салабаттуу айкели орнотулду. 2002-жылда шаардын 2700 жылдыгы белгиленди жана Шахрисабз «Дүйнө маданияты мурасынын» тизмесине киргизилди.[1]

**Каршы шаары.** Алгач Нахшаб, кийин Новтака жана Насаф аталыштары менен аталган. XIV кылымдан баштап Каршы деп атала баштаган. «Каршы» сөзү сарай, чеп деген маанилерди билдирет.

> **Эсте тут!**
>
> «Нахшаб» – суу абат кылган жерге, «Новтака» болсо жаңы имарат деген маанилерди билдирет. Арабдар Нахшабды «Насаф» деп тилге алышкан.

Шаар б.з.ч. VII кылымда курулган. Ал бүгүнкү күндө Кашкадарыя облусунун борбору болуп саналат. Эгемендүүлүк жылдарында

---

[1] *К. Ражабов* жана б. JTMS. – Т.: «Sharq» БПАК. 2011. 394-бет.

Каршы шаарында да чоң жаратуучулук иштери жасалды. 2006-жылда – шаардын 2700 жылдыгы белгиленди.[1]

**Термез шаары.** Өзбекстандын дагы бир байыркы шаары Термез. Бул аталыш «наркы жакадагы жай» деген маанини билдирет. Шаар Орто Азиянын ири кол өнөрчүлүк жана соода борбору болгон. Өтмүштөгү Улуу Жибек жолунун борборунда жайгашкан бул шаар түрдүү элдерди жана алардын маданиятын өз ара байланыштырып турган. Дүйнөгө белгилүү хадис илиминин окумуштуусу Имам ат-Термезий жана сопылык философу Хаким ат-Термизийлер ушул шаарда төрөлгөн эле. Шаар өз тарыхында бир нече жолу баскынчылардын чабуулуна учураган жана кыйратылган. Термез шаары бүгүнкү күндө Сурхандарыя облусунун борбору болуп эсептелет. 2002-жылда шаардын 2500 жылдык юбилейи эл аралык деңгээлде белгиленди. Ал эми 2014-жылда «Амир Темур» ордени менен сыйланды.

**Өзүңдү сынап көр**

- 2500 жылдыгы белгиленген шаарлар ... .
- Амир Темур ордени менен сыйланган шаарлар ... .
- Мамлекеттин борбору болгон шаарлар....

**Терминдердин мазмунун билип ал**

**Мухаддис** – хадистерди чогултуу, иреттөө жана чечмелөө менен ..алектенүүчү адам.

**Суроо жана тапшырмалар**

***1.*** *Самарканд шаары жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
***2.*** *Бухара шаары жөнүндө алган билимдериңди айтып бер.*
***3.*** *Бухара жана Хива шаарлары жөнүндөгү маалыматтарды салыштыр: окшош жана өзүнө мүнөздүү жактарын аныкта.*
***4.*** *Самарканд жана Бухара шаарлары жөнүндөгү маалыматтарды салыштыр: окшош жана өзүнө мүнөздүү жактарын аныкта.*
***5.*** *Шахрисабз, Каршы жана Термез шаарларынын тарыхы жөнүндө айт?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

*(Жадыбалды толтур)*

| Шаарлар | Курулган жылы | Аталышынын мааниси | Шаарга карата колдонулган окшотуулар | Борбор шаар статусуна ээ болгон мезгили | Юбилейи белгиленген жылдар |
|---|---|---|---|---|---|
| Самарканд | | | | | |

[1] *К. Ражабов* жана б. JTMS. – Т.: «Sharq» БПАК. 2012. 410-бет.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Бухара | | | | | |
| Хива | | | | | |
| Каршы | | | | | |
| Термез | | | | | |
| Маргылан | | | | | |

## 37-§. ӨЗБЕКСТАНДЫН БОРБОРУ – ТАШКЕНТ 2200 ЖАШТА

**Ташкенттин байыркы орду.** Бүгүнкү Ташкент шаары 2200 жылдык тарыхка ээ. Археолог окумуштуулар узак жылдык изилдөөлөрдөн соң Ташкенттин байыркы орду азыркы темир жол вокзалы жакынында, Салар каналынын жээгинде жайгашкандыгы аныкталды. Бул жай «Миң өрүк» жана «Миң өрүк тепа» аталыштары менен аталган. Шаардын мындай ат менен аталышына бул жерде чоң өрүкзар болгону себеп болгон. Шаар VI кылымда Чач (Ташкент) облусунун борборуна айланган.

**«Ташкент» термини жөнүндө.** Биздин замандын баштапкы кылымдарына таандык Кытай жазма булактарында Ташкент «Ши» аты менен тилге алынган. Бул аталыш «Таш шаар» деген маанини билдирген. Беруний өзүнүн «Индия» аттуу чыгармасында «Ташкент» терминин иштеткен. Арабдар тарабынан баш ийдирилгенден соң, араб алфавитинде «ч» тамгасы жок болгондуктан «Чач» «Шаш», «Шашкент», «Мадинат аш-Шаш», «Бинкат» аттары менен аталган. Шаардын айланасы күчтүү коргонуу дубалы менен курчап алынган. Кийинчерээк, шаардын ичи арк жана шахристанга ажыратылган. Аркта өкүмдардын сарайы жана ибадаткана жайгашкан. Шаардын мансап ээлери жашай турган бөлүгү шахристан, ал эми кол өнөрчүлөр жашай турган бөлүгү болсо рабат деп аталган. Ташкент эл аралык кербен соода жолунда жайгашкандыгы себептүү шаарда кол өнөрчүлүк жогорку даражада өнүккөн.

Археолог окумуштуулар шаар аймагынан түрдүү мамлекеттердин тыйын акчаларын табышкан. Бул болсо Ташкенттин кызуу соода борбору да болгондугун далилдейт.

**Өзүңдү сынап көр**

- Миң өрүк – … .
- Бинкат – … .




**Ташкент шаарынын герби.**

**Ташкент эгемендүү Өзбекстан мамлекетинин борбору болуп саналат.** Ташкенттин борбор шаар катары даражасы Өзбекстан Конституциясынын 6-статьясында жазып коюлган. Ташкент бүгүнкү күндө бир гана Борбордук Азиянын эле эмес, ошол эле учурда дүйнөнүн да эң кооз шаарларынан бирине айланды.

**Эгемендүүлүк жана чоң жаратуучулук.** Бул сулуулук борборубузда эгемендүүлүк жылдарында ишке ашырылган чоң жаратуучулук иштеринин натыйжасы болуп саналат.

1991-жылда шаарда курулган Алишер Наваий атындагы Өзбекстан Улуттук паркы бул жаратуучулуктун башталышы болду. Бакта бабабыздын салабаттуу айкели да орнотулду.

Бул бак журтубуздун эң кооз жана негизги зыярат жайына айланды. Ар жылы журтубузда белгиленип жаткан «Эгемендүүлүк күнү» жана Нооруз майрамдарына арналган Республикалык салтанаттуу чаралар ушул бакта өтүүдө.

Башкы аянтыбыз – Мустакиллик аянтында ишке ашырылган жаратмандык иштери бардыгыбыздын дилибизди мактаныч жана сыймыкка толтурат. 1992-жылда аянтта орнотулган «Мустакиллик монументине» Өзбекстандын картасынын сүрөтү түшүрүлгөн. Бул сүрөт дүйнөдө Өзбекстандай эгемендүү мамлекет бар экенин билдирип турат. Аны көргөн мекендештерибиз улуттук сыймык сезимдерин туюшат.



**Мустакиллик жана изгилик монументи.**

2005-жылда бул монументтин алдынан «Бактылуу эне» символу орун алды жана Эгемендүүлүк монументи эми «Мустакиллик жана изгиликтин монументи» деп атала турган болду. «Мустакиллик жана изгиликтин монументине» жол «Изгилик аркасынан» башталат. Анын үстүнө орнотулган аппак илегилек тынчтык жана



Изгилик аркасы.

бейпилчиликтин, канат кагып жаткан турналар болсо мамлекетибиздин улуу келечекке карай учуп жаткандыгынын символу болуп саналат. «Бактылуу эне» айкели болсо мамлекетибизде үй-бүлө коргонунун чырак ээси болгон аялдарга көрсөтүлүп жаткан чоң урмат жана көңүл буруунун жаркын мисалы болот. Аны зыярат кылган адам перзентин бооруна басып турган Бактылуу эне символунда өз апасын, аруу балалыгын көргөндөй болот.



Олий Мажлистин Мыйзам чыгаруучу палатасынын имараты.



**Олий Мажлис Сенатынын имараты.**

Шаарда улуу жаангер Амир Темур аты менен аталуучу сейилбак да уюштурулган. 1993-жылда сейилбакта Амир Темурдун айкели орнотулду.[1] Айкел элибизге сыймык тартуулап турат.

Мындан сырткары Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси палаталары үчүн курулган имараттар, Амир Темур сейилбагынын күн чыгыш жагында курулган кооз «Өзбекстан эл аралык конференциялар сарайы», Алишер Наваий атындагы Улуттук китепкана жана Агартуу борбору имараты, Азирети Имам (Хасти имам) комплекси жана 2014-жылда курулган «Минар» мечити сыяктуу архитектурабыздын белгилүү үлгүлөрү өзүнүн кооздугу жана салабаты менен борбор шаардын көркүнө көрк кошуп турат. Билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча эл аралык ислам уюму 2007-жылда Ташкент шаарын «Ислам маданиятынын борбору» деп жарыялады.




**«Mustaqillik» ордени.**

[1] *К. Ражабов* жана б. JTMS. – Т.: «Sharq» БПАК. 2012-ж. 329-бет.

Эл аралык ЮНЕСКО уюмунун токтому менен 2009-жылда Ташкенттин 2200 жылдыгы белгиленди. Мамлекетибиздин жогорку ордени – «Эгемендүүлүк» ордени менен сыйланды. Өзбекстандын Президенти Ислам Каримов юбилей иш-чараларында жасаган докладында Ташкентти: «Тарыхы бай, бүгүнү кооз, келечеги улуу шаар», деп атады.

**Терминдин мазмунун билип ал**

**Бинкат** – алыстан көрүнүп туруучу шаар.

**Суроо жана тапшырмалар**

***1.*** *Сенин оюңча окумуштуулар Ташкент шаарынын 2200 жашта экенин кантип аныкташкан?*
***2.*** *Ташкенттин өтмүш тарыхы жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
***3.*** *«Ташкент» деген аталыш жана Ташкенттин түрдүү доорлордо кандай аттар менен аталгандыгы жөнүндө айтып бер.*
***4.*** *Өзбекстандын эгемендүүлүгү жылдарында Ташкент шаарында ишке ашырылган чоң жаратуучулук иштери жөнүндө эмнелерди билип алдың?*


## 38–39-§. ӨЗБЕКСТАНДЫН ТАРЫХЫЙ АРХИТЕКТУРАЛЫК ЭСТЕЛИКТЕРИ

**Ысмайыл Саманийдин күмбөзү.** Бухара шаарынын маданият жана сейилбагы аймагында жайгашкан Ысмайыл Саманий күмбөзү бой салып турат. Ал IX кылымда Мавараunnахрдын белгилүү өкүмдары Ысмайыл Саманий тарабынан курулган. Күмбөздүн төрт тарабы да дээрлик бирдей өлчөмдүү жана бирдей көрүнүштө. Бышык кыштан көтөрүлгөн күмбөздүн дубалы көрүнүшүнөн бөйрө токумасын эстетет. Күмбөздүн үстү күмбөз менен капталган. Күмбөздүн айланасында төрт кичине күмбөз орнотулган.


**Минараи Калан.** Минараи Калан (Чоң мунара) Бухара шаарында курулган эң кооз архитектуралык эстеликтерден бири. Аны Мавараunnахрдын өкүмдары Арсланхан 1127-жылда курдурган.[1] Мунаранын пайдубалы жер бетинен 9 метр терендиктен баштап курулган. Ал таш жана атайын аралашмадан көтөрүлгөн.

---

[1] *К. Ражабов* жана б. JTMS. – Т.: «Sharq» БПАК. 2012. 75-бет.



Ысмайыл Саманийдин күмбөзү.



Минараи Калан.

Мунаранын бийиктиги 50 метр болуп, ал бышкан кыштан терилген жана жогорку бөлүгүнө айлана-чөйрөнү күзөтүү максатында 16 тешик ачылган. Мунаранын үстүнө анын ичине курулган 104 айланма тепкич аркылуу чыгылат. Минараи Калан азырга чейин салабат менен бой керип турат.

**Регистан комплекси.** Регистан дейилгенде Чыгыш мамлекеттеринде, о.э. Өзбекстанда да шаардын борбордук аянты түшүнүлгөн. Тарыхта мындай аянттарда түрдүү иш-чаралар – майрамдар, сейилдер, тамашалар өткөзүлгөн. Аянт оюлуп кетпестиги үчүн анын үстүнө майда таш төшөлгөн. Кийинчерээк Регистан аянтында Улукбек, Шердар жана Тиллакары медреселеринен турган архитектуралык эстелик курулду.

*Улукбек медресеси* XV кылымда курулган. Ал эки кабаттуу болуп, айланасы хужралар жана дарсканалар менен оролгон. Шердар менен Тиллакары медреселерин XVII кылымда Самарканд акими Жалаңтөш Бахадыр курдурган.

Шердар медресеси Улукбек медресесинин тушунда жайгашкан. Медресе төрт бурчтуу жана эки кабаттуу кылып курулган.



**Регистан архитектуралык комплекси.**

Порталга кызгыш алтын түстүү арстан ак кийикти кууп баратканы сүрөттөлгөн. Күн болсо бадам кабак, кийик көздүү кылып сүрөттөлгөн. Порталдын эки жагында күмбөздүү дарскана жана мечит жайгашкан.

Тиллакары (Алтын менен иштелген) медресеси баштап Жалаңтөшбий кичи медресеси деп аталган. Медресе имаратынан орун алган мечиттин жасалгасына көп өлчөмдө алтын сарпталганы үчүн медресе Тиллакары атын алды. Самарканд шаарынын 2750 жылдыгы себеп Тиллакары медресесинде да чоң ремонт иштери аткарылды.

Бүгүнкү күндө Регистан аянтында белгилүү «Sharq taronalari» эл аралык музыкалык фестивалдары өткөрүлүп келинүүдө. Бул эл аралык фестивалдын мааниси жөнүндө Президент Ислам Каримов мындай деген эле: «Sharq taronalari» музыка фестивалы элдерибиздин маданияттарын өз ара байытат..., элдерибизди ... бирбирине жакындаштырат».

**Аксарай** эстелиги азыркы Кашкадарыянын Шахрисабз шаарында жайгашкан. Аны улуу бабабыз Амир Темур апасынын урматына курдурган. Аксарайдын оймо-чиймелерине берилген түстөр Ай жарыгында жалтырап агарып тургандыгы үчүн Аксарай деп атал-

ган. Ал өз доорунун эң кооз жана салабаттуу архитектуралык имараты эле. Бийиктиги 50 метр болгон Аксарайдын үстүнө айланма тепкичтер аркылуу чыгылган. Аксарай канцеляриясы имаратынын мандайына Күн, арстан жана Амир Темур мамлекетинин үч алкак формасындагы сүрөттөлүшү түшүрүлгөн. Айрыкча, Аксарайдын тамынын үстүнө курулган бассейн сарайдын эң баалуу жагы эле. Бул бассейнге суу дабандан коргошун түтүктөр аркылуу алып келинген. Бассейндеги ашыкча суу шаркыратма пайда кылуу жолу менен ылдыйга агызылган. Азыркы Аксарай архитектуралык комплекси реставрация кылынып, борбордук аянтка Амир Темурдун айкели орнотулду. Аксарайдын кооздугу жана салабаты жадагалса чет элдиктерди да таң калтырган.

**Кунт коюп оку**

«Жадагалса чебер усталары дүйнөгө белгилүү болгон Парижде да бул иш абдан кооз деп эсептелген болот эле».

*Клавихо,* Испания элчиси.

Өз доорунда дүйнөнү таң калтырган Аксарайдан азыркы күндө болгону чоң мандайдагы порталдын эки четиндеги мунара жана пайдубалынын бир бөлүгү гана сакталып калган.

**Ичан калаа.** Дүйнөнүн бермет эстеликтеринен бири болгон Ичан калаа – Хива шаарынын ички бөлүгү болуп саналат. Ал өтмүштө ата-бабаларыбыз чебердик менен курган 54 баалуу тарыхый архитектуралык эстеликтер комплексинен турат. Бул комплекс Көөнө Арк (арыздар угулуучу жай), медреселер, мечиттер, күмбөздөр жана башка ушул сыяктуу имараттарды өз ичине алат. Дүйнөдө мындай баалуу жана кооз эстеликтери менен сакталып калган шаарлар өтө аз. Ошондуктан да 1961-жылда эле Ичан калаа комплекси музейге айландырылды. Бул музей-коруктун аянты 26 гектарды түзөт. 1990-жылда болсо эл аралык ЮНЕСКО уюмунун чечими менен Ичан калаа «Дүйнөлүк маданият мурастары» тизмесине киргизилди.

**Терминдин мазмунун билип ал**

**Күмбөз** – каза болгон адамдын сөөгү коюлуучу архитектуралык имарат.



**Ичан калаа комплекси.**

**Мунара** – ылдыйдан жогоруга карай кичирейип бара турган түрдө курулган бийик имарат. Мунаралар негизинен мечит жана медреселерде азан айтуусу жана шаарга көрк, салабат берүү жана аны курдурган адамдын күч-кудуретин көрсөтүү үчүн курулган.

**Регистан (майда таш төшөлгөн жай)** – Чыгыш мамлекеттеринде шаардын борбордук аянты.


### Суроо жана тапшырмалар

*1. Ысмайыл Саманийдин күмбөзү жана Минараи Калан жөнүндө айт.*
*2. Аксарай жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
*3. Ичан калаанын музей-корукка айландырылганы жана Дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизилгени эмнени билдирет?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

Сен жашаган аймакта кандай тарыхый эстеликтер бар экенин аныктап кел.

# X бөлүм. АДАМЗАТ ТАРЫХЫНДАГЫ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТАР



## 40-§. БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ

**Согуштун себептери.** Согуштардын бардыгы үрөй учарлык даражада жаман болот. Бирок алардын ичинде эң аянычтуусу дүйнөлүк согуштар болгон. Анткени, бул согуштарда дүйнөнүн көп мамлекеттери катышкан. Ошондуктан, кыргын жана ойрондолуу, элдердин башына түшө турган азап-тозоктор да ошончолук көп болгон. Адамзат бүгүнкү күнгө чейин эки дүйнөлүк согушту башынан өткөргөн. Алардын биринчиси 1914-жылда башталып, 1918-жылда аяктаган.

Анда, бул согуштун себептери эмнелерден турган? Кудуреттүү мамлекеттер 1914-жылга чейин дүйнөнүн күчсүз мамлекеттеринин аймактарын басып алып, аларды өз колонияларына айландырган эле. Улуу Британия (Англия), Франция жана Россия империясы дүйнөнүн эң ири колониалист мамлекеттерине айланышты.

**Эсте тут!**

Башка мамлекеттердин аймактарын зордук жолу менен басып алган мамлекеттер колониалист, эзүүчү мамлекеттер дейилет.

Германия, Австрия-Венгрия жана Италиянын колониялары болсо азыраак эле. Германия ушуну шылтоо кылып дүйнөнү кайра бөлүштүрүүнү талап кыла баштаган. Австрия-Венгрия талап кылып жаткан аймактар негизинен Россиянын таасиринде эле. Италия талап кылып жаткан аймактар болсо, Франциянын ыктыя-

рында болгон. Ошондуктан да алар Германияны колдоп-кубаттакан. Улуу Британия, Франция жана Россия Германиянын талаптарын четке кагышты. Натыйжада Европанын ири мамлекеттери ортосунда карама-каршылыктар күчөп барган. Бул келишпестиктер акыр-аягы аларды бири-бирине душман болгон эки союзга бириктирди. Германия, Австрия-Венгрия жана Италияны бириктирген биринчи союз «Үчтүктөр союзу», Улуу Британия, Франция жана Россияны бириктирген союз болсо «Антанта» деп аталган.

**Эсте тут!**

«Үчтүктөр союзу» менен «Антанта»нын ортосунда дүйнөнү кайрадан бөлүп алууга умтулуу – Биринчи дүйнөлүк согуштун негизги себеби болду.

**Согуштун башталышы жана анын натыйжалары**. Биринчи дүйнөлүк согуш 1914-жылдын жай айында Австрия-Венгриянын Сербияга кол салуусу менен башталып кетти.

Буга жооп катары Россия Австрия-Венгрияга, Германия болсо Россия жана Францияга, Улуу Британия болсо Германияга согуш жарыялаган.



**Танктар.**

Ушундай түрдө, Европаны Биринчи дүйнөлүк согуштун алааматы каптап алган. Согуш кийин барып дүйнөнүн 38 мамлекетин өз ичине тарткан.

Согуш башталгандан кийин «Антанта» чоң убадалар менен Италияны өз тарабына каратып алууга жетишкен.



**«Лузитания кемесинин» чөгүүшү.**

Биринчи дүйнөлүк согушта таптакыр жаңы куралдар – суу асты кемеси, хлорлуу газ жана танктар колдонулган. Германиянын суу асты кемелери жадагалса соода жана жолоочу ташуучу

кемелерге да кол салган. Атап айтсак, 2000 ден ашуун жолоочусу болгон «Лузитания» кемеси ошолордун бири эле. Чабуулдун натыйжасында алардын көпчүлүгү курман болушкан.

Биринчи дүйнөлүк согуш 1918-жылдын күзүндө Германия жана союздаштарынын жеңилүүсү менен аякталды. Бул жеңилүү натыйжасында Германия, Австрия-Венгрия жана Осмон империясы талкаланып кеткен. Германияда император тактынан оодарылган. Ал чет элге качып кетүүгө мажбур болгон. Улуу Британия жана Франция жеңилгендердин колонияларына ээ болуп алышкан. Бирок, согуш аларды алсыратып да койгон.

Россияда болсо үч жүз жылдан ашык бийлик жүргүзгөн Романовдор династиясынын бийлиги 1917-жылда түгөтүлгөн. 1917-жылда согушка кошулган АКШ согуш катышуучуларына курал-жарак сатуу жана чоң өлчөмдө акча карыз берүү менен чоң байлык арттырган.

Ал жадагалса дүйнөнүн эң ири колониалист мамлекети Улуу Британияны да карыз кылып койгон жана дүйнөнүн алдыңкы мамлекетине айланган.

**Өзүңдү сынап көр**

- Үчтүктөр союзуна ... .
- Антанта – бул, ... .
- Биринчи дүйнөлүк согуш ... башталды.

**Согуштун адамзат үчүн аянычтуу кесепеттери.** Төрт жылдан ашык созулган бул аянычтуу согуш дүйнө элдерине өтө чоң кырсыктарды алып келген. Мисалы, согушта 10 миллион адам курман болгон. 20 миллион адам болсо жарадар, майып болуп калган. Мамлекеттер өтө чоң өлчөмдө материалдык зыян көрүшкөн.

### Суроо жана тапшырмалар

*1. Кандай себептер Биринчи дүйнөлүк согуштун болушуна алып келген?*
*2. Согуштун келип чыгуусуна негизги күнөөлүү мамлекеттер тобун көрсөт.*
*3. Согуш кандай абалда башталды жана кандай аяктады?*
*4. Согуштун натыйжалары жана аянычтуу кесепеттери жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

*(Жадыбалды толтур)*

| 1-дүйнөлүк согуштун келип чыгышына себепчи болгон мамлекеттер тобу | Согуштун башталган жана аяктаган жылдары | Согуштун Германия жана союздаштары үчүн натыйжалары | Согуштун Англия, Франция жана Россия падышачылыгы үчүн натыйжалары | Согуштун АКШ үчүн натый-жасы | Согуштун дүйнө элдерине тийгизген кесепет-тери |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

# 41-§. БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ ЖАНА ТҮРКСТАН

**Согуштун Түркстанга таасири.** Биринчи дүйнөлүк согуш Мекенибиз Түркстанды да четтеп өткөн жок. Анткени, Түркстан Россия империясынын колониясы болчу. Түркстандын аймагында согуш аракеттери алып барылбаган. Бирок, согуш жылдарында колониалист Россиянын Түркстандын жергиликтүү элине өткөрүп жаткан зулуму андан да күчөгөн. Мисалы, согуштук зарылдыктар үчүн деп элден алынуучу салыктар өлчөмү көбөйтүлгөн. Өлкөдөн алып кетиле турган пахта, дан жана башка айыл чарба продукцияларынын көлөмү арткан. Бул да жетпегендей, 1916-жылда Россия императору Николай II нин указы менен Түркстандын 19 жаштан 43 жашка чейинки эркектерин мардикерликке тартуу башталган. Алар Россияга барып кошуун үчүн коргонуу имараттарын, темир жолдор куруу сыяктуу иштерде катышышы керек эле. Мардикерликке алуунун натыйжасында көптөгөн үй-бүлөлөр өз багуучуларынан ажырап калышкан. Айыл чарбасы кризиске жүз бура баштаган. Падышанын указы Түркстан элинин кескин наразылыгына себеп болгон. Бул, акыр-аягы элдик козголондун башталышына алып келген.

**Козголоңдун башталышы.** Элдик козголоң бүткүл Түркстан өлкөсүн курчап алган. Жерлерде колониалисттердин аскерлери менен кандуу кагылышуулар болуп турган. Ташкентте башталган козголоң катышуучулары Бешагачтагы полиция мекемесинин ал-

дына чогулушкан. Козголоңдун активдүү катышуучусу Ризванбиби Ахмаджанова падышалык мансап ээлерине карата: «Бизди өлтүрсөңөр да уулдарыбызды бербейбиз», деп бийик үн менен айткан. Полициячылар Ризванбибиге карата ок атышкан. Мындан каарданган эл полиция мекемесин басып алган. Полициячыларга жардамга келген аскерлер ондон ашуун козголоңчуну атып ташташкан. Ушундай катаал жол усул менен козголоң бастырылган.

**Жызак козголоңу.** Мардикерликке алуу жөнүндөгү указдан наразылык айрыкча Жызакта кескин түс алган. Жызактан жалпысынан 11 миң киши мардикерликке жөнөтүлүшү керек эле. Жызактыктар мардикерликке алуу жөнүндөгү указды бекер кылууну жана мардикерликке алына тургандардын тизмесин түзүүнү токтотууну талап кылып чыгышкан. Бирок бул талап четке кагылган. Натыйжада кудуреттүү козголоң болду. Чындыгында бул улуттук-бош-



**Полициянын Ризванбибиге ок атышы.**

тондук козголоңу эле. Козголоңго Назиркожо Абдусаламов жана Абдурахман жевачылар башчылык кылышкан.

Бирок күчтөр тең эмес эле. Натыйжада козголоңчулар жеңилген. Колониалисттер козголоңчуларды жана алардын жетекчилерин аёосуз жазалаган. Козголоң көтөргөн кыштактарга от коюлган. Жадагалса козголоңчулардын үй-бүлө мүчөлөрүнө да ырайым кылынбаган.

Козголоң жетекчилери болсо өлүм жазасына тартылган. Калган катышуучулар түрдүү мөөнөттөргө түрмөгө жана сүргүнгө жөнөтүлгөн. Козголоңчуларга жан баскандыкта же аларды тутуп алууда жардам бербегендикте айыпталгандар чөлгө кууп жиберилген.

**Өзүңдү сынап көр**

- Мардикерлик – бул, ... .
- 1916-жылдагы козголоң ... эле.

**Козголоңдун жеңилүү себептери жана мааниси.** Козголоңчулар эзүүчүлөргө каршы күрөштө эч кандай тажрыйбага ээ болушпаган. Алар эч кандай атайын даярдыктан да өтүшпөгөн. Алардын куралдары да негизинен кетмен, айры жана таяктардан турган.

Баскынчылардын аскерлери болсо заманбап курал-жарак менен камсыздалган эле. Жадагалса, козголоңчулар козголоң алдынан жакшы даярдык да көрүшпөгөн. Ошентсе да, козголоң катышуучулары эзүүчүлөр тарабынан тапталган ар-намысын, укуктарын кайра калыбына келтирүү үчүн күрөшүшкөн. Мекендин патриот перзенттери экендигин көрсөтүшкөн. Күчтөр тең болбогон согушта көрсөткөн эрдиктери менен Мекенибиз тарыхында өчпөс из калтырышкан.

1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылы Россия империясын катуу түйшүккө салган. Анын Түркстандагы күч-кудуретин начарлаткан. Козголоң Түркстан элин мардикерликка алуу жөнүндөгү указдын толук аткарылышына жол койбоду. Натыйжада, мардикерликке пландагандан эки эсе аз – жалпысынан 120 миңден ашуун адам жөнөтүлгөн. Алар Россиянын түрдүү бурчтарында ачтыкта, кордукта ченемсиз азап чегишкен. Көпчүлүгү катуу сууктан жана түрдүү оорулардан өлүп кетишкен. Бир бөлүгү болсо бир өмүргө майып болуп калышкан.

Козголоң Мекендештерибиздин өз ар-намыстары, укуктары үчүн ар кандай абалда да күрөшө алышы мүмкүндүгүн далилдеди. Эзүүчү өкмөткө азаттык жана эгемендүүлүк үчүн күрөш сезимдери эч качан өчпөстүгүн дагы бир жолу көрсөтүп койду.

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Жевачы** – курал-жарактар сакталуучу кампа башкаруучусу.
**Мардикер** – убактылуу ишке жалдануучу ишчи.

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Биринчи дүйнөлүк согуш эмне үчүн Түркстанга таасир этпей калбаган?*
2. *Мардикерликке алуу деген эмне эле?*
3. *1916-жылдын жайында Түркстанда башталган улуттук-боштондук козголоңунун себептери жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
4. *Эмне үчүн 1916-жылдагы улуттук-боштондук козголоңу жеңилген?*
5. *1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылынын тарыхый мааниси жөнүндө айтып бер.*

## 42-§. ЭКИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ

**Экинчи дүйнөлүк согуштун себептери.** 1933-жылда Германияда немистердин башка элдердин үстүнөн бийлик жүргүзүүсүн жактоочулар бийликке келишти. Алардын жолбашчысы Адольф Гитлер мамлекетте өзүнүн жеке башкаруучулугун орнотту. Ал өз алдына биринчи дүйнөлүк согуштагы жеңилүүсү үчүн жеңгендерден өч алуу, дүйнөнү кайра бөлүштүрүү, бүткүл Европаны баш ийдирүү, кийин дүйнөнү башкаруу максатын койду. Бул кооптуу максатты ишке ашыруу үчүн жаңы согушка катуу даярдык көрдү. Италия жана Япония менен өз ара союз түздү. Тез арада өз максаттарын ишке ашырууга киришти.

Алсак, 1939-жылдын 1-сентябрына келип Германия Польшага кол салган[1]. Буга жооп катары, Улуу Британия менен Франция Германияга каршы согуш жарыялашкан. Ошентип, Экинчи дүйнөлүк согуш башталып кеткен. Улуу Британия, Франция жана мурдагы Советтер союзу өз ара карама-каршылыктар жана ишенчсиздиктер себеп согуштун алдын ала алышпаган.

**Эсте тут!**

Гитлердик Германиянын дүйнөдө жогорку бийликке ээ болуп алууга умтулуусу Экинчи дүйнөлүк согуштун негизги себеби болгон.

Улуу Британия менен Франция Польшаны сактап калуу үчүн кескин аракет кылышпады. Натыйжада Польша 17 күндө багынды.



**2-дүйнөлүк согуш жылдарында мурдагы Советтер союзу колдонгон курал – катюша.**

**Согуштун жүрүшү.** Согуш башталгандан соң, Германия өтө кыска убакыт ичинде дээрлик бүткүл Батыш Европа мамлекеттерин басып алды. 1940-жылда жадагалса Францияны да жеңди. Анын кезектеги максаты Улуу Британия жана мурдагы Советтик союзун баш ийдирүү эле. Бирок Улуу Британиянын аскердик-деңиз флоту жана аскердик аба күчтөрү кудуреттүү болгондуктан аны басып ала албады. Ошондуктан Гитлер бшта мурдагы Советтер союзун басып алууну чечти жана 1941-жылдын 22-июнунда ага чабуул жасады.

Ал эми декабрь айында болсо, Япония Тынч океанында АКШга каршы согуш кыймылдарын баштап жиберди. Гитлер мурдагы Советтер союзун өтө кыска убакыттын ичинде багындырууну пландаштырган эле. Германиянын кошууну баштап тездик менен удаама-удаа жеңишке жетип, алдыга жылды. Мурдагы Советтер союзунун борбору Москва шаарынын басып алынышына аз калды. Бирок мурдагы Советтер союзунун кошууну эрдик менен каршылык көрсөттү. Натыйжада Гитлердин мурдагы Советтер союзун кыска мөөнөттө басып алуу планы ишке ашпады. Курамында Өзбекстандык аскерлер да болгон мурдагы Советтер союзунун кошуунунун кыйраткыч соккулары астында Германия кошууну чегинүүгө мажбур болду. Ошол учурда мурдагы Советтер союзу, АКШ жана Улуу Британия Германияга каршы согушта өз ара шериктештик кылуу жөнүндө келишимге жетишишкен. Ошентип Гитлер Германиясына каршы союз түзүлгөн. АКШ жана Улуу



**Германиянын жеңилгендиги жөнүндөгү документке кол коюлууда.**

Британиянын бириккен кошууну Германиянын союздашы Италияны багынууга мажбур кылган. Мурдагы Советтер союзунун кошууну 1944-жылда Германия армиясын өз аймагынан бүтүндөй кууп чыгарган. Союздаш мамлекеттердин Германияны багындыруусу анык болуп калган. 1945-жылда Адольф Гитлер жана анын катарлаштары өздөрүн өлтүрүшкөн. Ошентип, 1945-жылдын 8-май күнү Германия союздаш мамлекеттердин алдында шексиз багынды. Бул жөнүндө тиешелүү документ да кабыл алынган. Мурдагы Советтер союзунун өкмөтү 9-май күнүн фашисттер Германиясынын үстүнөн жетишилген Жеңиш күнү деп жарыялаган. 2-сентябрь күнү Япониянын жеңилгендиги жөнүндөгү документке кол коюлду. Ошентип, Экинчи дүйнөлүк согуш аны баштаган мамлекеттердин жеңилиши менен аяктаган.

**Согуштун аянычтуу кесепеттери.** Экинчи дүйнөлүк согуш согуштар тарыхындагы эң үрөй учураарлык согуш болду. Согушта 60 тан ашуун мамлекет катышты.

**Эсте тут!**

Экинчи дүйнөлүк согуш 6 жылга созулган.

Алты жылдын ичинде 60 млн дон ашуун адам курман болду. 90 млн дон ашуун адам болсо жарадар жана майып-мажирөө болуп калды. Гитлерчилер өздөрү басып алган аймактарда чоң жаштагыларды гана эмес, о.э., жаш балдарды да иштетүү үчүн алып кетишкен. Алар жана туткунга алынган аскерлер атайын лагерлерде сакталган. Мындай лагерлерде сакталгандардын 16 миллиону азап-тозоктордо өлүп кетишкен. Алар лагерлердеги атайын жайларда газ менен муунтуп өлтүрүлгөн. Өлгөндөрдүн денелери атайын мештерде күйдүрүлүп, күлдөрү болсо жер семирткич катары иштетилген. Булар, адамзат эмне үчүн жер жүзүндө туруктуу тынчтык үчүн күрөшүүсү керек, деген суроого жооп болот.

**Кылмыш жазасыз калбайт.** Жогоруда келтирилген цифралар гитлерчилердин адамзатка каршы жасаган оор кылмышы эле. Ошон үчүн да 1946-жылда бул кылмыштын тирүү калган күнөөкөрлөрү үстүнөн эл аралык соттун өкүмү окулду. Ага ылайык кылмышкерлерден 12 си өлүм жазасына өкүм кылынды. Калгандарына узак мөөнөттүү же өмүр бою камак жазасы белгиленди.

**Өзүңдү сынап көр**

- 1939-жылда – ... .
- 1945-жыл, 8-май – бул, ... .
- 1945-жыл, 2-сентябрь ... .

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Гитлердик Германиянын максаты эмне эле?*
2. *Неге мурдагы Советтер союзу, Улуу Британия жана Франция Экинчи дүйнөлүк согуштун алдын ала алышпады?*
3. *Экинчи дүйнөлүк согуштун жыйынтыктары жөнүндө айтып бер.*
4. *Экинчи дүйнөлүк согуштун аянычтуу кесепеттери адамзатка кандай сабак берди?*

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

*Фактtарды салыштырып жадыбалды толтур*

| Т/н | Суроолор | Биринчи дүйнөлүк согуш | Экинчи дүйнөлүк согуш |
|---|---|---|---|
| 1. | Согуштун башталган жылы жана датасы | | |
| 2. | Согуш кандай абалда башталды? | | |
| 3. | Согушта катышкан негизги мамлекеттер | | |
| 4. | Согуштун натыйжалары | | |
| 5. | Согуштун аянычтуу кесепеттери | | |

## 43-§. ГИТЛЕРДИК ГЕРМАНИЯНЫН ҮСТҮНӨН ЖЕТИШИЛГЕН ЖЕҢИШКЕ ӨЗБЕКСТАНДЫН КОШКОН САЛЫМЫ

**Өзбекстан элинин эмгектеги эрдиктери.** Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында Өзбекстан али мурдагы Советтер союзунун курамында эле. Ошондуктан, 1941-жылдын 22-июнунда Гитлердик Германия мурдагы Советтер союзуна кол салгандан соң Өзбекстан да согушка тартылды.

Ошондой болсо да, Өзбекстан фронтту зарыл курал-жарак, окдары, тамак-аш жана кийим-кече менен камсыздап турган. Согушка Өзбекстандан 1 миллион 400 минден ашуун аскер жиберилген. Элден топтолгон акча каражаттары мамлекеттин коргонуу фондуна тапшырылган.

Мурдагы Советтер союзунун өкмөтү Германия басып алышы мүмкүн болгон аймактарда жайгашкан өнөр-жай ишканаларынын жүздөн ашыгын Өзбекстанга көчүргөн. Өзбекстандык ишчилердин кажыбас эмгектери артынан көчүрүп келтирилген ишканалар кыска убакыттарда кайра курулган жана фронт үчүн зарыл продукцияларды өндүрө баштаган. 280 жаңы ишкана да курулган.

Өзбекстан согуш жылдарында фронтко 2100 самолёт, 1700 дөн ашуун самолёт мотору, 2 миллиондон ашуун авиабомба, 330 миң даана парашют жана башка курал-жарак, о.э., аскердик жабдыктарды жеткирип берген. Өзбекстандын фабрикалары аскерлерди жылуу кийимдер менен камсыздоого чоң салым кошкон.

**Айыл эмгекчилеринин эрдиги.** Өзбекстандын айыл эли болсо, фронтту зарыл тамак-аш жана кийим-кече менен камсыздоодо чоң эрдик көрсөткөн. Эркектер согушка жөнөтүлгөндүктөн айыл чарбасында жумушчу күчү жетпей калган. Алардын ордун аялдар жана балдар ээлешкен. Айылдык эмгекчилер эң татаал жана оор кыйынчылыктарды эрдик менен жеңе алышкан.

**Эсте тут!**

Согуш жылдарында жалпысынан 4 миллион тоннадан ашуун пахта, 5 миллион тоннадан ашуун дан жетиштирилди.

Башка айыл чарба продукцияларын өндүрүү да көбөйүп барган. Элибиз мына ушундай оор кырдаалда күн-түн дебей эмгектенип, фронт үчүн, жеңиш үчүн татыктуу салым кошушкан.[1]

**Чоң берешендик.** Гитлердик Германияга каршы күрөштө Өзбекстан эли чоң берешендик да көрсөткөн. Мисалы, алар мамлекеттин коргонуу фондуна 650 млн. сомдон ашык акча жана 55 кг га

[1] *Ислам Каримов*. O‘tganlarni xotirlash, keksalarni e’zozlash – bizning farzandlik burchimizdir. «Xalq so‘zi» газетасы. 2015-жыл. 11-май.



**Өзбекстан эмгекчилери каражатына жасалган танктар.**

жакын алтын жана башка баалуу буюмдарды тапшырышкан. Бул каражатка фронт үчүн бронепоезд, танк жана самолёттор курулган жана алар фронтко жөнөтүлгөн.

Мурдагы Советтер союзу өкмөтү мамлекет аймагынын согуш аракеттери жүрүп жаткан жайларында жашоочу тынч элдин бир бөлүгүн согуштан алыс болгон өлкөлөргө көчүргөн. Ушулардан бир миллиондон көбү Өзбекстанга жиберилген.

**Эсте тут!**

Өзбекстанга көчүрүп келтирилгендердин 200 миңи жетим балдар эле.

Өзбекстан эли аларды достук менен күтүп алган. Аларга камкордук көрсөткөн жана жашоо үчүн өз үйлөрүнөн жай берген. Тамак-ашы жана кийим-кечесин алар менен тең бөлүшкөн. Көчүрүп келинген балдардын негизги бөлүгү балдар үйлөрүнө жайгаштырылган.

Беш жарым миңден көбүрөөгүн болсо боорукер, берешен үй-бүлөлөрүбүз перзенттикке алышкан. Мындай берешен өзбек үй-

бүлөлөрүнөн бири Ташкенттик Ш.Шамахмудовдордун үй-бүлөсү эле. Бул үй-бүлө түрдүү улуттарга таандык 14 баланы перзенттикке алган. Аларды өстүрүп, тарбиялап чоңойткон. Бул окуя элибиздин кең пейил, боорукер жана берешен экендигинин дагы бир жолу айкын далили болду.

**Өзбекстандык аскерлердин фронттогу эрдиктери.** Экинчи дүйнөлүк согуш фронтторуна жиберилген бир жарым миллиондон ашуун Өзбекстандык аскерлер душманга каршы эрдик менен согушушкан. Гитлер Германиясынын чабуулун биринчилерден болуп каршы алган Германияга чектеш Брест чеби болгон.

Чепти коргогондордун арасында Өзбекстандыктар да бар болчу. Алар чептин коргоочулары менен желкеме-желке туруп бир ай бою чепти коргошкон. Өзбекстандыктар Экинчи дүйнөлүк согуштун кайсы фронтунда болбосун ушундайча эрдик менен салгылашышкан.



**«Азалуу эне» айкели.**
**Ташкент.**

Биздин ата-бабаларыбыз аёосуз согушта эрдик көрсөткөнү үчүн алардын 338 и «Советтер Союзунун Баатыры» деген наамга татыктуу болушкан.[1]

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында 500 миңге жакын Өзбекстандык аскер курман болду, 60 минден ашуун аскер болсо майып болуп калды.

**Курман болгондордун элеси түбөлүк өчпөйт.** Президент Ислам Каримовдун демилгеси менен Экинчи дүйнөлүк согуш фронтторунда курман болгондордун элесин түбөлүктөштүрүү үчүн 1998-жылда Өзбекстанда Гитлер Германиясын жең-

[1] *Ислам Каримов.* O‘tganlarni xotirlash, keksalarni e’zozlash – bizning farzandlik burchimizdir. «Xalq so‘zi» газетасы. 2015-жыл. 11-май.

ген күн – 9-май жалпы улуттук «Эскерүү жана кадырлоо күнү» деп белгиленди.

1999-жылда Ташкенттин Башкы аянты – Мустакиллик аянтынын жанында «Эскерүү аянты» комплекси курулду. Бул жердеги эстелик дубалдарына китептин беттери түрүндө тактайлар орнотулган. Аларга Экинчи дүйнөлүк согушта курман болгон Өзбекстандык аскерлердин аттары жазылган.

Комплексте «Азалуу эне» айкели да орнотулган. Айкелде согушта өз перзентин жоготкон эненин кайгы-түйшүгү чагылдырылган. Айкелдин жанында согушта курман болгондордун элеси үчүн түбөлүк жалын күйүп турат.

**Өзүңдү сынап көр**

- Чоң берешендик дегенде ... .
- Өзбекстанга ... бала көчүрүп келтирилди.

**Терминдин мазмунун билип ал**

**Брест чеби** – азыркы Белоруссия Республикасынын Брест шаары айланасында жайгашкан чеп.

**Берешендик (колу ачыктык)** – адамдардан жардамын аябастык.

**Фронт** – согуш аракеттери жүрүп жаткан аймак.

**Суроо жана тапшырмалар**

1. *Согуш жылдарында Өзбекстандык ишчилер көрсөткөн эмгектеги эрдиктер жөнүндө айтып бер.*
2. *Өзбекстандын айылдык эмгекчилери согуш жылдарында кандай ийгиликтерге жетишишкен?*
3. *Өзбекстан элинин согуш жылдарында көрсөткөн боорукерлиги жана берешендиги жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
4. *Өзбекстандык аскерлердин согуш майдандарында көрсөткөн каармандыктарына мисалдар келтир.*
5. *Экинчи дүйнөлүк согушта курман болгон Өзбекстандык аскерлердин элесин түбөлүктөштүрүү боюнча кандай иштер жасалган?*




## 44-§. БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ (БУУ)

**БУУ нун түзүлүү себептери.** 1945-жылдын август айы... Экинчи дүйнөлүк согуш дагы эле уланып жаткан кези. АКШ дүйнөгө өз күч-кудуретин көрсөтүү максатында 6-жана 9-август күндөрү Япониянын Хиросима жана Нагасаки шаарларына эң катаал курал – атом бомбасын таштады. Өзүнүн бул аракетин Японияны тезирээк баш ийүүгө мажбур кылуу шылтоосу менен актоого урунду. Атом бомбасы – эң катаал кыргын куралы. Бул бомбанын толкуну имараттарды оодарып таштайт. Андан тарала турган нур болсо абаны, сууну жана жерди уулайт. Миңдеген адамдар каза болот, о.э, атом бомбасы тарата турган нур (радиация) узак убакытка чейин өзүнүн зыяндуу таасирин көрсөтүп турат.

1945-жылда Японияда дал ушундай болду.

Япониянын Хиросима шаарынан анча деле алыс болбогон жерде Садако аттуу кыз жашачу. Бомба жарылган убакта Садаконун бети же денеси күйбөгөн. Бирок, 9 жылдан соң Хиросима шаары кайра калыбына келтирилгенден соң, 11 жашында Садако ооруп калды. Врачтар анын кан рагы оорусу менен ооруп жатканын аныкташып, анын 1 жылдык өмүрү калганын айтышты. Бул оору 1945-жылда Хиросима шаарына ташталган атом бомбасы нурунун кесепети эле. Садако өзүн өлүм күтүп жатканын билчү.

Садакодон Тидзуко аттуу досу дайыма кабар алып турчу. Бир күнү Тидзуко досуна Японияда ыйык эсептелчү турна кушунун

тарыхы жөнүндө айтып берди. Япондор турна 1000 жыл жашайт, эгер оорулуу адам кагаздан 1000 турна жасаса ал айыгып кетет, деп ишенчү. Садако ушул күндөн баштап 1000 даана турна жасоого киришти.



Япониядагы «Балдардын тынчтык эстелиги»

Бирок, ал 644 даана турна жасаганга үлгүрдү. Садако каза болот, анын классташтары калган 356 турнаны жасап 1000 даана турнаны Садако менен бирге көмүшөт. Садако атом бомбасынын жалгыз курманы эмес эле.

Япония балдары Садаконун элесине эстелик орнотуу үчүн үч жыл ичинде зарыл акчаны топтоого жетишишти. Садаконун элесине тургузулган эстелик «Балдардын тынчтык эстелиги» деп аталат. Ал Хиросимадагы «Тынчтык паркы»на орнотулду. Эстелик ташына төмөнкү сөздөр жазып коюлду:

*Бул биздин көз жашыбыз,*
*Бул биздин дүйнөбүз,*
*Дүйнөгө – тынчтык.*

Ооба, ушундай. Дүйнөгө тынчтык керек. Ошондо гана Садаколордун тагдыры кайталанбайт. Ошондо гана адамдар үйсүз, перзенттер ата-энесиз жетим болуп калбайт. Ата-энелер өз балдарынан айрылып калбайт. Жер жүзүндөгү балдар ачкачылыктан, оорудан каза болбойт. Эгерде жаңы согуш боло турган болсо, мурдагысынан да аянычтуу кыргын жана кыйратуучулук болот. Андыктан мамлекеттер жана мамлекет ишмерлери келечек жөнүндө кайгыруулары, согуштардын болушуна жол койбостуктары керек. Ошондуктан да мамлекеттик ишмерлер мындан кийин дүйнөлүк согуштун болушуна жол койбоо, жер жүзүндө бекем тынчтык орнотууга кызмат кылуучу эл аралык уюм түзүүнү чечишти.

**БУУнун түзүлүшү жана анын максаттары.** Тез арада мындай эл аралык уюм түзүлдү. Ал Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) деп аталды.

**Эсте тут!**

Бириккен Улуттар Уюму 1945-жылдын 24-октябрында түзүлгөн.

Бириккен Улуттар Уюмунун негизги максаттары төмөнкүлөр экендиги белгилеп коюлду:

– бүткүл дүйнөдө тынчтыкты камсыздоо;

– дүйнө элдеринин ортосунда достук мамилелерин өнүктүрүү;

– дүйнөдө ачарчылыкты, ооруларды жана сабатсыздыкты жоюу боюнча биргеликте аракет жасоо;

– экологиялык кырсыктын алдын алуу;

– адам укуктары жана эркиндиктерине урмат менен кароону колдоп-кубаттоо.



**Бириккен Улуттар Уюмунун белгиси.**

БУУ нун резиденциясы АКШнын Нью-Йорк шаарында жайгашкан. БУУга Башкы катчы жетекчилик кылат.

Дүйнөнүн кайсы бир бурчунда болбосун, жалпы тынчтыкты коопко коё турган кырдаал пайда болсо, БУУ аны талкуулуга алат жана тынчтыкты сактап калуу үчүн зарыл болгон чараларды көрөт. Азыркы күндө дүйнөнүн 200 гө жакын мамлекети БУУ га мүчө болуп кирген. Мына, Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки өткөн жылдарда БУУ Жер жүзүндө туруктуу тынчтык иши үчүн күрөшүп келүүдө.

**Өзбекстан эл аралык уюмдардын мүчөсү.** Өзбекстан 1992-жылдын 2-март күнү Бириккен Улуттар Уюмуна кабыл алынды. Бул окуя – Өзбекстандын эл аралык деңгээлде тан алынгандыгын толук тастыктады. Ошол күндөн баштап Өзбекстан эл аралык коомчулуктун тең укуктуу мүчөсүнө айланды. Ушул күндөн баштап БУУ имаратынын алдында ага мүчө мамлекеттердин желектеринин катарында Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик желеги да желбирей баштады.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан эле Ташкентте БУУнун өкүлчүлүгү ачылды. Өзбекстандын Президенти Ислам Каримов

1993-жылда БУУ нун Башкы Ассамблеясынын 48-жалпы жыйынында биринчи жолу катышты жана доклад жасады. Бул тарыхый окуя дүйнөгө эгемендүү Өзбекстан мамлекети бар экендигин дагы бир жолу көрсөттү.

**Эсте!**

Бириккен Улуттар Уюму качан жана кандай максаттарда түзүлгөн эле?

Ислам Каримов 2010-жылда БУУнун Башкы Ассамблеясынын XXI кылымдын эң орчундуу эл аралык көйгөйлөрүнө арналган жалпы жыйынга да катышты.

Президентибиз өзүнүн сөзүндө жалпы жыйын катышуучуларынын көңүлүн Өзбекстанды тынчсыздандырып жаткан көйгөйлөргө каратты.

Өзбекстан БУУнун бир топ эл аралык уюмдарынын ишмердүүлүгүндө да активдүү катышып келүүдө. Алардын ичинен сен ЮНЕСКО жана ЮНИСЕФ жөнүндө маалыматка ээсиң.

Өзбекстан ЮНЕСКО мүчөлүгүнө кабыл алынды. Өткөн темаларда бул уюмдун Өзбекстанда жасаган иштери менен таанышкансың.

ЮНЕСКО билим берүү, илим жана маданиятты өнүктүрүү тармагында эл аралык байланыштарды активдештирүү ишине чоң салым кошкон адамдарды сыйлоо үчүн өз сыйлыктарын да жарыялаган. ЮНЕСКО нун резиденциясы Парижде жайгашкан.

**Эсте тут!**

ЮНЕСКО бир топ сыйлыктарды (алтын медалдарды) жарыялаган. Алардан бири Абу Али ибн Сина атындагы алтын медаль.

1998-жылда Ислам Каримов ЮНЕСКОнун ушул алтын медалы менен сыйланган.

### Суроо жана тапшырмалар

1. *АКШ эмне максатта Японияга атом бомбасын таштады?*
2. *Атом бомбасы жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
3. *Япониялык кыз Садаконун кайгылуу тагдыры жөнүндө айтып бер.*
4. *БУУ менен Өзбекстандын кызматташтыгы жөнүндө айтып бер.*

# 45-§. БУУ ЖАНА ДҮЙНӨ БАЛДАРЫ

**БУУ балдар укугунун коргоочусу.** БУУ дайыма дүйнө балдары жөнүндө да камкордук кылып келүүдө. Ал Экинчи дүйнөлүк согушунун балдардын башына салган аянычтуу натыйжаларын жоюу максатында 1946-жылда «Балдарга жардам көрсөтүүнүн эл аралык фондун» түздү.

**ЮНИСЕФ тин иши.** 1946-жылда түзүлгөн «Балдарга жардам көрсөтүүнүн эл аралык фонду» кыскартылган түрдө ЮНИСЕФ деп аталат. Ал баштап согуштан эң көп жабыр тарткан Европа балдарына жардам көрсөткөн. Кийинчерээк Азия, Африка жана Түштүк Америка материгинин балдарына да жардам көрсөтүүнү баштаган.

**Эсте тут!**

ЮНИСЕФ дүйнө балдарына көрсөткөн жардамы үчүн 1965-жылда эл аралык Нобель сыйлыгы менен сыйланган.

UNICEF

**ЮНИСЕФ тин белгиси.**

Анткени, бул материктер балдарынын жашоосу менен байланыштуу көйгөйлөр олуттуу бойдон калууда. Себеби, балдардын арасында өлүм даражасы дагы эле жогору, миллиондогон балдар тоюп тамак жей албайт. Ал эми 130 миллиондон ашуун балдар мектепке барышпайт.

Буларды эсепке алган ЮНИСЕФ өз ишин төмөнкү багыттарга караткан:

– өлүмгө себепчи боло турган оорулар менен оорунун алдын алуу үчүн балдарды эмдөө;

– балдар жана энелерди таза ичимдик суусу менен камсыздоо;

– балдардын арасында ачкачылыкка, тоюп тамак жебөөгө жана сабатсыздыкка каршы күрөш;

– балдардын сокур болуп калуусуна себеп болуучу «А» витамини жетишпестигинин алдын алуу;

– «Балдардын укуктары жөнүндөгү» эл аралык Конвенциянын бардык мамлекеттер тарабынан кабыл алынуусуна жетишүү.

ЮНИСЕФ жылына 3 миллион баланын өмүрүн сактап калып жатат. Бүгүнкү күндө ЮНИСЕФке 140 тан ашуун мамлекет мүчө. Өзбекстан Республикасы 1994-жылда ага мүчө болуп кирди жана аны менен тыгыз кызматташтык кылууда. ЮНИСЕФ Өзбекстан өкмөтү менен балдарды эмдөө, вакциналар жеткирип берүү жана Арал бою элине жардам көрсөтүү сыяктуу багыттарда кызматташтык кылууда. Өзбекстанда балдар жөнүндө камкордук кылуу мамлекет саясатынын негиздеринен бирин түзөт.

БУУ 1989-жылда «Балдардын укуктары жөнүндө» деп аталуучу эл аралык Конвенцияны кабыл алды. Анда 18 жашка чейинки адамдардын бала деп эсептелиши белгилеп коюлган. Ошондой эле, БУУ мүчөлөрүнө балдардын жашоосун, тирүү калуусун жана дени соо өсүүсүн камсыздоо милдеттемеси жүктөлгөн. Ошол эле учурда балдардын билим алуу укугу кепилденген. Балдардан арзан жумушчу күчү катары пайдалануу жана аскердикке алууга тыюу салынды. Балдарды баңги заттарды кабыл алуудан сактоо чараларын көрүү сыяктуу милдеттемелер жүктөтүлгөн. Өзбекстан Республикасы да бул Конвенцияга кошулган.

2007-жылда болсо «Бала укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» Өзбекстан Республикасынын мыйзамы кабыл алынды. Бул мыйзам 18 жашка чейинки Өзбекстан жарандарынын кызыкчылыктарын коргоп келүүдө.

**ЮНИСЕФ каражаты.** Мүчө мамлекеттер ар жылы уюм эсебине белгилүү бир өлчөмдө каражат ажыратышат, о.э, айрым адамдардын кайрымдуулугу эсебинен да каражат топтолот. Мындан сырткары Фонд ар жылы өзүнүн белгиси түшүрүлгөн миллиондогон куттуктоо открыткаларын сатуу аркылуу да каражат топтойт.

Куттуктоо открыткаларын сатуу кандай кылып салтка айланган? 1949-жыл... Фонд Чехия балдарына жардам көрсөтүп жаткан. Жардам көрсөтүп жаткан балдардын арасында 7 жашар Йитка Самкова да бар эле. Ал сүрөт тартууга шыктуу эле. Фонддун жардамынан кубанган Йитка (анын классташтары да абдан сүйүнүшкөн эле) айнек бөлүктөрүнө Фонд үчүн түстүү сүрөттөр сызып берет.

Класс мугалими Йитканын тарткан сүрөттөрүн Чехиянын борбору Прагада жайгашкан Фонддун резиденциясына жөнөтөт. Бул

сүрөттөр Фонд ишчилерине өтө жагып калат. Алар бул сүрөттөрдү Нью-Йоркко жиберишет. Фонддун ишчилери Йитканын сүрөттөрү тартылган куттуктоо открыткаларын даярдоону чечишти жана аларды Иса пайгамбардын туулган күнү – Рождество майрамы себеп бүткүл дүйнөдө сатылуусун уюштурушту. Бул иш чара Фондго чоң киреше келтирди.

Кийинчерээк, ар жылы мындай куттуктоо открыткаларын сатуу салтка айланды.

### Өзүңдү сынап көр

- Нью-Йорк шаары ... .
- ЮНИСЕФ ... .
- 1989-жылда ... .

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Вакцина** – инсан денесинин оорудан коргонуу даражасын ашыруу максатында эмдөө үчүн иштетиле турган дары.

**Фонд** – белгилүү бир ишмердүүлүктүн түрүнө, адамдардын кандайдыр бир тобуна жардам берүү максатында түзүлгөн уюм.

**Конвенция** – кандайдыр бир атайын маселеге таандык эл аралык келишим.

### Суроо жана тапшырмалар

1. *БУУ нун дүйнө балдарынын укуктарын коргоо маселесиндеги ишмердүүлүгү жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
2. *ЮНИСЕФ уюму жана анын ишмердүүлүгү жөнүндө айтып бер.*
3. *«Балдардын укуктары жөнүндө»гү Конвенциянын максаты эмнелерден турат?*
4. *Өзбекстан Республикасы менен ЮНИСЕФ кайсы багыттарда кызматташтык кылышууда?*

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

Сенин үй-бүлөңдө балдар кандай ооруларга каршы эмделгендиктерин аныкта жана аларды дептериңе жазып кел.



# XI бөлүм. ӨЗБЕКСТАН ӨЗ АЛДЫНЧА ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА

## 46-§. ӨЗБЕКСТАНДЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНҮН КОЛГО КИРГИЗИЛИШИ

**Өзбекстандын биринчи Президенти.** Өзбекстан мурдагы СССРдин курамындагы көз каранды мамлекет эле. XX кылымдын 80-жылдарына келгенде СССРдин кризиске жүз буруп жаткандыгы даана маалым болду. Көз каранды элдердин, атап айтсак, биздин элдин көз карандысыздык үчүн күрөшү бул кризисти ого бетер күчөттү.

Ушундай шартта, Өзбекстанды эгемендүлүктү көздөй чечкиндүү жетелөөгө жөндөмдүү, керек болсо жанын да берүүгө даяр туруучу жол башчы – жетекчи зарыл эле. Бул зарылдык Ислам Абдуганиевич Каримовду саясат майданына чыгарды. Ислам Каримов тез арада Өзбекстандын жетекчиси кылып шайланды. Ал буга чейин бир топ жогорку мамлекеттик жетекчилик кызматтарында иштеп чоң тажрыйба топтогон эле.



**Ислам Каримов.**

1990-жылдын 24-мартында Өзбекстандын тарыхында биринчи жолу Президенттик кызматы жарыяланды. Ушул күнү келечекти алдын ала көрө алуучу жана даанышман жетекчи, элибиздин мекенди сүйүүчү, патриот перзенти, жол башчысы Ислам Каримов Өзбекстандын Президенти кылып шайланды.

Бул окуя Өзбекстандын эгемендүүлүгү үчүн күрөшүү жолунда маанилүү тарыхый окуя болду.

**Эсте тут!**

Президент – белгилүү бир мөөнөткө шайлап коюла турган мамлекет башчысы болуп саналат. Президенттик мамлекеттеги эң жогорку кызмат болуп эсептелет. «Президент» термини латынча сөз болуп, бизче которгондо «алдыда отуруучу» деген маанини билдирет.

**Өзбекстан мамлекети эгемендүүлүгүнүн жарыяланышы.** Президент Ислам Каримов Өзбекстандын эгемендүүлүгүн камсыздоону өзүнүн негизги милдети деп жарыялады. Ошол учурда, Өзбекстанды мамлекеттик көз карандысыздыкка алып келе турган иш-чараларды системалуу түрдө ишке ашыра баштады. Алардын арасында 1990-жылда кабыл алынган «Эгемендүүлүк Декларациясы» чоң тарыхый мааниге ээ болду. Кулап жаткан СССРдин жетекчилери 1991-жылдын август айында күч колдонуу жолу менен СССРди сактап калууга умтулушту. Бирок, бул аракет ийгиликсиздикке учурады. Ислам Каримовдун демилгеси менен Өзбекстан Республикасынын Жогорку Кеңеши 31-август күнү «Өзбекстан Республикасынын Мамлекет Эгемендүүлүгүнүн негиздери жөнүндө»гү Мыйзамды кабыл алды. Ал эми 1-сентябрь болсо, Өзбекстан республикасынын Эгемендүүлүгү күнү деп белгиленди. Ушундай түрдө дүйнөнүн саясий картасында жаңы мамлекет – Өзбекстан Республикасы пайда болду.

1991-жылдын 29-декабрында И.А. Каримов альтернативдүүлүктүн негизинде эгемендүү Өзбекстан Республикасынын Президенти кылып шайланды.

**Өзүңдү сынап көр**

- 1990-жыл 24-март – ... .
- 1991-жыл 31-август...
- 1991-жыл 1-сентябрь...

**Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик символдору.** Өзбекстан мамлекеттик эгемендүүлүккө жетишкенден соң, өз түспөлүн эл аралык нормалардын негизинде көрсөтүүсү зарыл эле. Мамлекеттин түспөлү болсо анын символдорунда көрүнөт. Символдор мамлекеттин, элдин өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн туюнтуучу белги болуп эсептелет. Символдор мамлекетти эл аралык деңгээлде таанытат. Анын көз карандысыз экендигин билдирет. Мамле-

кеттерди бири-биринен айырмалантып турат. Элдин өз тагдырын мындан кийин өзү белгилөө укугуна ээ болгондугун да билдирип турат. Өзүндө элдин өтмүшү, бүгүнү жана келечегин, үмүт-тилектерин чагылдырат. Ошон үчүн Өзбекстан да кыска убакыттын ичинде өз мамлекеттик символдорун кабыл алууга киришти.



Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик желеги.

**Көңүл бур!**

«Өзбекстан Республикасы мыйзам менен бекитиле турган өз мамлекеттик символдору – желеги, герби жана гимнине ээ».

Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 5-статья.



Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик герби.

Атап айтсак, Өзбекстан Республисынын Мамлекеттик желеги 1991-жылдын 18-ноябрында, Мамлекеттик герби 1992-жыл 2-июлда, Мамлекеттик гимни болсо 1992-жыл 10-декабрда бекитилди. Сен мамлекетибиздин символдорунун мазмуну, аларда чагылдырылган ар бир сүрөттөлүштүн кандай маанини билдиришин «Конституция ааламына саякат» сабактарында билип алгансың.



Каракалпакстан Республикасынын желеги.

**Каракалпакстан Республикасы.** Өзбекстан мамлекеттик эгемендүүлүккө жетишкенден соң, Каракалпакстанга Өзбекстандын курамындагы эгемендүү Республика статусу берилди. Өзбектер жана каракалпактар кылымдар бою жанаша, ага-инидей жашап келишкен. Алардын мамилелери достук жана туугандыкка негизделген. Алардын тилдери да бири-бирине жакын.



Каракалпакстан Республикасынын герби.

Өзбекстандын курамындагы Каракалпакстан Республикасы өзүнүн Конституция-

сына, мамлекеттик символдоруна, мыйзам чыгаруучу бийлигине жана өкмөтүнө ээ. Каракалпакстан Республикасында мыйзам чыгаруучу бийликти Жокоргу Кенгес ишке ашырат.

**Өзүңдү сынап көр**

- 1991-жыл, 18-ноябрь ... .
- 1992-жыл, 2-июль ... .
- 1992-жыл 10-декабрь ....

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Герб** – мамлекет мөөрүндө, акча жана документтерде сүрөттөлгөн, мамлекетти таанытуучу өзүнчө айырмалуу белги.

**Желек** – кандайдыр бир мамлекетке же уюмга тиешелүүлүктү билдирүүчү белгилер түшүрүлгөн белгилүү өлчөмдөгү кездеме, мамлекеттин эгемендүүлүгүнүн негизги символу.

**Альтернативдүүлүк** – шайлана турган кызмат орундарына атаандаштардын экиден аз болбостугу эрежеси.

**Символ** – кандайдыр бир окуяны, абалды туюнтуучу шарттуу белги.

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Өзбекстанда Президенттик кызмат ордунун жарыяланышы жөнүндө айт.*
2. *Президент сөзүн жана анын статусун чечмелеп бер.*
3. *Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик эгемендүүлүгүнүн жарыяланышы жараяны кандай жүргөн?*
4. *Мамлекеттерге мамлекеттик символдор эмне үчүн зарылдыгын түшүндүр.*
5. *Каракалпакстан Республикасы жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

*(Жадыбалын толтур)*

| Т/н | Маанилүү тарыхый даталар | Болуп өткөн маанилүү тарыхый окуялар жана кабыл алынган документтер |
|---|---|---|
| 1. | | |
| 2. | | |
| 3. | | |
| 4. | | |

## 47-§. ӨЗБЕКСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНДАГЫ ИЙГИЛИКТЕР

**Өзбекстандын дан көз карандысыздыгы.** Дан (буудай) элибиздин ырыскысы. Өзбекстан көз каранды болгон мезгилдерде мурдагы СССРди пахта менен камсыздап келген.

Өзбекстандын пахтасысыз СССРдин токуучулук ишканалары иштей албаган. Өзбекстан өз калкы үчүн зарыл дандын негизги бөлүгүн СССРден өз пахтасынын эсебинен алган. Бул көрсөткүч жылына дээрлик 3 миллион тоннаны түзгөн. СССР таркагандан соң данды чет элдерден сатып алуубузга туура келген. Бирок, өз ара байланыштардын бузулуусу натыйжасында Республикабыз болгону бир жумага жете турган дан запасы калган күндөрдү да баштан өткөргөн. Мындай оор шарттан чыгуу үчүн И.А. Каримовдун демилгеси менен мамлекеттин дан көз карандысыздыгына жетишүү жөнүндө токтом кабыл алынды. Ага ылайык, Республикада пахта эгиле турган жер аянттары кыскартылды. Пахтадан бошогон жерлерде дан жетиштириле баштады. Ошол учурда ар гектар жерден алына турган дандын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун чаралары көрүлдү. Бул аракет тез арада өз натыйжасын берди.



**Данды жыйноо.**

**Эсте тут!**

2003-жылда Өзбекстан дан көз карандысыздыгына жетишти. Ушул жылы Өзбекстан дыйкандарынын күжүрмөн эмгегинин натыйжасында мамлекетибизде 5 млн. 100 миң тонна дан жетиштирилди. Бул 1991-жылга салыштырмалуу 5,5 эсе көп эле.

Өзбекстандын Баатыры, Өзбекстан эл акыны Абдулла Арипов бул ийгиликке жетишкен күндөрдө өзүнүн «Өзбек наны» аттуу ырында төмөнкүдөй саптарды да жазган эле:

*Журтум, улуулугун билди кең дүйнө,*
*Толду кампаларың өз даның менен.*
*Сыйлайсың дүйнөнү жазып дасторкон,*
*Эмгектен жаралган бул наның менен.*

Эмгекчил дыйкандарыбыздын эрдиктери себеп 2014-жылда Республикабызда 8 млн. тоннадан ашуун дан жетиштирилди. Бүгүн Өзбекстандын даны атүгүл чет элге да сатылууда.

**Нефть көз карандысыздыгы.** Сен нефть эмне экенин жакшы билесиң. Анын кишилик коомунун өнүгүүсү үчүн мааниси өтө



**Нефтти кайра иштетүүчү завод.**

чоң. Ошондуктан да ал «кара алтын» деп да айтылат. Нефттен алына турган продукцияларды көз алдыңа келтирип көрчү. Булар бензин, керосин, солярка жана башка күйүүчү отундар болуп саналат. Буларсыз айыл чарбанын эч бир тармагы бир кылка иш жүргүзө албайт. Алсак, керосинсиз самолёттор уча албайт. Ал эми соляркасыз айыл чарба техникалары жүрбөйт. Бензинсиз транспорт каражаттары кыймылдай албайт. Бир сөз менен айтканда нефтти айыл чарбанын тамырларында агып жаткан канга окшотуу мүмкүн. Ошон үчүн да нефть продукцияларына болгон талап жылдан-жылга өсүп барууда. Өзүн өзү нефть продукциялары менен камсыздаган мамлекет башкалардын колуна карап калбайт. Өзбекстанда АКШ жана Япония менен шериктештикте бир топ нефть кендери ишке түшүрүлдү. Натыйжада нефть казып алуу жылдан жылга артып барды.

**Эсте тут!**

1995-жылдан Өзбекстан нефть көз карандысыздыгына жетишти.

Фергана жана Бухара нефтти кайра иштетүү заводдору республиканын нефть продукцияларына болгон талабын кандырууда.

**Өзбекстан пахтасынын дүйнөдөгү орду.** Өзбекстан дүйнөдө өзүнүн пахтасы менен да белгилүү. Республикабыз дүйнөдө пахта жетиштирүү боюнча алтынчы, аны чет мамлекеттерге сатуу боюнча болсо үчүнчү орунда турат. Пахта өтө кымбат баалуу чийки зат болуп эсептелет.

**Эсте тут!**

Бир тонна пахта чийки затынан орточо 320–350 кг була алынат. Бул буладан болсо 3500 квадрат метр кездеме токуу мүмкүн. Ошондой эле, 620 кг чигит да алынат. Андан, 110 кг пахта майы, 225 кг күнжара жана 175 кг шелуха тоюту ж.б. продукциялар алынат.

Өзбек пахтасынан алына турган буланын сапаты өтө жогору. Ошондуктан да ага дүйнөдө талап абдан чоң. Президент Ислам Каримовдун демилгеси менен Ташкентте «Эл аралык Өзбекстан пахта ярмаркасы» өткөрүлүп келинүүдө жана ал өзбек пахтасынын өзүнө мүнөздүү дүйнөлүк базары милдетин өтөп жатат.



**Пахта кырманы.**

**Заманбап өнөр-жайсыз** эл чарбасын өнүктүрүп болбойт. Элестетип көр, электр энергиясын (ток) иштеп чыгаруу азайып кетти. Анда эмне болот? Албетте, бардык өнөр-жай ишканалары токтоп калат. Же машина куруучулук өнөр-жайын алалы. Заманбап айыл чарба техникаларысыз кантип айыл чарбасында иш жүргүзүү мүмкүн? Машина куручулук өнөр-жайысыз Өзбекстан заманбап жеңил автомобилдер куруучу мамлекетке айлана алат беле? Бири-биринен сонун жеңил машиналардын жасалып жаткандыгына өзүң да күбөсүң.

Химия өнөр-жайысыз да айыл чарбасынын өнүгүүсүн элестетип болбойт. Анткени, минералдык жер семирткичтерсиз кантип эгиндердин түшүмдүүлүгүн ашыруу мүмкүн? Же айыл чарба зыянкечтерине каршы химиялык каражаттарсыз кандай күрөшүү мүмкүн? Же тамак-аш өнөр-жайысыз калкты түрдүү тамак-аш продукциялары менен камсыздоого болот беле? Демек, республикабызда өнөр-жайды өнүктүрүү маселесине мындан кийин да чоң көңүл бурула берет.

**Өзүңдү сынап көр**

- Химия өнөр-жайы болбосо ... .
- Нефть өнөр-жайы болбосо... .

**Терминдердин мазмунун билип ал**

**Экономика** – мамлекеттин элин бардык зарыл нерселер менен камсыздоочу чарба, өндүрүш.

**Техника** – инсан эмгегин жеңилдетүүчү жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн ашырууга кызмат кылуучу өндүрүштүк куралдар, каражаттар.

**Ярмарка** – ишкер жана өндүрүүчүлөрдүн көргөзмөгө коюлган продукцияларды дүңүнөн (оптом) сатуу жана сатып алуу максатында өткөрүлө турган жыйыны.

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Эмне үчүн Өзбекстанда дан көз карандысыздыгын камсыздоо зарыл эле?*
2. *Дан көз карандысыздыгына жетишүү жаатында кандай иш-чаралар жасалды жана алар кандай натыйжа берди?*
3. *Нефть көз карандысыздыгына жетишпестен туруп өндүрүштүк тармакты өнүктүрүп болбостугуна мисалдар келтир.*
4. *Өзбекстан пахтасынын дүйнөлүк базардагы орду жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
5. *Өнөр-жайдын мамлекеттин экономикасында туткан орду теңдешсиз чоң экендигине далилдер келтир.*

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

1. Сен жашаган райондо өнөр-жайдын кайсы тармагы бар? Ата-энең менен анын районундун турмушунда туткан орду жөнүндө маалымат чогулт.
2. Ата-энең менен өзүң жашаган район пахта, дан жетиштирүүдө быйыл кандай натыйжага жетишкени жөнүндө маалымат топто.

## 48-§. РУХАНИЙ ЖАНА АГАРТУУ ЖААТЫНДАГЫ ӨНҮГҮҮ

**Улуттук жана руханий баалуулуктардын кайра калыбына келтирилиши.** Улуттук жана руханий баалуулуктар кылымдар бою жаратылат. Алар мезгилдин, турмуштун өзгөрүүсү менен жок болуп кетпейт. Тескерисинче, кийинки муундар үчүн мурас болуп калат. Кийинки муундар болсо аларды андан да байытат. Алар да өзүнөн кийинки муундарга мурас кылып калтырышат.

**Эсте тут!**

Баалуулук (маанилүү, кымбат баалуу, эл байлыгы) – адамдар үчүн өтө баалуу, кадырлуу болгон бардык нерселер болуп саналат.

Элибиз өтмүштө бардык элдер суктанса арзый турган баалуулуктарды жараткан. Бирок, алардын көпчүлүгү Өзбекстан көз каранды болгон жылдарда жерге тапталган эле. Эгемендүүлүктөн соң бул баалуулуктар баскычтуу түрдө кайра калыбына келтириле баштады.

Өзбек тили – өзбек элинин эне тили, жогорку баалуулугу. Көз карандылык жылдарында ал экинчи даражалуу тил катарына түшүрүп коюлду. Анын колдонулуу орду чектелип калды. Бул абал элибиздин улуттук намысын кемсинткен. Буга чек коюу үчүн И. Каримовдун демилгеси менен 1989-жылда эле өзбек тилине мамлекеттик тил статусу берилди.

**Нооруздун кайра калыбына келтирилиши.** Нооруз майрамы элибиздин байыркы баалуулуктарынан болуп эсептелет. Ал байыртада ушундай ардактуу майрам болгондуктан, ал белгиленип жаткан күндөрдө жадагалса согуштар да токтотулган.

Нооруз жакшылыктын, мээримдүүлүк жана боорукерликтин майрамы катары да өтө бааланган. Нооруздун дагы бир өзүнө мүнөздүү жагы, ал белгилене турган маалда элдин ырыскысынын негизи болгон дыйканчылык да башталгандыгында. Нооруз мына ушундай касиеттери менен эң сүйүктүү майрамга айланган. Бирок, Өзбекстан көз каранды болгон доорлордо Нооруз эскиликтин калдыгы деп жарыяланган жана аны белгилөөгө тыюу салып коюлган. 1990-жылда Өзбекстан өкмөтү буга чек койду. Ушул жылдан баштап Республикабызда Нооруз кайра калыбына келтирилди. 21-март Нооруз улуттук элдик майрам жана эс алуу күнү деп белгиленди. Республиканын эли болсо муну кубануу менен күтүп алды. Нооруз бир айга созулат. Элибиз Нооруз күндөрүндө ашарлар уюштурушат. Айлана-тегерек тазаланат, көрктөндүрүү иш-чаралары өткөрүлөт. Дарак жана гүл көчөттөрү эгилет. Элибиздин эң сүйүктүү тамагы – сүмөлөк дасторконго тартылат.

Мындан сырткары, «Нооруз» күнү жетим-жесирлерге, майыптарга кем каржыланган үй-бүлөлөргө жардам көрсөтүлөт.

**Диний майрамдардын кайра калыбына келтирилиши.** Өзбекстан мусулмандары да ар жылы куттуу Курман айт жана Орозо айты белгилешет. Өзбекстандын Президенти Ислам Каримовдун демилгеси менен 1991-жылдан баштап Курман айты жана 1992-жылдан баштап болсо Орозо айтынын биринчи күнү эс алуу күнү деп белгиленген.

**Улуу бабаларыбыздын куттуу ысымдарынын даңкталышы.** 1991-жылда эле улуу акын, өзбек классикалык адабиятынын негиздөөчүсү Алишер Навоийдин 550 жылдыгы белгиленди. Бул улуу



**Имам Бухарийдин мавзолейи.**


датага арнап анын эң алдыңкы чыгармалары кайра басылып чыкты. Ташкент шаарында көркөм жана салабаттуу айкели орнотулду. Анын аты менен аталуучу Өзбекстан Улуттук паркы курулду. Ислам Каримов айкелдин жана Улуттук парктын ачылуу аземинде окуган докладында Алишер Навоийди улуттук сыймыгыбыз деп ардактады.

Өзбекстандын көз карандылык жылдарында аты жана улуу иштери унутулууга туш болгон, чындыгында сыймыгыбыз, баркыбыз болгон Амир Темур бабабыздын куттуу аты кайра калыбына келтирилгени чоң тарыхый окуя болду.

Өзбекстан дүйнөгө улуу илим-билим окумуштууларын гана эмес, о.э. диний окумуштууларды да жеткирип берген. Президент Ислам Каримовдун демилгеси менен мамлекетибиздин эгемендүүлүгү жылдарында алардын да куттуу аттары кайра калыбына келтирилди. Атап айтсак, мекендештерибиз – хадис илиминин улуу өкүлдөрү имам ал-Бухарийдин 1225 жылдыгы, Абу Иса ат-Термезийдин болсо 1200 жылдыгы белгиленди.

Мындан сырткары, белгилүү ислам укук таануучусу Бурханиддин Маргынанийдин 910 жылдыгы, ислам дининин негиздерин түшүндүрүп берүү илиминин белгилүү өкүлү имам Маатуридийдин 1130 жылдыгы да белгиленди. Алардын элесине арнап сонун архитектуралык эстеликтер тургузулду. Юбилей майрамдарынын бардыгында Президент Ислам Каримов катышты.

**Мамлекетибизде улуттар аралык ынтымактык.** Өзбекстан да көп улуттуу мамлекет болуп эсептелет. Анда 130 дан ашуун улут жана элет өкүлдөрү жашайт. Өзбек элине башка элдерге менсинбестик же кенебестик менен кароо жат нерсе. Ал кылымдар бою башка эл өкүлдөрү менен тынч-ынтымакта жашап келген, кең пейил, достукту кадырлоочу калк. Эгемендүүлүк жылдарында өкмөтүбүз улуттар аралык ынтымактыкты андан да чындоо чараларын көрдү.




**Бурханиддин Маргынанийдин мавзолейи.**

Оболу, Өзбекстандын ар бир жараны кайсы улутка таандык экендигинен көз карандысыз түрдө, мыйзам алдында тең деп жарыяланды. Улутунан көз карандысыз түрдө ар бир жарандын дилине, аң-сезимине бирдиктүү жалгыз Мекен идеясы сиңдириле башталды.

Өзбек тилине мамлекеттик тил статусу берилген болсо да, башка тилдер да кемсинтилген жок. Алсак, Республикабыздагы жалпы билим берүүчү орто мектептерде окутуу өзбек тилинен сырткары дагы 6 тилде (каракалпак, орус, тажик, түркмөн, казак жана кыргыз тилдеринде) алып барылууда. Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китептери да 7 тилде басылууда.

Бардык улут жана элеттердин тилдери, үрп-адаттары жана салттары мыйзам менен корголууда. Алардын өнүгүшү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр жаратып берилген.

Башка улут өкүлдөрүнө улуттук керектөөлөрүн эркин кандыруулары үчүн өз улуттук-маданий борборлорун уюштурууга уруксат берилген. Улуттар аралык ынтымактуулукту камсыздоо жаатында жасалган иштер Өзбекстан элинин биримдигин, тыгыздыгын жана бейпилдигин камсыздоого кызмат кылды. Бул



**Кураны Карим.**

болсо Өзбекстандын баа жеткис байлыгы болуп саналат.

**Диний кең пейилдүүлүк.** Ар бир мамлекеттин турмушунун бейпил өтүшү, жарандарынын тынч-ынтымакта жашашында диний кең пейилдүүлүк канчалык терең орногондугуна да байланыштуу болуп эсептелет.

**Эсте тут!**

Диний кең пейилдүүлүк – Мекени бир, бирок диний ынанымдары ар түрдүү болгон жарандардын бир-бирлеринин диний ынанымын урматтоосу болуп саналат. Бирдиктүү улуу максат жолунда биригип, шериктеш жана максатташ болуп жашоолору болуп эсептелет.

Адамзаттын өтмүш тарыхы диний кыргындарга да толо болгон. Алсак, Францияда бир гана 1572-жылда болгон диний кыргында бир кеченин өзүндө 30 миң адам курман болгон. Тилекке каршы, дүйнө азыр да өз ара диний кыргындардан толук арылган жок. Өлкөбүз аймагында байыртадан түрдүү диндер жанаша жашаган. Аларга ынангандар өз диний амалдарын эркин аткарып келишкен. Анткени, өзбек эли эзелтеден кең пейил эл. Бүгүнкү күндө Республикабызда 15 тен ашуун диний ынанымга таандык диний уюмдар иш жүргүзүүдө. Алардын эч бирине башкалардан артыкчылык берилбеген. Тескерисинче, алардын мыйзам алдында тең экендиктери белгилеп коюлган. Аларга өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүү үчүн шарт жаратып берилген. Ушундай түрдө, түрдүү диндерге ынануучу мамлекетибиз жарандарынын ортосунда диний кең пейилдүүлүк андан да бекемделди. Алар башкы идеябызга негиз болгон «Азат жана абат Мекен, эркин жана жыргал жашоо куруу»дай ардактуу милдетти ишке ашыруу ишине колдон келгенче салым кошушууда.



**Ташкенттеги Орус православ чиркөөсү.**

**Өзүңдү сынап көр**

- Өзбекстанда ... жашайт.
- Өзбекстанда ... 15 тен ашуун ... .

**Терминдин мазмунун билип ал**

**Хадис илими** – Мухаммад пайгамбар (с.а.в.)дын айткан сөздөрү, кылган иштери жана көрсөтмөлөрүн чогултуп, алардын ишеничтүүлөрүн тандоо илими.

**Суроо жана тапшырмалар**

1. *«Баалуулук» сөзүнүн маанисине түшүндүрмө бер. Эмне үчүн баалууluktarды кайра калыбына келтирүү зарыл эле?*
2. *Өзбекстанда өзбек элинин кылымдык баалуулуктары кайра калыбына келтирилгендигине далилдер келтир.*
3. *Улуу бабаларыбыздын куттуу аттарынын кайра калыбына келтирилиши жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
4. *Улуттар аралык ынтымактык кандай камсыздалды?*
5. *«Диний кең пейилдүүлүк» түшүнүгүнө мүнөздөмө бер. Өзбекстанда диний кең пейилдүүлүктү чыңдоо жаатында кандай иштер жасалды?*

**ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ**

1. Айылында бул жыл Нооруз кандай белгиленгени жөнүндө маалымат чогултуп кел.
2. Орозо жана Курман айттарынын айылында кандай белгилениши жөнүндө маалымат чогулт.

## 49-§. ӨЗБЕКСТАН ЖАНА ДҮЙНӨ

**Өзбекстандын мамлекеттик эгемендүүлүгүнүн дүйнө мамлекеттери тарабынан таанылышы.** Өзбекстан өз мамлекеттик эгемендүүлүгүн жарыялагандан соң, анын мамлекеттик эгемендүүлүгү дүйнө мамлекеттери тарабынан таанылды. Эгемендүү Өзбекстан дүйнөдөгү бардык мамлекеттер менен тең негизде шериктештик кылууну баштады. Өзбекстандын Президенти Ислам Каримов тандалган жол жөнүндө мындай деген эле: «Өзбекстан эч кимден кайыр сурабайт, бир гана теңме-тең шериктештикке даяр».

Өзбекстан оболу Россия Федерациясы менен ар тараптуу шериктештик кылууга чоң көңүл бурду. Эки мамлекеттин ортосунда союздаштык мамилелери жөнүндө келишимге кол коюлду.



**Өзбекстандын Президенти Ислам Каримов жана Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путин.**



**Өзбекстан Президенти Ислам Каримов жана Кытай Эл Республикасы төрагасы Си Цзинпин.**

Келишим ар эки мамлекеттин кызыкчылыктарына бирдей кызмат кылууда. Россия Федерациясы Өзбекстандын эң ири соода шериктеши да болуп саналат. Өзбекстан Азиянын Кытай, Түштүк Корея, Япония, Малайзия жана Сингапур сыяктуу эң өнүккөн мамлекеттери менен бекем шериктештикти жолго коё алды. Мамлекетибизде бул мамлекеттердин катышуусунда түзүлгөн көптөгөн кошмо ишканалар иш жүргүзүшүүдө. Алар менен соода-экономикалык байланыштар барган сайын өнүгүп баруруда. Алсак, 2013-жылда Өзбекстан менен Кытайдын ортосундагы соода айланмасы дээрлик 5 млрд. АКШ долларын түздү. Өзбекстан Кытай менен Азияда туруктуу тынчтык жана коопсуздукту камсыздоо боюнча да жакындан шериктештик кылууда.

Ислам Каримовдун 2014-жылда Кытайда, Кытай башчысынын Өзбекстанда болушу ар эки мамлекеттин ортосундагы байланыштарды андан да чындоого кызмат кылууда.

Түштүк Корея Республикасы да Өзбекстандын Азиядагы ири шериктештеринен бири болуп эсептелет.

Түштүк Корея менен шериктештик Өзбекстандын дүйнөдө жеңил автомобиль иштеп чыгаруучу мамлекетке айлануусунда маанилүү роль ойноду. Түштүк Кореянын «ДАЕWOO» компаниясы менен биргеликте Асака шаарында автомобиль заводу курулду.

1996-жыл 26-март күнү биринчи автомобиль иштеп чыгарылды. Ушундай түрдө Өзбекстан дүйнөдө автомобиль иштеп чыгаруучу 28-мамлекетке айланды.

Өзбекстан Япония менен да өз ара пайдалуу шериктештик кылып келүүдө. Мамлекетибизде ондон ашуун Өзбекстан – Япония кошмо ишканалары иш жүргүзүүдө.



**Өзбекстан Президенти Ислам Каримов жана Түштүк Корея Республикасы Президенти Пак Кин Хе.**

Өзбекстан дүйнөнүн эң кудуреттүү мамлекети АКШ менен, анын бир топ компания жана корпорациялары менен, атап айтсак, «Jeneral Motors» корпорациясы менен кызматташтык кылууда. Бул корпорация менен шериктештикте «Асака» заводунда түрдүү моделдердеги заманбап жеңил автомобилдер, Ташкент облусунда болсо алар үчүн мотор иштеп чыгарылууда.

**Өзбекстан регионалдык уюмдардын мүчөсү.** Өзбекстан регионалдык уюмдар менен да шериктештик кылат. Алардын ичинде Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ) жана Шанхай Шериктештик Уюму (ШШУ) өзүнчө орун тутат. Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги уюмуна Россия Федерациясы, Украина, Белоруссия, Өзбекстан, Тажикстан, Кыргызстан, Казакстан, Түркмөнстан, Азербайжан, Армения жана Молдовия мамлекеттери мүчө. Алардын бардыгы мурдагы СССРдин курамындагы мамлекеттер эле. КМШны түзүүдөн көздөлгөн негизги максат – ага мүчө мамлекеттердин ортосунда узак жылдар ичинде орнотулган экономикалык байланыштарды сактап калуу эле. Буга көп жаатта жетишилди да. Ошол эле учурда, КМШ мурдагы СССРдин аймагында жарандар согушу болушунун алдын алды. Мүчө мамлекеттердин өз эгемендүүлүктөрүн чындоодо бири-бирине жардамдашууларына жетишилди.

Өзбекстан мүчө болгон Шанхай Шериктештик Уюму Кытайдын Шанхай шаарында Кытай, Россия Федерациясы, Казакстан, Тажикстан, Кыргызстан жана Өзбекстан мамлекеттери тарабынан түзүлгөн.

Уюмга мүчө мамлекеттер терроризм, бөлүп жаруучулук жана экстеремизмди «Үч кооптуу күч» деп эсептешет.

## Терминдердин мазмунун билип ал

**Бөлүп жаруучулук** – мамлекет аймагынын бир бөлүгүн ажыратып алып ал жерде жаңы мамлекет түзүү үчүн күрөш.[1]

**Компания** – соода же өнөр-жай тармагында иш жүргүзүүчү уюм.[2]

**Корпорация** – өнүккөн ири акционердик коому.[3]

**Регион** – жер жүзүнүн кандайдыр бир бөлүгү.

**Терроризм** – душмандарын коркутуу, жок кылуу, эл арасында дүрбөлөң келтирип чыгаруу максатында кылына турган зордукчул аракет.[4]

**Экстремизм** – өз максатына жетүү жолунда эң кескин чараларды колдоону жактоочулук.[5]

## Суроо жана тапшырмалар

1. *Өзбекстан менен Россия Федерациясынын мамилелери Өзбекстандын башка мамлекеттер менен болгон мамилелеринен кандай айырмаланат?*
2. *Өзбекстандын Азиядагы негизги соода-экономикалык шериктештери болгон мамлекеттер менен мамилелерине тиешелүү маалыматтарды айт.*
3. *Өзбекстандын АКШ менен шериктештиги жөнүндө эмне билип алдың?*
4. *КМШ уюму кандай максатта түзүлгөн?*
5. *Шанхай Шериктештик Уюмунун негизги милдеттери эмнелерден турат?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

**Өзбекстан мүчө болгон эл аралык жана регионалдык уюмдар жөнүндө эмне билесиң?**

*(Жадыбалды толтур)*

| Т/н | Эл аралык уюмдардын аты | Түзүлгөн жылы | Уюмдун негизги милдети | Өзбекстан мүчө болуп кирген жылы | Эл аралык уюм уюштурган сыйлык |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | БУУ | | | | |
| 2. | ЮНЕСКО | | | | |
| 3. | ЮНИСЕФ | | | | |
| 4. | КМШ | | | | |
| 5. | ШШУ | | | | |

---

[1] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 1-том. 53-бет.
[2] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 396-бет.
[3] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2006. 2-том. 408-бет.
[4] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2008. 4-том. 76-бет.
[5] ӨТТС. – Т.: «ӨзУЭ». 2008. 5-том. 28-бет.



# XII бөлүм. ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИ XXI КЫЛЫМДА

## 50–51-§. ДҮЙНӨЛҮК КООПСУЗДУККА КОЛ САЛУУ

**Адамзаттын тынчтыгына кооп салып жаткан күчтөр.** Бүгүнкү күндө адамзаттын тынчтыгына регионалдык чыр-чатактар, эл аралык терроризм, диний экстремизм жана адамзаттын табиятка карагата артын ойлобостон кылган мамилеси келтирип чыгарган экологиялык көйгөйлөр эң көп даражада кооп салууда.

Өзбекстандын Президенти И. А. Каримов 1997-жылда эле «O‘zbekiston XXI asr bo‘sag‘asida» аттуу чыгармасында булардын адамзаттын тынчтыгына салып жаткан коопторун көлөмү жана натыйжалары жөнүндө кеңири токтолгон эле.

**Регионалдык чыр-чатактар жана анын кооптору.** Регионалдык чыр-чатак – Жер жүзүнүн кандайдыр бир бөлүгүндө мамлекеттердин ортосунда келип чыккан өз ара келишпестиктер, же кандайдыр бир мамлекеттин аймагында болуп жаткан жарандар согушу болуп саналат. Мындай чыр-чатактардан бири коңшу Ооганстанда болгон жарандар согушу эле. Бул мамлекет жарандары 30 жылдан ашуун мезгилден бери тынчтык эмне экендигин билишпейт.

Регионалдык чыр-чатактардын адамзаттын тынчтыгына сала турган коркунучу эмнеде?

Оболу, алар коңшу мамлекеттерде тынчтыкты кооп астына койду. Экинчиден, жарандар согушу качкындар көйгөйүн келтирип чыгарат. Үчүнчүдөн, регионалдык чыр-чатактарга тартылып калган аймактар баңги заттар айланмасынын көбөйүшүнө, эл аралык

терроризм кыймылынын өрчүшүнө, мыйзамсыз курал-жарак соодасынын күчөшүнө алып келүүдө.

Биз дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүндө уланып жаткан келишпестик жана карама-каршылыктарды саясий, тынчтык жолу менен гана чечүүнү жактайбыз.[1]

**Эл аралык терроризм.** XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында адамзаттын башына эл аралык терроризм чоң кайгы сала баштады. Эл аралык террорчу күчтөр мамлекеттин башчыларына, элчилерине кол салуу жана уурдоо, адамдарды күрөөгө алуу, эл аралык уюмдардын имараттарын, аэропорт жана вокзалдарды жардыруу, самолётторду алып качуу сыяктуу кооптуу кылмыштарды жасашууда. Азыркы күндө дүйнөнүн эч бир мамлекети өзүн эл аралык терроризм коопунан арылган деп эсептей албайт. Эл аралык террорчу күчтөр 2001-жылдын 11-сентябрында жадагалса АКШда да аянычтуу кылмыштарды жасашты. Террорчулар ушул күнү өздөрү ээлеп алган самолёттордо Нью-Йорк шаарында жайгашкан эл аралык «Соода борбору»нун көк мелжиген жуп имаратын кыйратышты. Натыйжада миңдеген адамдар курман болушту. Эл аралык террорчу күчтөр Россия Федерациясында да бир топ аянычтуу кылмыштарды жасагандыгына тарых күбө. Айрыкча, 2004-жылда Беслан шаарындагы орто мектепте жаңы окуу жылы баштала турган 1-сентябрь күнү болгон кылмыш эң үрөй учурарлык кылмыштардын бири болду. Бул кылмыш дүйнөнүн бардык тынчтыкты сүйүүчү күчтөрүн дүрбөлөңгө салды. Анткени, бул кылмыштын натыйжасында мектеп окуучулары да курман болушкан.

**Диний экстремизм.** XX кылымдын аягында диний экстремизм да күчөдү. Экстремизм – максатка жетүүнүн кескин чаралары – зордукчулдук, күч иштетүү жана террор кылуу жолу дегени. Экстремизмди диний догматизм пайда кылды.

Диний догматизм – өз өмүрүн жашап болгон, эскирген диний эрежелерди сактап калуу үчүн күрөшүү болуп саналат. Диний догматиктер жер жүзүнүн түрдүү мамлекеттеринде, атап айтсак

---

[1] *Ислам Каримов*. O‘tganlarni xotirlash, keksalarni e’zozlash – bizning farzandlik burchimizdir. «Xalq so‘zi» газетасы. 2015-жыл. 11-май.

Өзбекстанда да диний эрежелердин негизинде башкарыла турган мамлекет куруу үчүн күрөшүштү. Алар 1999-жылдын 16-февралында Ташкентте Өзбекстандын Президенти И.А. Каримовго кол салуу уюштурушту. 2005-жылда болсо, Андижан шаарында баш көтөрүштү. Бирок, Өзбекстандын эли алардын талабын четке какты.

Натыйжада, догматиктердин пландары жокко чыкты. Тилекке каршы, диний догматизм күчтөрү өз максаттарынан дагы эле баш тартышпаган.

**Өзүңдү сынап көр**

- Диний догматизм – бул, ... .
- Терроризм – ... .

**Экологиялык көйгөйлөр.** Адамзаттын коопсуздугуна экологиялык көйгөйлөр да чоң кооп салууда. Бул көйгөй адамдардын табиятка артын ойлобостон, жадагалса жырткычтарча мамилесинин натыйжасында келип чыкты. Дүйнө мамлекеттери катарында Өзбекстан да экологиялык көйгөйлөрдөн четте эмес. Өзбекстанды «Арал кырсыгы» деп аталуучу экологиялык көйгөй катуу түйшүккө салууда.

Арал кырсыгы узак жылдар бою Арал деңизине Амударыя жана Сырдарыядан жетиштүү өлчөмдө суу агып барбагандыгынын натыйжасында келип чыкты. Бир мезгилдер баалуу жана кооз болгон Арал деңизи, бүгүнкү күндө дээрлик кургап жана жоголуп бара жаткан суу бассейнине айланды.

**Эсте тут!**

Кийинки 40 жылдын ичинде Арал деңизинин көлөмү 7 эсе, суунун көлөмү болсо 13 эсе азайды.[1]

Бар болгон суунун да шорлонуу даражасы он эсе ашып кетти. Деңиз жаныбарларынын жашашы үчүн жараксыз болуп калды. Натыйжада дээрлик бардык жаныбарлар жана өсүмдүк дүйнөсү кырсыкка учурады.

---

[1] *Ислам Каримов.* «O‘zbekiston XXI asr bo‘sag‘asida». – Т.: «O‘zbekiston» БПЧҮ. 1997.

**Тынчтык үчүн күрөшүү жолундагы шериктештик.** Өзбекстан эгемендүүлүгүнүн алгачкы күндөрүндө эле Ооганстан көйгөйүн чечүүгө каратылган сунуштарды илгери сүргөн. Ислам Каримов 2010-жылда БУУнун Башкы Ассамблеясынын жыйынында бул жөнүндө Өзбекстандын көз караштарын дагы бир жолу баяндады. Өзбекстандын чечкиндүү пикири боюнча, чет мамлекеттердин аскердик күчтөрү Ооганстанда тынчтык орното алышпайт. Ооганстандыктар өз көйгөйлөрүн өздөрү чечүүлөрү керек. Ал эми өнүккөн мамлекеттер болсо, Ооганстанга жардам берүүлөрү зарыл.

Өзбекстан эл аралык терроризмге жана диний экстремизмге каршы күрөштө Шанхай Шериктештик Уюму, Арал кырсыгынын андан да тереңдешүүсүнүн алдын алуу жаатында да БУУ жана Борбордук Азия мамлекеттери менен жакындан шериктештик кылууда.

Ошого карабастан, биз эч кандай аскердик-саясий блокко кошулбайбыз, Өзбекстандын аймагында чет эл аскердик базаларынын жайгашуусуна, аскердик кызматчыларыбыздын мамлекетибиз сыртында болушуна жол бербейбиз.



**Өзбекстандын Президенти Ислам Каримов жана БУУнун Башкы катчысы Пан Ги Мун.**

Алсак, Өзбекстандын Президенти Ислам Каримовдун демилгеси менен Борбордук Азиянын беш мамлекетинин ортосунда «Аралды куткаруу эл аралык фонду» түзүлдү.

Ислам Каримовдун демилгеси менен 2010-жылда БУУнун Башкы катчысы Пан Ги Мун Арал боюна барды. Башкы катчы Арал окуясынын кесепеттерин өз көзү менен көрдү. Сапар аягында Арал көйгөйүн чечүүдө жардамдашуу жолунда аракет кылуусун билдирди.

---

[1] *Ислам Каримов*. O'tganlarni xotirlash, keksalarni e'zozlash – bizning farzandlik burchimizdir. «Xalq so'zi» газетасы. 2015-жыл. 11-май.

Ислам Каримов БУУнун «Миң жылдык өнүгүү максаттары»на арналган жалпы жыйынында жыйын катышуучуларына карата: «Арал көйгөйү — бул, ушул зонада жашап жаткан, БУУдай беделдүү уюмга үмүт менен жардам сурап кайрылып жаткан миллиондогон адамдардын көйгөйү болуп саналат», — деп айтты.

**Өзүңдү сынап көр**

- 1999-жыл 16-февралда — ... .
- 2001-жылда — ... АКШда.
- 2005-жыл ... Андижанда ... .

### Терминдердин мазмунун билип ал

**Догма** — туура экендигине шек санабастан, талкууга албастан ишенилиши керек болгон эрежелер.[1]

**Экология** — табиятты, айлана-чөйрөнү асыроо жана коргоо.

### Суроо жана тапшырмалар

1. *Кандай күчтөр адамзаттын тынчтыгына коопсалууда?*
2. *Регионалдык чыр-чатактардын эмне экендиги жана анын адамзатка салып жаткан кооптору жөнүндө айтып бер?*
3. *Эл аралык терроризмдин адамзаттын тынчтыгына салып жаткан кооптору жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
4. *Диний догматиктердин максаттары эмне жана алар Өзбекстанда кандай кылмыштарды жасашты?*
5. *Экологиялык көйгөйлөрдүн пайда болушуна эмнелер себеп болгон?*
6. *«Арал кырсыгы» эмне жана Өзбекстан өкмөтү анын кесепеттерин азайтуу жаатында кандай иштерди аткарууда?*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

*(Жадыбалды толтур)*

| Т/н | Регионалдык чыр-чатактар жана алардын натыйжалары | Эл аралык террорчу күчтөр жасаган оор кылмыштар | Диний догматизм | | Экологиялык кооп | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Максаттары | Жасаган кылмыштары | Экологиялык көгөйлөрдүн пайда болуу себептери | Арал кырсыгынын кесепеттерин азайтуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер |
| | | | | | | |

[1] ӨТТС. — Т.: «ӨзУЭ». 2006. 1-том. 126-бет.

## 52-§. XXI КЫЛЫМ – ИЛИМ ЖАНА ӨНҮГҮҮ КЫЛЫМЫ

**Эмне үчүн XXI кылым илим жана өнүгүү кылымы деп айтылат?** Сен дээрлик ар күнү илим сөзүн угасың. Анда, илим дегени эмне?

Илим – дүйнөдө бар болгон билимдердин системасы болуп эсептелет. «Илим» сөзүнүн ордуна предмет сөзү да иштетилет. Алар бир маанини билдирүүчү сөздөр болуп саналат. Адамзаттын бүткүл тарыхы бою илим-билим өнүгүп барды. Инсандын өзүнүн оор физиологиялык эмгегин жеңилдетүүгө умтуулусу техника тармагында чоң ачылыштар, ойлоп табуулардын ишке ашырылышына алып келген.

**Эсте тут!**

Техника (жөндөм) – адамдын эмгегин жеңилдете турган жана адам үчүн зарыл нерселерди жетиштүү өлчөмдө өндүрүүгө мүмкүнчүлүк бере турган машина, аспап, курал жана шаймандардын жыйындысы болуп эсептелет.

Алсак, техника – бул, экскаваторлор, ар түрдүү тракторлор, комбайндар, бульдозерлер, жеңил жана жүк, жолоочу ташуучу транспорт каражаттары, самолёт, космостук ракеталар, телевизор, компьютер, электрондук эсептөө машиналары, интернет тармактары жана башкалар болуп саналат. Бир мезгилдер жөнөкөй кетмен менен канал казган адам кийин экскаватор менен канал каза баштады. Бул адамдын эмгегин канчалык жеңилдештиргенин, эмгек өндүрүмдүүлүгүн канчалык өстүргөндүгүн бир элестетип көр.

Самолётторсуз, компьютерлерсиз, уюлдук телефондорсуз же интернетсиз адамдын бүгүнкү турмушун элестетип болобу? Чоң техника адамга жердин түбүнөн тонналаган жер асты байлыктарын казып алууга мүмкүнчүлүк берип жаткандыгына күбөсүң.

Же медициналык техникаларды алалы. Бул тармакта ишке ашырылган чоң ачылыштар адамзатка эмне берип жатат? Оболу, ал адам денесинин ооруган түрдүү мүчөлөрүн, ошондой эле, жүрөгүн да көчүрүп өткөрүү мүмкүнчүлүгүн берди. Же канчалаган оорулар операция бычагысыз дабаланууда. Адам техниканын

өнүгүүсү себеп, жадагалса Айга конууга жетишти. Ал булардын баарына илим-билимдин өнүгүүсү себептүү жетишти.

Илим-билим жана техниканын өнүгүүсүндөгү мындай чоң ийгиликтер тарыхка илмий-техникалык революция деген аталыш менен кирди. Кайсы мамлекетте илим-билим жогору өнүккөн болсо, ал мамлекет – ар тараптан өнүккөн мамлекетке айланды. Жарандар болсо бейпил жашап жатышат.

Дүйнөдө илим-билим тармагында улуу ачылыштарды ишке ашырган окумуштуулар эл аралык Нобель сыйлыгы менен сыйланып келинүүдө. Илим-билим XXI кылымда XX кылымдагыдан да ылдамыраак өнүгүүдө. Мындан кийин да мамлекеттин экономикалык кудуретин, эртеңки күнүн жана тагдырын илим-билимдин өнүгүүсү чечет. Компьютердин жардамында чоң көлөмдүү маалыматтар жаратуу, топтоо, сактоо, кайра иштетүү жана аларды узатуу күндөлүк көнүмүшкө айланып калды. Мисалы, компьютердин бир гана кичинекей флешкасын ал. Ага бүтүндөй бир нече ондогон, жүздөгөн китептерди жана маалыматтарды каалаган көлөмдө жайгаштыруу мүмкүн.




**Нобель сыйлыгы лауреатынын медалы.**

Адамдар алардан каалаган жерде пайдалана алышат. Жадагалса маалымат технологиялары барган сайын чакандашып барууда. Технологиялардын мындай чакандашуусу нанотехнология (миллиарддын бир бөлүгү) дейилет. Ал эң заманбап технология болуп, бардык маалымат каражаттарын кичирейтүүгө мүмкүндүк берет. Натыйжада, келечекте бардык иштерди аткара ала турган компьютерлер кол сааты көлөмүнө тең болот. Атап айтсак, бардык багыттарда колдонула турган аспап-жабдыктарга сарптала турган материалдарга болгон каражат кескин азаюуда. Нанотехнология багытында жаратылган ачылыштар өндүрүш, медицина, экология, авиация, радиотехника жана башка көптөгөн маанилүү багыттарда жогорку натыйжалуулукту камсыздоодо.

Демек билимге умтулуу жоголсо, илим өнүкпөйт. Илим-билим өнүкпөсө, мамлекеттин келечегин да элестетип болбойт. Андыктан, XXI кылымда илим-билим ийгиликтери мамлекеттердин

өнүгүүсүнүн башкы фактору болуп калат. Ошондуктан да XXI кылым илим-билим жана өнүгүүнүн кылымы деп аталат.

**Өзүңдү сынап көр**

- Илим бул, – … .
- Техника – … .

**Күч – билим жана ой жүгүртүүдө.** Бул накыл сөз Президент Ислам Каримовго таандык. Бул накыл сөздөгү «Күч» сөзү Өзбекстандын максаты келечекте дүйнөнүн өнүккөн, жарандары болсо жыргал жашай турган мамлекеттердин катарынан орун алуу экендигин билдирет.

«Билим» сөзү бул улуу максаттын ишке ашышында мамлекетибизде илим-билимдин канчалык жогору өнүгүшүнө тиешелүүлүгүн билдирет. Ал эми «Ой жүгүртүү» сөзү болсо, мамлекеттин адис кадрларынын заманбап илим-билимде топтогон жогорку даражадагы билимдерди терең өздөштүрүп алуулары, аны иш жүзүндө колдоодо пикирлөө жөндөмүнүн жогорку даражада болушу зарылдыгын билдирет. Өзбекстан дүйнөнүн өнүккөн, жарандары жыргал жашай турган мамлекетке айланышы үчүн бардык мүмкүнчүлүктөргө ээ. Атап айтсак, мамлекетибиз жер асты жана жер үстү байлыктарына бай. Табигый шарты өтө ыңгайлуу. Жери өнүмдүү, күнөстүү күндөрү көп өлкө. Бирок, мамлекеттин жогорку даражада өнүккөн мамлекетке айланышы үчүн булардын өзү жетиштүү эмес. Бул, эң оболу илим-билимдин канчалык жогору өнүгүшүнө байланыштуу болуп саналат. Илимдин өнүгүүсүсүз улуу мамлекет куруп болбойт. Экинчиден, илим-билимдин ийгиликтерин өндүрүштө колдой турган адистердин өз бурчуна, милдетине канчалык чын дилден мамиле жасоосуна да байланыштуу болот.



**Заманбап коллеж.**

**Муну кунт коюп оку**

«Япония жана Түштүк Кореянын биздикиндей чоң табигый байлыктары барбы? Жок. Бирок, дүйнөнүн эң алдыңкы технологиясы мына ушул мамлекеттерде жайгашкан».

*Ислам Каримов.*

Ошондуктан да Өзбекстан мамлекети мамлекетте илим-билим өкүлдөрүнө – окумуштууларга натыйжалуу иштери үчүн зарыл шарт жаратып берүүнү өзүнүн бурчу деп эсептейт.

Эгемендүүлүк жылдарында Өзбекстан Илимдер академиясынын чыныгы илим-билим борборуна айланышы үчүн көп иштер жасалды. Президент Ислам Каримов Илимдер академиясынын окумуштуулары менен бир нече жолу учурашты. Академиянын иштөө өндүрүмдүүлүгүн ашырууга каратылган өкмөт токтому да кабыл алынды. Ошол эле учурда, окумуштуулардын дүйнө илиминин ийгиликтеринен толук кабардар болушу маселесине да чоң көңүл бурулду. Бул орунда ар бир окумуштуунун кандайдыр бир чет тилин жакшы билиши колдоого алынууда.

1997-жылда Республикабызда «Umid» фонду түзүлдү. Анын максаты – таланттуу жаштарды тандап алып, алардын чет элдерде окушун колдоп кубаттоо эле. Жаштарды чет элдерде окутуу аркылуу дүйнө тажрыйбасын үйрөнгөн, жогорку тажрыйбалуу адистердин санынын көбөйүшүнө жетишилди. Жогорку окуу жайларынын илимдин түрдүү тармактарын тереңээлеп жаткан, илимий изилдөө иштерин жүргүзүп жаткан эң таланттуу студенттери жана жаш окумуштуулар өз багыттары боюнча Өзбекстандын Президенти стипендиясы, Навоий, Беруний жана Камолот стипендияларынын ээси болуп жатат. Өкмөтүбүз илим-билим жана техника тармагында чоң жаңылыктарды ишке ашырган окумуштууларды да сыйлоо үчүн Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгын жарыялаган. Эч шексиз, кыска тарыхый мезгил ичинде Өзбекстан да илим-билимдин өнүгүүсүндө дүйнөнүн эң алдыңкы мамлекеттеринин бирине айланат. Мында болсо, албетте сенин эң жакшы бааларга окушуң өзгөчө мааниге ээ.

### Тарыхый инсан жана терминдердин мазмунун билип ал

**Альфред Нобель** – Швециялык ойлоп табуучу, дүйнөдө биринчи болуп динамитти (жардыруучу зат) ойлоп тапкан. Өлүмүнөн мурда байлыктары эсебинен эл аралык сыйлык жарыяланышын керээз кылган.

**Стипендия** – жогорку окуу жайларынын студенттерине белгиленген тартипте ар айда төлөп турулуучу акча.

**Илмий-техникалык революция** – илим-билим жана техника тармагындагы түпкү өзгөрүүлөр.

# ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН

1. *Каримов А.* «Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch». – T.: «O‘zbekiston» БПЧУ. 2008.

2. *Каримов А.* «Amir Temur – faxrimiz, g‘ururimiz». – T.: «O‘zbekiston» БПЧУ. 1998.

3. O‘zbekiston Respublikasi Konstitutsiyasi. – T.: «O‘zbekiston» БПЧУ. 2014.

4. *Иванин М.* «Икки буюк саркарда». – T.: «Fan» басмасы. 2000.

5. O‘zbekiston milliy ensiklopediyasi. – T.: «ЎзМЭ». 1–12-томдор. 2002–2005.

6. Өзбек тилини түшүндүрмө сөздүгү. – T.: «ӨзУЭ». 1–5-томдор. 2006–2007.

7. *Махкамов А.* Rasmlarda Vatan tarixi. – T.: «Cho‘lpon» басмасы. 1996.

8. «Балдардын укуктары жөнүндөгү эл аралык Конвенция. – T.: «Adolat» басмасы. 1991.

9. «O‘zbekiston Respublikasining davlat ramzlari to‘g‘risida»gi qonuni. – T.: «O‘zbekiston» БПЧУ. 2012.

10. *К. Ражабов* жана б. O‘zbekiston tarixining eng asosiy sanalari». – T.: «O‘zbekiston» БПЧУ. 2012.

11. *К. Ражабов* жана б. Jahon tarixining muhim sanalari. – T.: «Sharq» БПАК. 2011.

## МАЗМУНУ

Киришүү: Тарыхый эстутумсуз келечек жок......3

### I бөлүм. Тарых предмети эмнени үйрөтөт?

1-§. Тарыхый булактар......7
2-§. Календарлар тарыхынан......9
3-§. Тарыхта жыл эсеби......12
4-§. Дүйнө картасынын тарыхы......15

### II бөлүм. Эң байыркы доорлордо дүйнө элдери

5-§. Эң байыркы адамдар жана алардын турактары......19
6-§. Байыркы адамдардын жашоо мүнөзү......21
7-§. Археология тарыхынан......25

### III бөлүм. Кишилик маданиятынын калыптанышы

8-§. Аска таш сүрөттөрү......28
9-§. Жазуу — адамзаттын улуу ачылышы......31
10-§. Авесто» — ата-бабаларыбыз жараткан алгачкы жазма тарыхый булак......34
11-§. Музейлер......37

### IV бөлүм. Алгачкы цивилизациялар, шаарлар жана мамлекеттер

12-§. Европа жана Америкадагы алгачкы цивилизациялар......41
13-§. Байыркы шаарлардын пайда болушу......45
14-§. Дүйнөнүн байыркы мамлекеттери......48
15-§. Байыркы дүйнөнүн жети укмушу......51
16-§. Өзбекстандын аймагындагы байыркы мамлекеттер......54

### V бөлүм. Соода жана байланыш

17-§. Тыйындар — тарых күбөсү......58
18-§. Соода жолдору......60
19-§. Жаңы деңиз соода жолдорунун ачылышы......64
20-§. Өндүрүштүк техниканын пайда болушу......67
21-§. Транспорт каражаттарынын ойлоп табылышы......70
22-§. Байланыш каражаттарынын ойлоп табылышы......73

## VI бөлүм. Мекенибизде жана Европада илим-билимдин өнүгүшү

23-§. Мектеп – билим очогу..........78
24-§. Журтубуздун окумуштуулары..........82
25-§. Мырза Улукбек жана анын академиясы..........86
26-§. Журттун абаттыгы, адабият жана искусство..........89
27-§. Европада илим-билим ачылыштары..........93
28-§. Түркстан агартууну жактоочулары..........95

## VII бөлүм. Азаттык үчүн күрөшкөн каармандар

29-§. Тумарис жана Шырактын эрдиги..........99
30-§. Спитамендин эрдиги..........102
31-§. Арабдарга каршы элдин боштондук күрөшү..........105
32-§. Жалалиддин Мангуберди – элибиздин улуттук каарманы..........108
33-§. Жаангер Амир Темур..........112
34–35-§. Россия империясы жана Совет баскынчылыгы..........115

## VIII бөлүм. Өзбекстандын эң байыркы шаарлары, тарыхый эстеликтери

36-§. Өзбекстандын тарыхый шаарлары..........120
37-§. Өзбекстандын борбору – Ташкент 2200 жашта..........125
38–39-§. Өзбекстандын тарыхый архитектуралык эстеликтери..........129

## IX бөлүм. Адамзат тарыхындагы дүйнөлүк согуштар

40-§. Биринчи дүйнөлүк согуш..........134
41-§. Биринчи дүйнөлүк согуш жана Түркстан..........137
42-§. Экинчи дүйнөлүк согуш..........140
43-§. Гитлердик Германиянын үстүнөн жетишилген жеңишке Өзбекстандын кошкон салымы..........143

## X бөлүм. Дүйнөдө тынчтык, шериктештик жана достук

44-§. Бириккен улуттар уюму (БУУ)..........148
45-§. БУУ жана дүйнө балдары..........152

## XI бөлүм. Өзбекстан өз алдынча өнүгүү жолунда

46-§. Өзбекстандын эгемендүүлүгүнүн колго киргизилиши..........155
47-§. Өзбекстандын экономикасындагы ийгиликтер..........158
48-§. Руханий жана агартуу жаатындагы өнүгүү..........162
49-§. Өзбекстан жана дүйнө..........167

## XII бөлүм. Дүйнө элдери XXI кылымда

50–51-§. Дүйнөлүк коопсуздукка кол салуу..........171
52-§. XXI кылым – илим жана өнүгүү кылымы..........176
Пайдаланылган адабияттардын..........180

**Usmon Toshpo‘latovich JO‘RAYEV,**
**Qamar USMONOV,**
**Adham Yarashboyevich NURQULOV,**
**Gulira’no Usmonovna JO‘RAYEVA**

# TARIXDAN HIKOYALAR

***Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining***
***5-sinfi uchun darslik***

*(Qirg‘iz tilida)*

***2-nashri***

*Котормочу* ***Айнура Зулпихарова***

*Редактору* ***Гайратбек Токтобаев***
*Көркөм редактору* ***Жохонгир Бадалов***
*Техн. редактору* ***Елена Толочко***
*Корректору* ***Айнура Зулпихарова***
*Компьютерде даярдаган* ***Гүлбайра Ералиева***

Лицензия AI № 163. 09.11.2009. Басууга 2015-жыл 22-июнда уруксат этилди. Форматы $70 \times 90^1/_{16}$. Times KAZ гарнитурасы. Кегели 12. Офсеттик басма. Шарттуу басма табагы 13,75. Учёттук басма табагы 10,9. Тираж 873 нуска. Келишим № 42–2015. Буюртма № 15–272.

Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин Чолпон атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү. 100129, Ташкент, Навоий көчөсү, 30.
Телефон: (371) 244-10-45. Факс (371) 244-58-55.

Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин «O‘zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100129. Ташкент, Навоий көчөсү, 30.

**Жораев У.**
Ж 88 Тарыхтан аңгемелер. Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китеби. У. Жораев (жана б.) жооптуу редактор Ө. Мавлонов. – Т.: Cho‘lpon атындагы БПЧУ, 2015. – 184 бет.
ISBN 978-9943-05-742-5

**УЎК: 372.893=512.154(075)**
**КБК 63.3(5Кир)я72**

***Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал***

| № | **Окуучунун аты жана фамилия-сы** | **Окуу жылы** | **Окуу китебинин алган кездеги абалы** | **Класс жетекчиси-нин колу** | **Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы** | **Класс жетекчиси-нин колу** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

***Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлери боюнча толтурулат:***

| | |
|---|---|
| **Жаңы** | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| **Жакшы** | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| **Канааттанды-рарлуу** | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китеби негизги бөлүгүнөн бир аз ажыраган, пайдала-нуучу тарабынан канааттандырарлуу ремонттолгон. Кээ бир беттерине чийилген. |
| **Канааттанды-рарлуу эмес** | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же бүтүндөй жок, канааттандырарлуу эмес калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирип болбойт. |